**<u>Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы</u>**

# 2021-жылдын 1-январынын тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Борбордук Азиялык Жерди прикладдык изилдөө институтунда бюджеттик жана башка каражаттардын пайдаланылышына жүргүзүлгөн натыйжалуулук аудити жөнүндө отчет

**Бишкек - 2025-ж.**

## МАЗМУНУ

**1. ЖАЛПЫЛОО........................................................................................... 4**

1.1. Аудиттин темасы жөнүндө кыскача маалымат ................................... 3

1.2. Аудиттин максаты ..................................................................................3-4

**2. КИРИШҮҮ ...........................................................................................4-15**

2.1. Көгөйлөр боюнча жалпы жагдай.......................................................4-6

2.2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин илимди өнуктуруудөгу ролу ...........................................................................................6-7

2.3. Илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын ролу ...................8

2.4. Изилдене турган аудит субъектисин баяндоо.................................8-10

2.5. Каржылоо булактары ..............................................................10-15

**3. АУДИТКЕ КАРАТА МАМИЛЕ ЖАНА ЧӨЙРӨ ............................15-23**

3.1. Аудиттин темасы жана максаты......................................................... 15

3.2. Аудит жүргүзүү үчүн тандоонун себептери .................................15-16

3.3. Аудит суроолору ..................................................................................... 16

3.4. Аудиттин камтылышы (анын ичинде аудитордук топ)................16-17

3.5. Аудиттин критерийлери.....................................................................17-23

3.6. Аудиттин мамилеси жана ыкмасы ................................................... 23

3.7. Маалымат булактары.............................................................................. 23

**4. БАЙКООЛОР.......................................................................................23-81**

4.1. Байкоолор жана корутундулар ......................................................23-81

**5. СУНУШТАМАЛАР ............................................................................81-82**

**6. 1-тиркеме.........................................................................................83**

# 1. Жалпылоо

## *1.1. Аудит темасы жөнүндө кыскача маалымат*

Борбордук Азиялык Жерди прикладдык изилдөө институту (мындан ары – БАЖПИИ) Уставга жана каттоо документине ылайык, 2002-жылдын 29-октябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Германиянын Потсдам шаарындагы Жерди изилдөө борбору (GFZ) менен түзүлгөн Кооперативдик макулдашуунун негизинде жана “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзүлгөн. Уюштуруу – укуктук формасы - Коомдук фонд, менчиги – мамлекеттик. БАЖПИИни уюштуруучулар болуп, ар бир тарап 500,0 миң сом же 250,0 миң сом уюштуруу төгүмдөрү менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Германиянын Потсдам шаарындагы Жерди изилдөө борбору (GFZ) эсептелет.

БАЖПИИнин ишинин негизги максаты болуп, Жер жөнүндөгү илим чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдү өткөрүү жана колдоо эсептелет. Изилдөөнүн негизги милдеттерине төмөндөгүдөй чөйрөдөгү изилдөөлөр кирет:

-геодинамика жана геокатастрофалар;

-климат, суу ресурстары жана курчап турган чөйрөгө коркунуч;

- жаратылыш ресурстарын колдонуу жана сактоо маселелери.

## *1.2. Аудиттин максаты*

01.01.2021-жылдан 31.12.2024-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Борбордук Азиялык Жерди прикладдык изилдөө институтунун ишинин натыйжалуулугун баалоо.

Борбордук Азиялык Жерди прикладдык изилдөө институту.

**Аудиттин негиздери жана шарттары:**

– 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 04.12.2024-жылдагы № 06-1/759, 29.01.2025-жылдагы № 06-1/45, 07.03.2025-жылдагы № 06-1/114 буйруктары.

Аудит ИНТОСАИнин (ISSAI) аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлдү.

Берилген документтердин толуктугуна жана аныктагына карата жоопкерчиликти Борбордук Азиялык Жерди прикладдык изилдөө институту тартат.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 01.01.2017-жылдан 31.12.2020-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Борбордук Азиялык

Жерди прикладдык изилдөө институтунун бюджеттик каражаттарынын пайдаланылышына натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен шайкештик аудити жүргүзүлгөн. Анын жыйынтыгы боюнча 2022-жылдын 31-январында № 01-23/24 жазма буйрук жөнөтүлгөн.

Бүгүнкү күнү жазма буйруктун бардык беш пункту тең аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (КР УИА) Президенти К. Е. Абдрахматовдун Борбордук Азиялык Жерди прикладдык изилдөө институтун КР УИАга кошуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. Жапаровго кайрылуусу боюнча 2024-жылдын 23-майындагы № 01-4/604 каты алынган.

## 2. КИРИШҮҮ

### *2.1. Көйгөйлөр боюнча жалпы жагдай*

Учурда, республикада жер титирөө түрүндө жогорку сейсмикалык активдүүлүк процесстери байкалууда. Жогорку геодинамикалык активдүүлүк менен катар, тоо жерлеринде кар көчкүсү, жер көчксү жана тонгон кыртыштардын деформациясы түрүндө экзогендик процесстердин жогорку активдүүлүгү болууда. Жердин үстүнөн аккан суу процесстери менен мөңгү көлдөрүнүн жарылышы, суу ташкыны селдер, ал эми жер астындагы суулар менен жердин сазга айланышы, шордуу кыртыштардын пайда болушу менен байланыштуу.

Ошондуктан, көйгөйлөр жер титирөө тобокелдиктери, ошондой эле климтаттын өзгөрүүсү, суу ресурстарын сарамжалысыз пайдалануу менен байланыштуу.

Жер титирөө тобокелдиктерин азайтуу көйгөйлөрүн чечүү максатында, алынган жаңы маалыматтарды талдоонун жана иштөөнүн белгилүү мыйзам ченемдүүлүгүн тактоо жана практикалык колдонуу жана болжолдоо максаттары үчүн негизги процесстерди моделдөөнүн, изилдөө объекттерин өнүктүрүүнүн негизинде, аралыктагы ыкма менен кийин аныктоо аркылуу, анын жер үстүндөгү параметрлерине үзгүлтүксүз байкоонун, негизинде геосистеманы изилдөөгө карата тутумдуу мамилени колдонуу керек.

БАЖПИИде төмөндөгүдөй артыкчылыктуу төрт багытты аныктаган тиешелүү мезгилге карата илим изилдөө программаларына (мындан ары – ИИП) ылайык илим изилдөө иштери жүрөт:

- геодинамика жана гео тобокелдиктер; кооптуу геологиялык процесстерди жана алардын Кыргыз Республикасынын ар кайсы райондорунда пайда болушуна мониторинг жүргүзүү;
- климат, суу, мөңгүлөр; Кыргыз Республикасынын ар кайсы райондорундагы жана жарым-жартылай Тажикстан Республикасындагы

мөңгүлөрдүн, бийик тоолуу көлдөрдүн, аккан дарыяларды, жер астындагы суулардын климаттык өзгөрүүлөрүн изилдөө жана мониторинг жүргүзүү;

- прибордук геомониторинг тутумун, ИТ инфратүзүмүн түзүү жана колдоо, мониторинг тармагынын маалыматтарын иштеп чыгуу жана башкаруу, Кыргыз Республикасынын ар кайсы райондорунда жана жарым-жартылай Тажикстан Республикасында, Узбекистан Республикасында гео маалыматтарды түзүү жана колдоо;

-уюштуруучулук, коммуникациялык потенциалды жана илимий кызматташуунун күчөтүү. Окуу курстар жана коомчулук менен байланышуу түрүндө билим берүү.

Прикладдык изилдөөлөрдү өнүктүрүү, 2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүү жок дегенде 2 максаттарына жетүүгө жардам берет. Атап айтканда: 13-максат "Климаттын өзгөрүшү жана анын кесепеттери менен күрөшүү үчүн шашылыш чараларды көрүү" жана 15 максат "Кургак жердин эко тутумун коргоо жана калыбына келтирүү жана алардын, токойлордун рационалдуу пайдаланылышына жардам берүү, чөлгө айланууга каршы күрөшүү, жердин деградациялоо процессин токтотуу жана артка кайтышына көңүл буруу жана био ар түрдүүлүктү жоготуу процессин токтотуу".

**2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында** **"**Илим жана технологиялар өлкөнүн социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн, жаңы технологияларды өркүндөтүүнү жана киргизүүнү, табигый кыйроолорду болтурбоону жана экосистеманы сактоону, элдин тарыхын, социалдык жана саясий тенденцияларды изилдөөнү камсыз кылат" деп белгиленген.

Илимий иштин артыкчылыктары, өлкөнүн стратегиялык артыкчылыктарына жана инновацияларга болгон керектөөлөргө жараша болот. Изилдөө иши алынган жыйынтыктарды колдонуу, каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышын баалоо менен илимий-практикалык натыйжаларды алууга багытталган.

**2012-2022-жылдарга жана 2023-2034 жылдарга БАЖПИИни өнүктүрүү стратегиясында** институттун ишинин негизги багыттары жана максаттары белгиленген.

Изилдөө максаты болуп, Орто Азияда адамдын жашоо турмушуна таасир эткен жана гео чөйрөдө жүрүп жаткан процесстер эсептелет.

Институт изилдөөнүн артыкчылыктуу жактарын аныктады, алардын милдеттери эл аралык кызматташуунун жана потенциалды өнүктүрүүнүн негизинде алдыңкы илимий инфра түзүмдү камсыздоо менен, узак мөөнөттүү келечекте чечилиши керек.

Изилдөө чөйрөсү төмөндөгүлөрдү камтыйт:

а) глобалдуу жана регионалдык климаттык өзгөрүүлөр процессин жана алардын курчап турган чөйрөгө тийгизген таасирин изилдөө;

б) кооптуу жаратылыш процесстерине жана көрүнүштөрүнө мониторинг жүргүзүү, тобокелдиктерди баалоо, катастрофалардан начарлоону азайтуу, анын ичинен, эрте эскертүү ыкмаларын иштеп чыгуу;

в) суу жана жер ресурстары жаатындагы прикладдык көп тармактуу изилдөөлөр (мөңгүлөр, дарыялар, көлдөр, жер астындагы сууларды сактагыч ж.б.у.с.);
г) потенциалды өнүктүрүү, билим берүү, тренингдер жана коомчулук менен байланышуу.

**Бүгүнкү күнү БАЖПИИ ишинин көйгөйлүү негизги факторлору болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:**

- автордук күбөлүктөрдү жана патенттерди ж.б.у.с. саны, мамлекеттик органдар/кызыкдар тарабынан илимий изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу жана пайдалануу, илимий иштерди баалоо (мисалы, жыл ичинде даярдалган магистранттардын саны, жогорулатуу квалификациясынан өткөн кызматкерлердин саны, эл аралык таанылган журналдарга жыл ичиндеги жарыяланган макалалардын саны ж.б.у.с) индиктаторлордон, алынган жыйынтыктар менен күтүлгөн жыйынтыктарды үч жылдык мөөнөткө салыштырып талдоо боюнча илимий-изилдөө программалары жок;
- мамлекеттик/гранттык каражаттардын пайдаланышына ички контролдоо жана башкаруу, пландоо, мониторинг тутумундагы кемчиликтер;
- документ жүгүртүүдөгү (аткарылган иштер жөнүндө актылардын, Техникалык тапшырмалардын/контракттардын аткарылышы жөнүндө аралык жана финансылык отчеттордун, айрым сервистик/консультациялык иштер боюнча чыгымдар сметасынын жоктугу) кемчиликтер;
- мамлекеттик органдар менен координациялык иштер, илимий изилдөө иштерин жүргүзүүдө БАЖПИИ менен өз ара аракеттенишүү боюнча кеңейтүүнү талап кылат;
- бардык эле кызыкдар тараптар илимий изилдөө жыйынтыктарын колдоно бербейт;
- мамлекет тарабынан БАЖПИИ каржылоонун жетишсиздиги;
- квалификациялуу адистердин жумуштан кетиши;
- гранттарды/техникалык жардамдарды (сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруу боюнча, каражаттарды пайдалануу боюнча товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну жүргүзүү боюнча саясат жана жол-жоболор) ишке ашыруу боюнча ички ченемдик документтердин жоктугу;
- долбоорлордун өкүлчүлүк чыгымдарынын сметалары жана бекитүү боюнча буйруктары жок.

### *2.2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин илимди өнүктүрүүдөгү ролу*

"Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-бренесинин 6-пунктуна ылайык, **илим жана илимий-техникалык иш жаатындагы мамлекеттик саясат** - мамлекеттин илимий жана илимий-техникалык ишке

карата мамилесин туюндурган, мамлекеттин илим, илимий-техникалык иш жана илимий-техникалык маалымат жаатындагы максаттарын, багыттарын, принциптерин, формаларын жана методдорун аныктаган мамлекеттин социалдык-экономикалык саясатынын курамдык бөлүгү.

"Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин компетенциясына төмөндөгүлөр кирет:

- илимий, илимий-техникалык, илимий-инновациялык жана илимий-маалыматтык иш чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды бекитет;
- илимий жана илимий-техникалык уюмдардын ишине дем берүүчү уюштуруучулук, экономикалык жана укуктук механизмдерди түзөт;

илимий жана илимий-техникалык чөйрөдө кызматташуу жөнүндө өкмөттөр аралык макулдашууларды, келишимдерди түзөт, эл аралык илимий-техникалык кызматташтык чөйрөсүндөгү илимий жана илимий-техникалык уюмдардын ишин координациялайт;

- илимий жана илимий-техникалык потенциалды калыптандыруу жана натыйжалуу пайдалануу үчүн социалдык-экономикалык, уюштуруучулук, укуктук шарттарды камсыз кылат;
- илимий изилдөөлөрдү, илимий-техникалык программаларды жана долбоорлорду каржылайт, ошондой эле бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышын контролдойт;
- фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттары боюнча ресурстардын концентрациясын камсыз кылат;
- улуттук илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларды түзүү;
- көз карандысыз илимий жана илимий-техникалык экспертизаны өткөрүүнүн эрежелерин жана уюштуруунун тартибин, алардын түзүмүн аныктайт;
- илимий жана илимий-техникалык ишти базалык, программалык-максаттуу жана гранттык каржылоону ишке ашыруунун тартибин аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-сентябрындагы 598-т тескемеси менен, илимий изилдөөлөрдүн тизмеси бекитилген, ал жерде Кыргыз Республикасында 2024-2028-жылдарга илимди, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп, климаттын өзгөрүшү, экология, жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу жана жашыл каржылоо эсептелет.

### *2.3. Илимий чөйрөдө ыйгарым укуктуу органдын – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ролу*

"Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-бренесинин 25-пунктчасына ылайык, **илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу**

**мамлекеттик орган** - илим жана илимий-техникалык иш жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияны жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган.

"Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине ылайык, ыйгарым укуктуу органдын компетенциясына төмөндөгүлөр кирет:

- илимий, илимий-техникалык, илимий-маалымат жана илимий-инновациялык иш чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүү жана жүзөгө ашыруу, илим, илимий-техникалык, илимий-маалыматтык жана илимий-инновациялык иш жаатында тармактар аралык координациялоону жүзөгө ашыруу;
- мамлекеттик тапшырыктын алкагында мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программалардын жана фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн долбоорлорунун тизмегин түзүү;
- илим, илимий-техникалык, илимий маалыматтык жана илимий-инновациялык иш чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бекитүүгө киргизүү;
- мамлекеттик тапшырыктын алкагында ишке ашырылуучу илимий, илимий-техникалык программалардын жана фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн долбоорлорунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баа берүү;
- илимий жана илимий-техникалык уюмдардын ишинин натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баа берүү;
- илимий, илимий-техникалык программалар жана фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн долбоорлору боюнча маалыматтар банкын түзүү;
- илимий-техникалык уюмдарды мамлекеттик аттестациялоодон/аккредитациялоодон өткөрүүнүн тартибин аныктоо.

## *2.4. Изилдене турган аудит субъектисин баяндоо*

БАЖПИИнин Уставынын 7-параграфына ылайык, башкаруу органдары болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- Уюштуруу Кеңеши;
- Байкоочу Кеңеш;
- Дирекорат;
- Консультациялык комиссия;
- Институттун Кеңеши.

**Уюштуруу Кеңешинин курамына төмөндөгүлөр кирет:**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы;
- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги;
- GFZ Potsdam илимий башкаруу төрагасы;
- GFZ Potsdam административдик башкаруу төрагасы.

**Байкоочу Кеңештин мүчөлөрү болуп төмөндөгүлөр эсептелет:**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министри;

- ➢ Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри;
- ➢ Кыргыз Республикасынын Германия Федеративдик Республикасындагы ыйгарым укуктуу элчиси;
- ➢ Кыргызстан Эл аралык университетинин камкордук Кеңешинин төрагасы, академик А.А. Айдаралиев;
- ➢ GFZ Potsdam илимий башкаруу төрагасы;
- ➢ GFZ Potsdam административдик башкаруу төрагасы;
- ➢ Германия Федеративдик Республикасыннын Кыргыз Республикасындагы ыйгарым укуктуу элчиси.

БАЖПИИнин аткаруучу органы болуп ар бир Тараптан уюштуруучулары сунуш кылган эки директордон турган Директорат эсептелет. Директораттын мүчөлөрү Уюштуруучулар Кеңеши тарабынан дайындалат жана бошотулат. Институтту эки директор түздөн түз жетектейт: кыргыз тараптан - геология-минералогия илимдеринин кандидаты Б. Молдобеков жана немец тарабынан – д-р О. Бенс.

Консультациялык комиссия консультация берүүчү орган болуп эсептелет, ал изилдөө жана өнүгүү жаатында Директоратка жана байкоочу Кеңешке консультация берет.

Институттун Кеңеши принципалдык мааниге ээ болгон илимий жана техникалык маселелер боюнча Директоратка консультация берет.

Институттун Кеңеши 10 мүчөдөн турат.

БАЖПИИнин түзүмү Директораттан, администрациядан жана 4 илимий бөлүмдөн турат:

- № 1 бөлүм – “Геодинамика жана гео тобокелдиктер”;
- № 2 бөлүм – “Климат, суу жана геоэкология”;
- № 3 бөлүм –“Мониторинг жүргүзүү жана маалыматты башкаруу тутуму”;
- № 4 бөлүм – “Потенциалды жана илимий кызматташууну өнүктүрүү”.

БАЖПИИ өзүнүн ишин Байкоочу Кеңеш 2019-жылдын 30-сентябрында бекиткен 84 дам санындагы штаттык жүгүртмөгө жана эмгек акы категориясына ылайык жүргүзөт.

2021-жылдын 31-декабрына карата кызматкерлердин факты жүзүндөгү штаттык саны пландагы 63 бирдиктин алдында 55 бирдикти түзгөн.

2022-жылдын 31-декабрына карата кызматкерлердин факты жүзүндөгү штаттык саны пландагы 64 бирдиктин алдында 55 бирдикти түзгөн.

2023-жылдын 31-декабрына карата кызматкерлердин факты жүзүндөгү штаттык саны пландагы 66 бирдиктин алдында 53 бирдикти түзгөн.

2024-жылдын 31-декабрына карата кызматкерлердин факты жүзүндөгү штаттык саны пландагы 65 бирдиктин алдында 59 бирдикти түзгөн.

01.01.2021-жылдан 31.12.2024-жылга чейинки мезгил аралыгында БАЖПИИ кызматкерлерин жумушка алуу жана бошотуу төмөндө берилген:




БАЖПИИнин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана илимий бөлүмдөрүнүн штаттык жүгүртмөсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы № 434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" жана 2022-жылдын 1-августундагы № 433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомдору менен бекитилген кызматтарга ылайык түзүлгөн.

## *2.5. Каржылоо булактары*

БАЖПИИни каржылоо булактары болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- Республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттик каражаттар;
- Гранттык жардам GFZ, Германия;
- Эл аралык финансылык уюмдардан (мындан ары –ЭФУ) жана донор өлөлөрдөн гранттык жардам;
- Сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган каражаттар.

**Республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттик каражаттар**

"Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен 14 335,50 миң сом каралган. Тактaлган бюджет - 14 335,50 миң сомду, кассалык чыгымдар - 13 703,2 миң сомду түзгөн, же аткаруу 95,6 %. "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын

Мыйзамына ылайык, конкурстун жыйынтыктары боюнча «Нак-Строй» ЖЧКсы менен 18 999,5 миң сомго 11.09.2017-жылы № 3 Келишим жана Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү 73/2 дареги боюнча БАЖПИИнин "Б" лабораториясын капиталдык оңдоо иштерине 3 822,2 миң сом суммасында 14.11.2018-жылы № 4 Кошумча келишим түзүлгөн. Келишимдин жалпы суммасы 22 821,7 миң сомду түзгөн. Капиталдык оңдоо иштери аягына чыгарылган жана 25.12.2018-жылдагы аткарылган иштердин актысына ылайык пайдаланууга берилген.

«Нак-Строй» ЖЧКсынын алдындагы карызды төлөө үчүн, 2019-2020-жылдары республикалык бюджетке 311 "Имараттар жана курулмалар" беренеси боюнча каражаттар салынган эмес, буга байланыштуу, 1 570,8 миң сом суммасында кредиттик карыз пайда болгон.

1 714,8 карызды төлөө жөнүндө 07.09.2021-жылы Ленин райондук сотунун № ГД- 3401/21Б1 чечими чыккан, анын ичинен: негизги карыз - 1 570,8 миң сом, туум - 143,9 миң сом.

Жана ошондой эле, сот өкүлүнө төлөө боюнча чыгымдар - 30,0 миң сом жана мамлекеттик алым – 44,2 миң сом.

2021-жылдын ноябрында республикалык бюджеттин каражаттарынан карыздын 415,3 миң сом өлчөмүндөгү бөлүгү төлөнгөн.

2021-жылдын декабрында сот аткаруучусунун мажбурлоо чечими менен, жаратылыш прооцесстерине мониторинг жүргүзүү тармагын тейлөөгө БАЖПИИ немец тең уюштуруучулары тарабынан жыл сайын бөлүнгөн каражаттардан Кыргыз инвестициялык-кредиттик банк аркылуу карыздын калган 1 299,5 миң сом суммасын «Нак-Строй» ЖЧКсынын эсебине чегерген.

31.12.2021-жылдагы абал боюнча Келишимге жана Ленин райондук сотунун чечимине ылайык, «Нак-Строй» ЖЧКсы ага тиешелүү бардык суммаларды толугу менен алган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2022-жылы карыздын 500,0 миң сом суммасындагы бир бөлүгүн жана 2023-жылы калган 655,5 миң сом суммасын чегерген.

"Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, БАЖПИИни күтүүгө жана ишин камсыздоого 14 335,50 миң сом каралган, 24 646,7 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 16 677,0 миң сомду же аткаруу 67,7 %ды түзгөн. Факты жүзүндөгү чыгымдар 16 147,3 миң сомду түзгөн, бул болсо, капиталдык оңдоо иштери боюнча 529,8 миң сом (500,0 миң сом) суммасындагы кредиттик карызды төлөө жана (29,8 миң сом) суммасында коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө менен түшүндүрүлөт.

"Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, БАЖПИИни күтүүгө жана ишин камсыздоого 14 613,4 миң сом каралган, 27 703,2 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 27 371,8 миң сомду же аткаруу 98,8 %ды түзгөн. Факты жүзүндөгү чыгымдар 26 547,2 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдардан четтөө 824,6 миң сомду түзгөн, бул

болсо, капиталдык оңдоо иштери боюнча 655,5 миң сом суммасындагы кредиттик карызды төлөө жана 169,1 миң сом суммасында коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө менен түшүндүрүлөт. Амортизациялоо боюнча чыгымдар 433,5 миң сомду түзгөн.

"Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, БАЖПИИни күтүүгө жана ишин камсыздоого 27 703,2 миң сом каралган, 27 703,2 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар **27 703,2** миң сомду же аткаруу 100 %ды түзгөн. Факты жүзүндөгү чыгымдар 27 935,6 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдардан четтөө 232,4 миң сомду түзгөн, бул болсо, аткаруу барагы боюнча 1,4 миң сомго ашык төлөө жана 233,8 миң сом суммасындагы амортизацияны чегерүү менен түшүндүрүлөт.

**Бардыгы: 85 455,2 миң сом.**

**GFZ, Германиядан гранттык жардам**

2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгына карата төмөндөгүлөр алынган:

2021-жылы – 140,0 миң евро же 13 956,3 миң сом;
2022-жылы – 140,0 миң евро же 11 468,2 миң сом;
2023-жылы – 140,0 миң евро же 13 594,1 миң сом;
2024-жылы - 146,5 миң евро же 13 643,3 миң сом.

**Бардыгы: 52 661,9 миң сом (566,5 миң евро).**

**Эл аралык финансылык уюмдардан жана донор өлкөлөрдөн гранттык жардам**

2021-жылдан 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата төмөндөгүлөр алынган:

2021-жылы – 2 997,4 миң сом;
2022-жылы - 5 507,7 миң сом;
2023-жылы – 25 039,7 миң сом;
2024-жылы – 10 976,3 миң сом.

**Бардыгы: 44 521,1 миң сом.**

**Сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган каражаттар**

2021-жылдан 2024-жылга чейин төмөндөгүдөй каражаттар алынган:

2021-жылы – 9 199,2 миң сом;
2022-жылы – 5 805,1 миң сом;
2023-жылы – 1 927,7 миң сом;
2024-жылы – 16 739,5 миң сом.

**Бардыгы: 33 671,5 миң сом.**

Ошентип, 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында БАЖПИИге бардык каржылоо булактарынан **216 309,7 миң сом суммасындагы** каражаттар келип түшкөн.

**БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттары" фондун түзүү**

2021-жылдын 28-августунда БАЖПИИнин Уюштуруучулар Кеңешинин 5-отурумунда убактылуу же ишти жана долбоорлорду жетишсиз же убактылуу каржылоо/кошо каржылоо учурунда БАЖПИИни өнүктүрүүнүн жеке каражаттарын түзүү аркылуу институттун ишин үзгүлтүксүз каржылоо механизмин бекитүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

БАЖПИИни өнүктүрүүнүн бул каражаттары ЭФУ жана донор өлкөлөрү каржылаган, аягына чыгарылган долбоорлор боюнча каражаттардын калдыктарынан түзүлгөн.

Уюштуруучулар Кеңешинин "БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттары" боюнча жогоруда көрсөтүлгөн отурумунда төмөндөгүдөй чыгымдарга аларды пайдалануу боюнча сунуштар иштелип чыккан жана бекитилген:

- БАЖПИИнин инфра түзүмдөрүн өнүктүрүүгө (илимий жабдуулар, транспорттук каражаттар, курулуш иштери, илимий полигондорду түзүү);
- БАЖПИИнин стипендиялык программасын каржылоого (чет өлкөдө БАЖПИИнин кызматкерлерин окутуу, БАЖПИИге адистерди чакыруу) жана илимий конференцияларга катышууга;
- Күтүлбөгөн жагдайларды каржылоого (мисалы, вертолетко жана кыйынчылык менен жетүүчү райондордон экспедиция мүчөлөрүн эвакуациялоо үчүн жана башка чыгымдар);
- Мыкты илимий-изилдөө иштери үчүн БАЖПИИнин сый акыларын жана кошуп төлөөлөрүн каржылоого.

Ошондой эле, бул отурумда Байкоочу Кеңешке жана Уюштуруучулар Кеңешине "БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттарын" колдонуу боюнча жазуу жүзүндөгү отчетту жыл сайын берүү өтүнүчү Директоратка билдирилген.

БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттары 31-декабрга карата төмөндөгүдөй түзүлгөн:

(миң сом)

| БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттары | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|---|
| Отчеттук жылдын 1-январына карата каржылоо калдыгы | 12 444,2 | 10 718,6 | 9 948,5 | 8 791,9 |
| Каражаттардын келип түшүүсү | | | | 1 548,3 |
| Курстук айырманы эске алуу менен келтирилген чыгымдардын өлчөмүндө каржылоону жабуу | (1 725,5) | (770,1) | (1 156,5) | (2 319,5) |
| Отчеттук жылдын 31-декабрына карата каржылоо калдыгы | 10 718,6 | 9 948,5 | 8 791,9 | 8 020,7 |

"БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттары" түзүмү 2021-2024-жылдардын 31-декабрына карата төмөндөгүдөй берилген:

(миң сом)

| "БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттары" түзүмү | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|---|
| Кассадагы жана банктагы акча каражаттары | 2 347,9 | 1 405,9 | 3 732,2 | 3 761,1 |
| Берилген ички долбоордук зайымдар боюнча дебитордук карыз | | 6 714,3 | 5 337,0 | 4 711,9 |
| Аванс менен төлөнгөн жеке киреше салыгы | | | -0.048 | 0 |
| Аванс менен төлөнгөн камсыздандыруу төгүмдөрү | 1,4 | | | 0 |
| Контрактты аткаруу кепилдиги боюнча башка дебитордук карыз | 5 666,0 | | | 0 |
| Көмөкчү материалдардын корлору | 5,0 | | | 115,4 |
| Берилген авансалар | 1 383,8 | 1 002,6 | | 3,05 |
| Негизги каражаттардын балапстык наркы | 1 256,8 | 791,6 | 347,3 | 74,8 |
| Материалдык эмес активдердин балапстык наркы | 63,4 | 42,3 | 21,1 | 0 |
| Ички добоордук зайымдар боюнча алынган кредиттик карыз | | -5,4 | -642,9 | -642,9 |
| Кызмат көрсөтүүлөргө төлөө эсептери боюнча кредиттик карыз | 0,007 | | | - 2.3 |
| Төлөөгө карата салыктар | -5,8 | -2,8 | -2,9 | - 0,404 |
| Отчет берүүчү суммалар боюнча кызматкерлердин жана директорлордун кредиттик карызы | -0,03 | | | |
| **БАРДЫГЫ:** | **10 718,7** | **9 948,5** | **8 791,9** | **8 020,7** |

БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттары долбоорлорду кошо каржылоо жана ишти убактылуу же жетишсиз каржылоо учурунда колдонулат.

Төмөндө 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралгына карата "БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттары" түзүмүнүн чыгымдары берилген.

(миң сом)

| Чыгымдар | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|---|
| Эмгек акы боюнча чыгымдар (материалдык жардам) | 492,20 | 7,00 | 20,00 | 200,60 |
| Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча чыгымдар | 83,20 | 1,20 | 0,00 | 34,60 |
| Китептерди сатып алуу | | 5,10 | 0,00 | |
| Чийки затка жана материалдарга чыгымдар | | | | 90,60 |
| Кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө боюнча чыгымдар | 149,5 | 5,70 | 30,90 | 981,60 |
| Өкүлчүлүк чыгымдары | 9,50 | 0,00 | 0,00 | |
| Башка салыктар боюнча чыгымдар | 2,90 | 2,50 | 2,50 | |
| Коммуналдык кызматтар боюнча чыгымдар | | 10,00 | 220,00 | |
| Эл аралык командировкалык чыгымдар | 39,7 | 0,00 | 214,70 | 595,60 |
| Жергиликтүү командировкалык чыгымдар | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 58,60 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Негизги каражаттарды амортизациялоо боюнча чыгымдар | 502,0 | 486,30 | 465,50 | 293,60 |
| Башкы жалпы жана административдик чыгымдар | 18,10 | 0,00 | 80,70 | 28,10 |
| Бюджетке айып пулдар, туумдар, үстөк айыптар | | | | 5,03 |
| Операциялык курстардын айырмасынан чыгымдар | 22,50 | | | 31,10 |
| Башк операциялык эмес чыгымдар | | 284,10 | 218,30 | |
| Курстук айырмадан чыгымдар | 405,90 | 510,00 | -96,10 | |
| **Бардыгы** | **1 725,5** | **1 311,9** | **1 156,50** | **2 319,43** |

2021-2024-жылдардын декабрына карата “БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттары” боюнча активдердин жүгүртүлүшү төмөндөгүдөй берилген:

(миң сом)

| Активдердин аталышы | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. | 2024-ж. |
|---|---|---|---|---|
| **Негизги каражаттар** | | | | |
| Кезектеги жылдын 1-январына карата негизги каражаттардын баланстык наркы | 1 737,6 | 1 256,8 | 791,6 | 347,3 |
| Кезектеги жылга амортизация | -480,8 | -465,2 | -444,3 | -272,5 |
| негизги каражаттардын баланстык наркы | 1 256,8 | 791,6 | 347,3 | 74,8 |
| **Материалдык эмес активдер** | | | | |
| Кезектеги жылдын 1-январына карата материалдык эмес активдердин баланстык наркы | 84,5 | 63,4 | 42,3 | 21,1 |
| Кезектеги жылга амортизация чегерилген | -21,1 | -21,1 | -21,1 | - 21,1 |
| Кезектеги жылдын 31-декабрына карата материалдык эмес активдердин баланстык наркы | 63,4 | 42,2 | 21,1 | 0 |

# 3. АУДИТКЕ КАРАТА МАМИЛЕ ЖАНА ЧӨЙРӨ

## *3.1. Аудиттин темасы жана максаты*

Темасы: 01.01.2021-жылдан 31.12.2024-жыга чейинки мезгил аралыгына карата Борбордук Азиялык Жерди прикладдык изилдөө институтунда бюджеттик жана башка каражаттардын пайдаланылышынын натыйжалуулугу.

Аудиттин негизги максаты: БАЖПИИнин ишин баалоо.

## *3.2. Аудит жүргүзүү үчүн тандоо себептери*

Болгон көйгөйлөрдү талкуулоонун жүрүшүндө изилдөө тематикасын тандоонун төмөндөгүдөй критерийлери алдын ала иштелип чыкты:

а) бул тема боюнча натыйжалуулук аудити жүргүзүлгөн эмес, бул тематика изилденбеген болуп эсептелет;
б) 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасынын улуттук өнүктүрүү стратегиясынын артыкчылыгы болуп, илим, технология жана изилдөө иштери эсептелет, ал алынган жыйынтыктарды колдонуу, каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышын баалоо менен, илимий-практикалык жыйынтыктарды алууга багытталган;
в) аудитордук топ, илимий-изилдөө ишин, ошондой эле административдик жана финансылык менеджментти жүзөгө ашырууда чечимдерди кабыл алуу процессинин сапаты жогорулары күтүлүүдө.

### *3.3. Аудиттин суроолору*

- БАЖПИИнин түзүмү, штаттык жүгүртмөсү, кызматтык маяналары бекитилген ченемдик-укуктук актыларга туура келеби?
- БАЖПИИ кайсы булактардан каржыланат?
- Илимий-изилдөө долбоорлору алардын бекитилген программасына туура келеби?
- Кайсы илимий макалалар/монографиялар/иштер илимий журналдарда/ жыйнактарда/окуу куралдарында ж.б.у.с. жарыяланган?
- КР, ГФР жана чет элдик, өзгөчө Борбордук Азиялык жана Европалык мекемелер менен кызматташуу жөнүндө канча келишим/макулдашуу/ контракт түзүлгөн?
- Илим жаатында БАЖПИИ ишин координациялоо бөлүгүндө кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенишүү болобу?
- БАЖПИИнин илимий потенциалы кандай?
- Ишке ашырылган долбоорлор боюнча максаттарга жетишилгенби?

### *3.4. Аудиттин камтылышы (анын ичинен аудитордук топ)*

Аудит үчүн тандоого кирген БАЖПИИнин объекттеринин тизмеси:

- БАЖПИИ - Бишкек шаары.

Аудит чөйрөсү болуп, БАЖПИИнин ишинин натыйжалуулугун баалоо эсептелет. Аудитордук топ бул максатта төмөндөгүлөрдү аткарышы керек:

- Каралган темада, операцияларды талап кылган көлөмдө жана аудит мөөнөтүндө жалпы жагдайды баалоо;
- Изилденген мезгил аралыгында тутум кандай иштеп жаткандыгын аныктоо;
- Негизги тобокелдиктерге контролдоо кандай жүргүзүлгөндүгүн аныктоо жана контролдоонун натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүү;

- ➢ Контролдоо каражаттар натыйжалуу иштеп жаткандыгына тастыктоону алуу;
- ➢ Аудит субъектисинин жетекчилигине зарыл сунуштамаларды сунуш кылуу.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору П. С. Батировдун жетекчилиги менен, төмөндөгү аудитордук топ тарабынан жүргүзүлгөн:

- Ч.И. Ибраимова – мамлекеттик инспектор - топтун жетекчиси;
- И.Э. Исаков – мамлекеттик инспектор.

Аудит мөөнөтү: 01.01.2021-жылдан 31.12.2024-жылга чейин.

Аудит жүргүзүү мөөнөтү: 10.03.2025-жылдан 20.05.2025-жылга чейин.

### *3.5. Аудит критерийлери*

➢ 2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүү максаттары: 13-максат «Климаттын өзгөрүшү жана анын кесепеттери боюнча күрөшүүнүн шашылыш чараларын кабыл алуу, 15-максат «Кургактыктагы экосистеманы калыбына келтирүү жана сактоо жана аларды сарамжалдуу пайдаланууга көмөктөшүү, токойлорду сарамжалдуу пайдалануу, чөлгө айланып калуу менен күрөшүү, жердин деградация процессин артка кайтаруу жана биоартүрдүүлүктүн жоголуу процессин токтотуу».

➢ **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген Уюштуруу келишими:**

- БАЖПИИнин негизги максат болуп, Жер жөнүндө илим чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана колдоо болуп эсептелет;
- **Уюштуруу келишиминин 2-параграфынын 2-пункту:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жыл сайын БАЖПИИге бекитилген бюджеттин алкагында жана Уставга ылайык, финансылык каражаттарды бөлөт, ошону менен узак мөөнөттүү ишти камсыз кылат;
- **2-параграфынын 6-пункту:** уюштуруучулар БАЖПИИнин базасында биринчи кезекте Борбордук Азия регионунан окумуштуулардын квалификациясын жогорулатуу курсун уюштурат жана өткөрөт;
- **2-параграфынын 7-пункту:** Уюштуруучулар эки тараптуу жана көп кырдуу негизде эл аралык уюмдар жана мамлекеттик органдар, коммерциялык ишканалар, юридикалык жана жеке жактар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде алынган

каражаттарды, ошондой эле илимий өндүрүштүк, илимий билим берүү, басмакана жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка иштерден түшкөн каражаттарды БАЖПИИге тартууга активдүү аракет кылышат**;**

- **7-параграфынын 3-пункту:** БАЖПИИ менен GFZ БАЖПИИнин ишинин алкагында пайда болгон жыйынтыктарды жарыялоо жөнүндө келишимге келишет. Эреже катары, жыйынтыктар биргелешип жарыяланышы керек. Өзүнчө жарыяланган учурда БАЖПИИ менен GFZ башка тараптын кызыкчылыгынын мыйзамга укуктуулугун эске алат. Башка тараптын жыйынтыктарын жарыялоо алдын ала макулдашылышы керек. Жарыялангандарга иш биргелешип аткарылгандыгын жөнүндө шилтеме берүү зарыл.

- БАЖПИИ менен GFZ ушул Келишимдин 3, 7-параграфынын 2 жана 3-абзацтарында, ошондой эле 8-параграфта кабыл алынган чечимдерди аткаруу менен, Кызматташуу жөнүндө келишим түзүлөт”.

➢ **Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Потсдам шаарынын Жерди изилдөө борборунун (ГФР)** ортосунда 2002-жылдын 29-октябрында түзүлгөн Кооперативдик макулдашуу:

- **1-пункт - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Потсдам шаарынын Жерди изилдөө борборунун (ГФР)** ортосунда түзүлгөн Кооперативдик макулдашуунун жалпы жоболору**:** иштин негизги багыттары болуп, геодинамика жана геокатастрофалар; климат, суу, геоэкология; ресурстарды колдонуу жана коргоо; био ар түрдүүлүк; техникалык инфра түзүмдөр жана маалыматтарды башкаруу; билим берүү, тренинг жана илимий кызматташуу;

- Немец тарабынан өнөктөш болуп, Потсдам шаарынын Жерди изилдөө борбору жана Юстус Либиг атындагы Гиссен университетинин Эларалык өнүгүү жана экология борбору эсептелет.

➢ **2012-2022-жылдарга жана 2023-2034-жылдарга БАЖПИИни өнүктүрүү стратегиясы:** өнүгүү потенциалынын бекем компонентин камтуу менен, эл аралык кызматташууга негизделген алдыңкы илимий мониторинг инфра түзүмү менен камсыздоо аркылуу узак мөөнөттүү келечекте милдеттердин, изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу чөйрөлөрү. Изилдөө жана жумушчу чөйрөсү төмөндөгүлөрдү камтыйт:

а) глобалдуу жана регионалдык өзгөрүү процесстерин жана алардын курчап турган чөйрөгө таасирин изилдөө;

б) кооптуу жаратылыш процесстерине жана көрүнүштөргө (көптөгөн кооптуу жагдайларга карата комплекстүү мамиле) мониторинг жана баалоо жүргүзүү, эрте кабарлоо технологияларын иштеп чыгуу жана негиздөөнү, мульти тобокелдиктерди баалоону камтуу менен, жаратылыш катастрофаларынын тобокелдигин азайтуу;

в) геодинамика жана геокатастрофа, мөңгүлөрдү, дарыяларды, көлдөрдү, суу сактагычтарды, жер алдындагы сууларды изилдөөнү камтуу менен, суу жана жер ресурстары чөйрөсүндө прикладдык мультидисциплинардык изилдөө;

г) потенциалды, билим берүүнү, тренингди жана коомчулук менен байланышты өнүктүрүү.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген БАЖПИИнин Уставы.

**БАЖПИИнин Уставынын 2-параграфынын 1-пункту**

БАЖПИИнин негизги максаты болуп Жер жөнүндөгү чөйрөнү изилдөөлөрдү жүргүзүү жана колдоо эсептелет.

**БАЖПИИнин Уставынын 2-параграфынын 2-пункту**

(2) БАЖПИИ изилдөөчүлөргө техникалык инфраструктураны жана маалыматтарды иштеп чыгуу мүмкүндүгүн берет. Ошондой эле окумуштуулардын билимин жана квалификациясын өркүндөтөт.

**БАЖПИИнин Уставынын 2-параграфынын 3-4-пункттары – БАЖПИИнин максаты жана милдеттери:**

(3) БАЖПИИ алдына коюлган максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу үчүн иш-аракеттердин төмөндөгүдөй түрүн жүзөгө ашырат:

- Кыргыз Республикасынын, Германия Федеративдик Республикасынын мекемелери, чет өлкөлүк мекемелер жана келишим түзүү жолу аркылуу өзгөчө борбордук-азиялык мекемелер менен кызматташуу;

- изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жарыялоо;

- коюлган максаттарга ылайык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген иш аракеттердин башка түрлөрүн жүргүзүү.

(4) БАЖПИИ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген тынчтык максаттарды гана көздөйт.

**БАЖПИИнин Уставынын 3-параграфынын 1, 2, 3-пункттары:**

(1) БАЖПИИ "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-статьясына ылайык экинчи

параграфта көрсөтүлгөн коммерциялык эмес максаттарды көздөйт. Жер жөнүндөгү илимдер жаатында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана колдоо илимий изилдөөлөрдү аткарууга заказдар аркылуу жетишилүүгө тийиш.

(2) Уставдык максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн БАЖПИИ ак ниет иш жүргүзөт, БАЖПИИ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чарбалык эсептеги ишти жүргүзө алат. Анын каражаттары Уставга ылайык келген максаттар үчүн гана колдонулушу мүмкүн. Эч бир жак ченемсиз жогору сыйлыктар менен сыйлана албайт.

(3) Мүмкүн болгон кирешелер ушул Уставдын экинчи параграфында баяндалган милдеттер үчүн гана колдонулушу мүмкүн. Уюштуруучулар пайда албайт, ошондой эле уюштуруучулар болуп туруп БАЖПИИнин каражаттарынан башка пособиелерди да албайт.

**БАЖПИИнин Уставынын 10-параграфынын 1-пункту:**

Байкоочу кеңеш, байкоочу орган болуп туруп, фонддун ишин жүргүзүүнүн укуктуулугун, максатка ылайыктуулугун жана үнөмдүүлүгүн контролдойт жана уюштуруучулар кеңешине сунуштарын берет. Ал, Кеңеш берүүчү комиссиянын корутундусун эске алуу менен БАЖПИИнин жалпы илимий-изилдөө максаттары жана маанилүү илимий жана финансы маселелери боюнча чечим кабыл алат. Директораттын сунушу боюнча штаттык жүгүртмөнү бекитет. Байкоочу кеңеш илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын баалоо принциптери жөнүндө чечимдерди кабыл алат.

**БАЖПИИнин Уставынын 10-параграфынын 2-пункту:**

Байкоочу кеңеш Кеңеш берүүчү комиссиясынын сунушу бар БАЖПИИнин илимий-изилдөө программалары жөнүндө улуттук жана эл аралык мекемелер менен пландуу биргелешкен иштерди камтуу менен чечим кабыл алат. Байкоочу кеңеш Директорат берген Кеңеш берүүчү комиссиянын баасы бар илимий жылдык отчетту кабыл алат жана Уюштуруучулар кеңешине сунуш берет.

**БАЖПИИнин Уставынын 10-параграфынын 3-пункту:**

Байкоочу кеңештин алдын ала макулдугуна муктаж болот: б) директорлор, бөлүм жетекчилери жана администрация жетекчилери сунуштаган адамдарды кызматка дайындоо жана бошотуу (15-параграф, 2-пункт).

**БАЖПИИнин Уставынын 13-параграфынын 1-пункту:**

Кеңеш берүүчү комиссия, кеңеш берүүчү орган катары Байкоочу кеңешке жана Директоратка изилдөөнүн жана өнүктүрүүнүн бардык жаатында кеңеш берет. Кеңеш берүү айрыкча:

а) изилдөө программаларына жана өнүктүрүү боюнча программаларга;

б) жыйынтыктарды баалооого;
в) улуттук жана эл аралык мекемелер менен кызматташууга;

**БАЖПИИнин Уставынын 15-параграфы – Директораттын милдеттери:**

(2) Директораттын милдеттерине төмөндөгүлөр кирет:
- илимий-изилдөө программаларын иштеп чыгуу, алардын аткарылышы үчүн жоопкерчилик жана жыйынтыктарды баалоо;
- БАЖПИИнин кызматкерлерин кабыл алуу жана бошотуу боюнча Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык контракттарды жана эмгек келишимдерин түзүү;
- бөлүм башчыларын жана администрация жетекчисин 5 жылдык мөөнөткө дайындоо;
- жылдын бюджеттик долбоорун жана финансылык сметаны бир нече жылга түзүү;
- келишимдерди түзүү, ишеним каттарды берүү, банктарда эсептик жана башка эсептерди ачуу.

**БАЖПИИнин Уставынын 18-параграфы:**

БАЖПИИнин Директоратынан кийин бөлүмдөрдүн жетекчилери башкарган бөлүмдөргө, ошондой эле башында администрация жетекчиси турган администрацияга бөлүнөт.

- “Эмгек акы жөнүндө” жобонун 3-пункту: кызматкерлердин кызматтык маяналары БАЖПИИнин Байкоочу Кеңешинин чечими менен бекитилген, 21.08.2006-жылдагы №1 протокол.
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” **жана** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдору менен бекитилген.
- **2023-жылдын 8-авустундагы № 170 “Илим жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

12-берененин 4-пункту “Илимий кызматкерлер 5 жылда бирден кем эмес жолу аттестациядан өтүшөт. Илимий кызматкерлерди аттестациялоодон өткөрүүнүн тартиби илимий жана илимий-техникалык уюм тарабынан өз алдынча аныкталат”.

19-берененин 1-пункту “Илимий, илимий-техникалык, илимий-маалымат жана илимий-инновациялык иш чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүү жана жүзөгө ашыруу, илим, илимий-техникалык, илимий-маалыматтык жана илимий-инновациялык иш жаатында тармактар аралык координациялоону жүзөгө ашыруу”.

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-сентябрындагы № 511 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик илимий жана илимий-техникалык уюмдар жөнүндө типтүү жобонун” 7-пункту “ Илимий уюмдардын иши илим чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурларда жана тартипте аттестациядан/аккредитациядан өтүүгө тийиш.”

- **1999-жылдын 15-октябрындагы № 111 “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

12-берене. Коммерциялык эмес уюмдун иши. Коммерциялык эмес уюм мыйзам тарабынан тыюу салынбаган, уюмдун уставында аныкталган максаттарга жана милдеттерге, программалык документтерге жана башка актыларга каршы келбеген иштин ар кандай түрлөрүн иштөөгө укуктуу. Коммерциялык эмес уюм өндүрүштүк ишти чарбалык, анын ичинде табылган пайданы уюштуруучулардын, мүчөлөрдүн, кызмат адамдарынын, жана башкаруу органдарынын башка кызматкерлеринин мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрбөстөн иштөөгө укуктуу. Мындай иш, эгерде алар уюмдун максаттарына жана милдеттерине каршы келбесе, товарларды өндүрүү жана сатып өткөрүү, сыйлык акы алуу менен жумуштарды аткаруу, кызматтарды көрсөтүү жана ишкерчилик иштин башка түрлөрүн камтышы мүмкүн.

**2016-жылдын 16-майындагы № 60 Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси**

105-берененин 6-пунктунун 1-4-пунктчалары. Бирдиктүү казыналык эсеп.

6. Бюджеттик мекемелер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атайын уруксатысыз коммерциялык банктарда эсептерди ачууга укуксуз.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөнкү учурларда бюджеттик мекемелерге коммерциялык банктарда эсептерди ачууга уруксат берүүгө укуктуу:

1) грант берүүчүлөрдүн коммерциялык банктарда жеке (валюталык) эсебинин болушу жөнүндө шартта бюджеттик мекемелер гранттарды, демөөрчүлүк жана чет элдик демөөрчүлөрдөн гуманитардык жардам алган;

2) эл аралык каржы институттары же башка чет элдик ишканалар тарабынан бекер каржыланган биргелешкен илимий-изилдөө программасына бюджеттик мекемелер катышкан.

3) чет элдик инвесторлор/инвесторлор алдындагы келишим мамилелерин (аккредитив ж.б.) аткаруу алкагында аларды андан ары чегерүү максатында, бюджеттик мекемелердин каражаттарын убактылуу жайгаштыруу;

4) мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга келишимди аткаруунун кепилдик камсыздоо түрүндө келип түшкөн акча каражаттарын топтоо жана башкаруу.

“Кыргыз Республикасынын 2021-жылга жана 2022-2023-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга жана 2023-2024-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдары.

### *3.6. Аудит мамилеси жана ыкмасы*

Аудит ыкмасы: колдогу маалыматтарды жана аудит субъектисинин ишинин жыйынтыктарын талдоо, кызыкдар тараптар менен интервью, инспектирлөө.

Аудит мамилеси: Тутумдуу багытталган мамиле.

### *3.7. Маалыматтардын булактары*

- Аудит тобу тарабынан алынган маалыматтар;
- Аудит субъектисинен алынган маалыматтар;
- Үчүнчү жактан алынган маалыматтар.

## **4.** БАЙКООЛОР

### *4.1. Байкоолор жана корутундулар*

| **Байкоолор** | **Корутундулар** |
|---|---|
| **1.1. БАЖПИИнин түзүмү ченемдик-укуктук актыларга ылайык келеби?** | **Корутунду:**<br>**1**. Түзүм БАЖПИИнин бекитилген ченемдик- |

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген Уставдын 18-параграфына ылайык:<br>“БАЖПИИнин Директоратынан кийин бөлүмдөрдүн жетекчилери башкарган бөлүмдөргө, ошондой эле башында администрация жетекчиси турган администрацияга бөлүнөт”.<br>Уставдын 15-параграфынын 2-пунктуна ылайык:<br>“Директораттын милдеттерине бөлүм башчыларын жана администрация жетекчисин 5 жылдык мөөнөткө дайындоо кирет”.<br><br>**БАЖПИИнин түзүмү Директораттан Адаминситрациядан жана 4 бөлүмдөн турат.**<br>Директорат эки тең директордон турат. Институтту түздөн түз эки тең директор жетектейт: кыргыз тараптан – к.г-м.н. Б. Молдобеков, немец тарабынан – д-р О. Бенс.<br>Администрация жетекчилерден жана 31.12.2024-жылга карата 12 штаттык бирдиктен, 31.12.2024-жылга карата 13 штаттык бирдиктен турат (31.12.2023-жылы – 13 штаттык бирдик, 31.12.2022-жылы – 12 штаттык бирдик, 31.12.2021-жылы – 11 штаттык бирдик).<br>БАЖПИИиде төмөндөгүдөй бөлүмдөр бар:<br>№ 1 бөлүм «Геодинамика жана гео тобокелдиктер»,<br>№ 2 бөлүм «Климат, суу жана жаратылыш ресурстары»,<br>№ 3 бөлүм «Маалыматты башкаруу жана мониторинг жүргүзүү»,<br>№ 4 бөлүм «Потенциалды өнүктүрүү жана илимий кызматташтык».<br>Кыргыз тараптан Байкоочу Кеңештин мүчөлөрүнүн кворумунун жоктугу көйгөйүн белгилей кетүү керек. Алсак, видео конференция режиминде өткөн 2022-жылдын 12-декабрындагы Фондду уюштуруу Кеңешинин 15-отурумунда Байкоочу Кеңештин төрагасы С. Шварце төмөндөгүлөрдү белгилеген: 14-отурумдун күн тартибинин 6-9-пункттары кыргыз тараптан Байкоочу Кеңештин мүчөлөрүнүн кворумунун жоктугунан улам кабыл алынган эмес, буга байланыштуу, күн тартиби маселелери боюнча чечимдер жазуу жүзүндө кат алышуу аркылуу алынган. Немец тараптан Байкоочу Кеңештин боло турган отурумдарына бардык мүчөлөрдүн катышуусу, | укуктук актыларына ылайык келет.<br>**2.** Кыргыз тараптан Байкоочу Кеңештин мүчөлөрүнүн кворумунун жоктугу көйгөйү белгиленген, бул болсо, маселелерди чечүүнү создуктурууга алып келүүдө. |

| | |
|---|---|
| же болбосо, Байкоочу Кеңештин башка мүчөсүнө жазуу жүзүндө өзүнүн добушун берүү жөнүндө өтүнүч билдирилген, анткени, маселелерди чечүү создугууда. | |
| **1.1.2. Штаттык жүгүртмө БАЖПИИнин бекитилген ченемдик-укуктук документтерине ылайык келеби?**<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген Уставдын 10-параграфынын 1-пунктуна ылайык: "Байкоочу Кеңеши Дирекоттаттын сунушу боюнча штаттык жүгүртмөнү бекитет".<br>Уставдын 10-параграфынын 3 б) -пунктуна ылайык:<br>"Байкоочу кеңештин алдын ала макулдугу менен керектелет: бөлүмдөрдүн жетекчилерин жана администрация жетекчилерин (Параграф 15, 2-пункт) дайындоо жана бошотуу".<br>БАЖПИИнин штаттык жүгүртмөсү Байкоочу Кеңештин жыл сайынкы отурумдарында 22.08.2006-жылы № 1, 26.09.2007-жылдагы № 2 жана 30.09.2019-жылы № 12 чечимдери менен бекитилген.<br>Байкоочу Кеңештин 11-отурумунда илимий даражасы жок 2 илимий кызматкерди ИТ жана инженер-программист адиси кылып, штаттык кайрадан түзүү менен, БАЖПИИнин 2-корпусун ишке киргизүүгө байланыштуу эмгек акы фондун көбөйтөстөн туруп, штаттык жүгүртмөгө өзгөртүү киргизилген.<br>БАЖПИИнин 84 штаттык бирдиктен турган жаңыртылган штаттык жүгүртмөсү Байкоочу Кеңештин отурумунун 30.09.2019-жылдагы чечими менен жактырылган.<br>2021-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча кызматкерлердин факты жүзүндөгү саны пландагы 63 бирдик алдында 55 бирдикти түзгөн. Мында, 8 бош кызмат орду калган. 10 жылдын аралыгында № 1 бөлүмдүн жетекчи кызматы 2015-жылдан бери бош кызмат орду катары кала берүүдө.<br>Директораттын чечиминин негизинде 2012-жылдын 17-декабрындагы Эмгек келишимине 2024-жылдын 2-сентябрында өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген жана № 1 бөлүмдүн жетекчиси кызматына дайындалганга чейин 2024-жылдын 2-сентябрынан тартып № 1 "Геодинамика жана гео тобокелдиктер" бөлүмүнүн жетекчисинин милдетин аткаруучу катары ишке кабыл алуу жөнүндө. | **Корутундулар:**<br>**1.** Аудиттин жүрүшүндө Байкоочу Кеңештин уруксаты жок туруп, тең директордун 23.04.2021-жылдагы № 40-Л буйругу менен, № 2 «Климат, суу жана жаратылыш ресурстары» бөлүмүнүн кенже кызматкери штаттык бирдиги улук илимий кызматкер штаттык бирдиги болуп кайрадан түзүлгөндүгү аныкталган.<br>**2.** 10 жылдын аралыгында "Геодинамика жана гео тобокелдиктер" бөлүмүнүн жетекчи кызматы 2015-жылдан бери бош кызмат орду катары кала берүүдө.<br><br>Уставдын 10-параграфынын 3 б) -пунктуна ылайык: "Байкоочу кеңештин алдын ала макулдугу менен керектелет: бөлүмдөрдүн жетекчилерин жана администрация жетекчилерин дайындоо жана бошотуу".<br>Бүгүнкү күнү бөлүмдүн жетекчиси кылып У.А. Абдыбачаевти дайындоо жөнүндө Байкоочу Кеңештин чечими жок. |

| | |
|---|---|
| Уставдын 10-параграфынын 3 б) -пунктуна ылайык: “Байкоочу кеңештин алдын ала макулдугу менен керектелет: бөлүмдөрдүн жетекчилерин жана администрация жетекчилерин (Параграф 15, 2-пункт) дайындоо жана бошотуу” деп жазылган. Бирок, бүгүнкү күнү бөлүмдүн жетекчиси кылып У.А. Абдыбачаевти дайындоо жөнүндө Байкоочу Кеңештин чечими жок.<br>2022-жылы факты жүзүндөгү штаттык сан пландагы 64 бирдиктин алдында 55 бирдикти түзгөн, мында, 9 кызмат бош кызмат орду бойдон калган.<br>2023-жылы факты жүзүндөгү штаттык сан пландагы 66 бирдиктин алдында 53 бирдикти түзгөн, мында, 13 кызмат бош кызмат орду бойдон калган.<br>2024-жылы факты жүзүндөгү штаттык сан пландагы 65 бирдиктин алдында 59 бирдикти түзгөн, мында, 6 кызмат бош кызмат орду бойдон калган.<br>2021-2024-жылдар мезгил аралыгында БАЖПИИ тарабынан 42 кызматкер ишке кабыл алынган, анын ичинен, 2021-жылы – 3 адам, 2022-жылы – 13 адам, 2023-жылы – 23 адам жана 2024-жылы – 3 адам.<br>2021-2024-жылдар мезгил аралыгында 48 кызматкер иштен бошонгон, анын ичинен, 2021-жылы – 15 адам, 2022-жылы – 14 адам, 2023-жылы – 13 адам жана 2024-жылы – 6 адам.<br>2021-жылы тең директор 23.04.2021-жылдагы № 40-Л буйругу менен, № 2 «Климат, суу жана жаратылыш ресурстары» бөлүмүнүн кенже кызматкери штаттык бирдиги улук илимий кызматкер штаттык бирдиги болуп кайрадан түзүлгөндүгүн белгилей кетүү керек.<br>Аралыктан иштөө тартиби менен сынак өткөрүлбөстөн Россия Федерациясынын жараны тең директордун 2023-жылдын 14-апрелиндеги №31/1-Л буйругу менен 2023-жылдын 1-майынан тартып №3 «Мониторинг системалары жана маалыматтык менеджмент» кафедрасына инженер-программист кызматына кабыл алынган. Эмгек келишими 2023-жылдын 1-майында эки тең директор тарабынан түзүлгөн.<br>Бирок, конкурс өткөрүлгөн эмес.<br>Ошондой эле, 2023-жылдын 1-сентябрындагы № 88/4-Л буйругу менен Кыргыз-Славян университетинин 3-курсунун студенти №3 «Мониторинг системалары жана маалыматтарды башкаруу» бөлүмүнө инженер-программист кызматына 0,5 ставка менен кабыл | **3**. Инженер-программист кызматына сынак өткөрүлбөстөн эки кызматкер кабыл алынган (Квалификациялык талаптарда так илимдер тармагына ишке кабыл алуу тууралуу жогорку билимге болгон талап көрсөтүлгөн, ага карабастан № 3 бөлүмгө жогорку билими жок кызматкер алынган). |

| | |
|---|---|
| алынган. Эмгек келишимине 2023-жылдын 1-сентябрында эки тең директор колдорун коюшкан. 2023-жылдын 21-ноябрындагы № 122-Л буйругу менен, 2023-жылдын 1-декабрынан баштап штаттык кызматка которулган.<br>Бирок бул кызматка атаандаштык болгон эмес. Ошондой эле, квалификациялык талаптарда сынактын катышуучусу так илимдер тармагында жогорку билимге ээ болушу керек экенин белгилейбиз. | |
| **1.1.3. Кызматтык маяналар БАЖПИИнин бекитилген ченемдик-укуктук актыларына ылайык келеби?**<br>БАЖПИИнин кызматкерлеринин кызматтык маяналары төмөндөгүлөргө ылайык бекитилген:<br>- БАЖПИИнин Байкоочу Кеңешинин 1-отурумунун чечими менен бекитилген, 2006-жылдын 22-августундагы "БАЖПИИнин кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө" Жобого;<br>- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги № 197 токтомуна;<br>- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы № 433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомдоруна жана № 434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" **.**<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги № 197 токтомунун мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде иштеген кызматкерлердин кызматтык маяналары белгиленген 1-тиркемесине БАЖПИИ жогоруда көрсөтүлгөн тизмеге киргизилбегендигин, аудит белгилейт. Демек, 2021-жылдан тартып 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына чейин БАЖПИИ кызматкерлеринин кызматтык маяналары **18 129,4 миң сомго** мыйзамдык колдоосу жок бекитилген (эмгек акы - 15 817,6 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр - 2 311,8 миң сом). | **Корутундулар:**<br>1. Кызматкерлердин кызматтык маяналары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги № 197 токтомуна ылайык бекитилген. Бирок, БАЖПИИ бул токтомдун 1-тиркесинин тизмесине кирген эмес, ал жерде кызматтык маяналар белгиленген.<br>Ошентип, 2021-жылдан тартып 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгына чейин БАЖПИИ кызматкерлеринин кызматтык маяналары **18 129,4 миң сомго** мыйзамдык колдоосу жок бекитилген (эмгек акы - 15 817,6 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр - 2 311,8 миң сом).<br>**2.** 2022-жылдын 1-августунан тартып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 433 жана № 434 токтомдору кабыл |

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы № 433 жана № 434 токтомдору менен, кызматкерлердин кызматтык маяналарынын минималдуу базалык коюму жана кызматтык маяналарга эселөө коэффиценттери бекитилген.<br>Аудиттин жүрүшүндө, 2021-жылы тең директордун 2021-жылдын 4-январындагы № 1/9 - А "БАЖПИИ кызматкерлеринин кызматтык маяналарын азайтуу жана штаттык жүгүртмөнү бекитүү жөнүндө" буйругу менен, кызматкерлеринин кызматтык маяналары 10 %га азайтылган (1 084,5 миң сом) (БАЖПИИ кызматкерлеринин оозеки түшүндүрмөсү боюнча башка керектөөлөргө акча каражаттарынын жетишестигинен улам).<br>Бирок, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-пунктунун 27-пунктчасына ылайык, "Эмгек акы, Социалдык фондго төгүмдөр биринчи кезектеги чыгымдарга кирет жана кыскартууга жатпайт" "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдардга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-пунктуна ылайык, "биринчи кезекте корголгон беренелер (эмгек акы, Социалдык фондго төгүмдөр) боюнча чыгымдарды каржылоо жүргүзүлөт".<br>БАЖПИИ кызматкерлеринин эмгек акылары республикалык бюджеттен гана эмес, түзүлгөн сервистик/консультациялык келишимдер/контракттар боюнча келип түшкөн каражаттардан гана эмес, донор өлкөлөр жана эл аралык финансылык институттар каржыланган долбоорлордон, ошондой эле "БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттарынан" (кошуп төлөөлөр жана материалдык жардам) да каржыланаарын, аудит белгилейт.<br>Эмгек акыларды каржылоонун ар кандай булактарын, ошондой эле бир нече долбоорлорду/контракттарды ишке ашырууга кызматкерлердин катышуусун эске алуу менен, аларга катышкан ар бир кызматкерлердин конкреттүү салымын эске алуу менен, бир нече долбоорлордо иштегендиги үчүн дифференцирленген кошуп төлөөнүн белгилөө менен, "Эмгек акы жөнүндө" жобону иштеп чыгуу зарыл деп эсептейбиз. Бюджеттик кодекстин ачыктык принцибин колдонуу | алынган, ал жерде БАЖПИИ № 23 тиркемеге киргизилген.<br>Бул токтомдор менен кызматкерлердин кызматтык маяналарынын минималдуу базалык коюму жана кызматтык маяналарга эселөө коэффиценттери бекитилген.<br>**3.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-пунктунун 27-пунктчасын жана "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдардга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, кызматкерлеринин кызматтык маяналары 10 %га азайтылган (1 084,5 миң сом).<br>**4.** БАЖПИИ кызматкерлеринин эмгек акылары республикалык бюджеттен гана эмес, түзүлгөн сервистик/консультация лык келишимдер/контракттар боюнча келип түшкөн каражаттардан гана эмес, донор өлкөлөр жана эл |

| | |
|---|---|
| максатында, каржылоонун бардык булактарынын конкреттүү долбоорду көрсөтүү менен, эмгек акы боюнча чыгымдардын жалпы суммасын бекитүүнү сунуш кылабыз.<br>Ошентип, БАЖПИИнин кызматтык маяналарын карап чыгып, 2021-жылы жана 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы чыгымдардан сырткары, алар бекитилген ченемдик-укуктук актыларга ылайык келет деп констатциялоого болот. | аралык финансылык институттар каржыланган долбоорлордон, ошондой эле “БАЖПИИни өнүктүрүү каражаттарынан” (кошуп төлөөлөр жана материалдык жардам) да каржыланат.<br>**5.** Эмгек акы ар кандай булактардан каржыланаарын эске алуу менен, аларга катышкан ар бир кызматкерлердин конкреттүү салымын эске алуу менен, бир нече долбоорлордо иштелгендиги үчүн дифференцирленген кошуп төлөөнүн белгилөө менен, “Эмгек акы жөнүндө” жобону иштелип чыгышы керек.<br>**6.** Бюджеттик кодекстин ачыктык принцибин колдонуу максатында, каржылоонун бардык булактарынын конкреттүү долбоорду көрсөтүү менен, эмгек акы боюнча чыгымдардын жалпы суммасын бекитүүнү сунуш кылабыз. |
| **1.2. Илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттары БАЖПИИнин бекитилген ченемдик-укуктук актыларына ылайык келеби?**<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Германиянын Потсдам шаарындагы Жерди изилдөө борбору (GFZ) менен түзүлгөн Кооперативдик макулдашуунун 1-пунктунда иштин негизги багыттары болуп, төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн: | **Корутунду:**<br>1. Кооперативдик макулдашуу менен БАЖПИИнин Уставынын ортосунда илимий изилдөөлөр багытарын жүргүзүү бөлүгүндө дал |

| | |
|---|---|
| • Геодинамика жана геокатастрофалар;<br>• Климат, суу жана геоэкология;<br>• Ресурстарды, **био ар түрдүүлүктү** колдонуу жана коргоо;<br>• Техникалык инфра түзүмдөр жана маалыматтарды башкаруу;<br>• Билим берүү, тренинг жана илимий кызматташуу.<br>**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген БАЖПИИнин Уставынын 2-параграфынын 1-пунктунда**: "БАЖПИИнин негизги максаты болуп, илимдер тармагында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана колдоо болуп эсептелет", деп көрсөтүлгөн.<br>БАЖПИИнин негизги максатына төмөнкү тармактардагы изилдөөлөр кирет:<br>- теодинамика жана геокатастрофалар;<br>- климат, суу ресурстары жана айлана чөйрөгө коркунуч;<br>- жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана коргоо маселелери.<br><br>**2012-2022-жылдарга жана 2023-2034-жылдарга БАЖПИИни өнүктүрүү стратегиясында** институттун максаты жана негизги багыттары белгиленген.<br>**Изилдөөлөрдүн негизги максаты болуп,** Борбордук Азияда адамдын жашоосуна таасирин тийгизген геочөйрөдө болуп жаткан процесстер эсептелет.<br>Институт эл аралык кызматташуунун жана потенциалды өнүктүрүүнүн негизинде алдыңкы илимий инфра түзүмдөрдү камсыздоо менен, милдеттери узак мөөнөттүү келечекте чечиле турган изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу тармактарын белгилеген.<br>Изилдөө тармактары төмөндөгүлөрдү камтыйт:<br>а) глобалдуу жана регионалдык климаттык өзгөрүү процсстерин жана алардын курчап турган чөйрөгө таасирин изилдөө;<br>б) кооптуу жаратылыш процесстерине жана көрүнүштөрүнө мониторинг жана мульти тобокелдиктерди, катастрофалардан алардын | келбестиктер аныкталган, атап айтканда: "ресурстарды пайдалануу жана коргоо, био ар түрдүүлүк". |

| | |
|---|---|
| байланышынынын азайтылышын, анын ичинен эрте эскертүү ыкмаларын иштеп чыгууну баалоо;<br>в) суу жана жер ресурстары (мөңгүлөр, дарыялар, көлдөр, жер астындагы сууларды сактоочу жайлар ж.б.у.с.) жаатында прикладдык мультидисциплинардык изилдөөлөр;<br>г) потенциалды өнүктүрүү, билим берүү, тренингдер жана коомчулук менен байланышуу.<br>Ошентип, Кооперативдик макулдашуу менен БАЖПИИнин Уставынын ортосунда илимий изилдөөлөр багыттарын жүргүзүү бөлүгүндө дал келбестиктер аныкталган. | |
| **1.3. БАЖПИИнин иши бекитилген ченемдик укуктук актыларга ылайык келеби?**<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720: токтому менен бекитилген Уюштуруу келишиминин 2 параграфынын 6-пунктуна ылайык, "БАЖПИИнин базасында уюштуруучулар окумуштуулардын квалификацияларын жогорулатуу курстарын уюштурат жана өткөрөт, биринчи кезекте Борбордук Азия регионунан".<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720: токтому менен бекитилген БАЖПИИнин Уставынын 2-параграфынын 2-пунктуна ылайык, "БАЖПИИ изилдөөчүлөргө техникалык инфраструктураны жана маалыматтарды иштеп чыгуу мүмкүндүгүн берет. Ошондой эле окумуштуулардын билимин жана квалификациясын өркүндөтөт".<br>БАЖПИИнин билим берүү иши "Поенциалды өнүктүрүү жана илмий кызматташтык" бөлүмү боюнча негизинен, 4.1. "Эл аралык потенциалды жогорулатуу, илимий-библиографиялык өнүктүрүү" темасында илимий изилдөө программасынын алкагында каралган жана көрсөтүлгөн ченемдик документтерге ылайык ишке ашырылат.<br>Институт өзүнүн ишинин алкагында төмөндөгүлөрдүн өкүлдөрү үчүн семинарларды жана тренингдерди уюштурат:<br>- илимий уюмдар, алар: Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, Кыргыз ирригация илимий-изилдөө институту, Суу көйгөйлөрү жана гидроэнергетика институту, Геология институту, Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институту, Борбордук Азия университети ж.б.; | **Корутунду:**<br>**1**. БАЖПИИнин билим берүү иши Уюштуруу келишиминин 2 параграфынын 6-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген БАЖПИИнин Уставынын 2-параграфынын 2-пунктуна ылайык жүргүзүлөт.<br>**2.** 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында БАЖПИИнин 10 кызматкери Европа жана Азия, Германия, Швейцария, Япония, Кытай жана башка өлкөлөрдүн алдыңкы университеттеринде жана илимий борборлорунда квалификациясын жогорулатуудан өтүшкөн. |

| | |
|---|---|
| - университеттердин окутуучуларына: Ж. Баласагын атындагы КМУ, И. Раззаков атындагы КМТУ, АУЦА, Кыргыз агрардык университет, КРСУ жана Өзбек улуттук университетти камтуу менен;<br>- министрликтердин жана ведомстволордун өкүлдөрүнө; КР ӨКМ, Кыргызгидромет, Суу ресурстары, айыл чарбасы жана кайра иштеп чыгуучу өнөр жайы министрлиги. Саламаттык сактоо министрлиги ж.б.<br>Тренингдер жана семинарлар CAWA (2021-жыл), ISOK (2022-жыл), GLOFCA (2023-жыл), НАП (2023-2024-жылдары), GEF (2024-жыл) долбоорлорунун алкагында өткөрүлгөн.<br>БАЖПИИ тренингдердин катышуучулары жана изилдөөчүлөр колдонуу үчүн, ачык жеткиликтүү түрдө SDSS маалыматтарын берет.<br>2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында БАЖПИИнин 10 кызматкери Европа жана Азия, Германия, Швейцария, Япония, Кытай жана башка өлкөлөрдүн алдыңкы университеттеринде жана илимий борборлорунда квалификациясын жогорулатуудан өтүшкөн.<br>БАЖПИИни каттоо жөнүндө Юстиция министрлигинин № 21388-3300-ОФ күбөлүгүндө уюштуруу-укуктук формасы – Коомдук фонд болуп көрсөтүлгөндүгүн аудит белгилейт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-сентябрындагы № 511 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик илимий жана илимий-техникалык уюмдар жөнүндө типтүү жобого ылайык, мамлекеттик илимий жана илимий-техникалык уюмдар уюштуруу-укуктук формасында **мекеме** болуп түзүлөт.<br>Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин күбөлүгүндө иштин түрү “ГКЭД 94.12.0 коду менен кесиптик коомдук уюмдардын иш-аракети” деп көрсөтүлгөн. Бул класс алардын мүчөлөрүнүн кызыкчылыктары негизинен, конкреттүү илимий тартипке, кесипкөй практикага же техникалык чөйрөгө багытталган коомдук уюмдардын (ассоциациялардын) ишин камтыйт. Бул жерге жазуучулар, сүрөтчүлөр, актёрлор, журналисттер бирлиги сыяктуу илим жана маданият чөйрөсүндөгү адистердин ассоциациясынын иши кирет. Алардын ишинин негизги түрлөрү | **3.** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин күбөлүгүндө иштин түрү № 21388-3300-КФ. “ГКЭД 94.12.0. коду менен кесиптик коомдук уюмдардын иш-аракети” деп көрсөтүлгөн, бул илимий коомдун ишин камтыбайт. |

| | |
|---|---|
| төмөндөгүлөрдү камтыйт: маалыматтарды жайылтуу, практикалык иште баалоо критерийлерин белгилөө жана алардын сакталышын контролдоо, мамлекеттик мекемелердеги өкүлчүлүк жана коомчулук менен байланышуу. Бул класс илимий коомдун ишин да камтыйт. Бирок бул класс **бул уюмдар (ассоциациялар) тарабынан жүргүзүлгөн билим берүү чөйрөсүндө** ишти камтыбайт. ***Демек,*** БАЖПИИнин негизги иши ГКЭД **72.19.0 “Илимий изилдөө жана иштеп чыгуу”** катары көрсөтүлүшү керек эле. Бул бөлүм илимий изилдөөлөр жана иштеп чыгуулардын үч түрүн камтыйт:<br>- фундаменталдык изилдөө: берилген фактыларды конкреттүү колдонбостон же пайдаланбастан жана көрүнүштөрдүн негизинде турган принциптер жөнүндө жаңы билим алуу максатында, баарыдан мурда көрүлгөн эксперименталдуу же теоретикалык иштер;<br>- прикладдык изилдөөлөр: оригиналдуу изилдөөлөр; баарынан мурда конкреттүү практикалык милдеттерди аткарууга же конкреттүү практикалык максаттарга жетүүгө багытталган жаңы билимди алуу максатында жүргүзүлөт;<br>- эксперименталдуу иштеп чыгуулар: жаңы технологиялык процесстерди, тутумдарды жана кызматтарды жайылтуу, колдогу продукцияларды же түзүлүштү жакшыртууга багытталган изилдөөлөрдүн жана/же практикалык тажрыйбанын натыйжасында алынган билимге негизделген иштер. | |
| **2.1. БАЖПИИ кайсы булактардан каржыланат?**<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген Уставдын 4-параграфынын 3-пунктуна ылайык, БЖПИИни каржылоо булактары болуп төмөндөгүлөр эсептелет:<br>- бюджеттик каражаттар;<br>- бюджеттен сырткаркы каражаттар;<br>- эл аралык уюмдар жана мамлекеттик органдар, коммерциялык ишканалар, юридикалык жана жеке жактар менен эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдерди түзүүнүн негизинде белгиленген тартипте алынган каражаттар; | **Корутундулар:**<br>**1.** БАЖПИИни каржылоонун негизги булактары болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:<br>- 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында республикалык бюджеттен **85 455,2 миң сом** суммасындагы каражаттар каржыланган;<br>- 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил |

| | |
|---|---|
| - илимий-өндүрүштүк, илимий-билим берүүчү, чарбалык келишимден, басма жана башка иштерден түшкөн каражаттар;<br>- ыктыярдуу мүчөлүк акылар жана жеке жана юридикалык жактардан түшкөн кайрымдуулук каражаттар;<br>- эл аралык уюмдардын гранттары жана кредиттери;<br>- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.<br>Уюштуруу келишиминин 2-параграфынын 2-пунктуна ылайык, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитилген бюджеттин алкагында жана Уставга ылайык, ошону менен бирге узак мөөнөттүү ишти камсыздоо менен БЖПИИге жыл сайын акча каражаттарын бөлөт”.<br>Уюштуруу келишиминин 2-параграфынын 7-пунктуна ылайык, “Уюштуруучулар эки тараптуу жана көп кырдуу негизде эл аралык уюмдар жана мамлекеттик органдар, коммерциялык ишканалар, юридикалык жана жеке жактар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде алынган каражаттарды, ошондой эле илимий өндүрүштүк, илимий билим берүү, басмакана жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка иштерден түшкөн каражаттарды БАЖПИИге тартууга активдүү аракет кылышат**”.**<br>**Уставдын 2-параграфынын 1, 2, 3-пункттарына ылайык:**<br>(1) БАЖПИИ "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-статьясына ылайык экинчи параграфта көрсөтүлгөн коммерциялык эмес максаттарды көздөйт. Жер жөнүндөгү илимдер жаатында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана колдоо илимий изилдөөлөрдү аткарууга заказдар аркылуу жетишилүүгө тийиш.<br>(2) Уставдык максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн БАЖПИИ ак ниет иш жүргүзөт, БАЖПИИ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чарбалык эсептеги ишти жүргүзө алат. Анын каражаттары Уставга ылайык келген максаттар үчүн гана колдонулушу мүмкүн. Эч бир жак ченемсиз жогору сыйлыктар менен сыйлана албайт. | аралыгында GFZ ден гранттык жардам **52 661,9 миң сом** суммасында каржыланган;<br>-2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында эл аралык финансылык уюмдар же донор өлкөлөрдөн **44 521,1 миң сом суммасында** гранттык каражаттар каржыланган;<br>- 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында сервистик/консультация-лык кызмат көрсөтүүлөрдөн **33 671,5 миң сом** суммасындагы каражаттар түшкөн. Ошентип, 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында жогоруда көрсөтүлгөн каржылоо булактарынан эсебинен БАЖПИИ жалпы **216 309,7 миң сом** суммасындагы каражаттарды алган. |

| | |
|---|---|
| (3) Мүмкүн болгон кирешелер ушул Уставдын экинчи параграфында баяндалган милдеттер үчүн гана колдонулушу мүмкүн. Уюштуруучулар пайда албайт, ошондой эле уюштуруучулар болуп туруп БАЖПИИнин каражаттарынан башка пособиелерди да албайт.<br><br>**БАЖПИИ төмөндөгү булактардан каржыланат:**<br>**1) Республикалык бюджеттен:**<br>2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында республикалык бюджеттен төмөндөгүдөй каржыланган:<br>2021-жылы – 13 703,2 миң сом;<br>2022-жылы –16 677,0 миң сом;<br>2023-жылы – 27 371,8 миң сом;<br>2024-жылы – 27 703,2 миң сом.<br>**Бардыгы 85 455,2 миң сом.**<br>**2) GFZ гранттык жардамынан:**<br>2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында немец тарабынан төмөндөгүдөй гранттык жардам алынган:<br>2021-жылы – 140,0 миң евро же 13 956,3 миң сом;<br>2022-жылы – 140,0 миң евро же 11 468,2 миң сом;<br>2023-жылы – 140,0 миң евро же 13 594,1 миң сом;<br>2024-жылы - 146,5 миң евро же 13 643,3 миң сом.<br>**Бардыгы 52 661,9 миң сом (566,5 миң евро)**<br>**3) Эл аралык финансылык уюмдар же донор өлкөлөр каржылаган гранттык каражаттарынан:**<br>2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында эл аралык финансылык уюмдар же донор өлкөлөр каржылаган төмөндөгүдөй гранттык каражаттар келип түшкөн:<br>2021-жылы – 2 997,4 миң сом;<br>2022-жылы – 5 507,7 миң сом;<br>2023-жылы – 25 039,7 миң сом;<br>2024-жылы - 10 976,3 миң сом.<br>**Бардыгы 44 521,1 миң сом.**<br>**4) Сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттардан:**<br>2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдөн төмөндөгүдөй каражаттар алынган:<br>2021-жылы – 9 199,2 миң сом;<br>2022-жылы – 5 805,1 миң сом; | |

2023-жылы – 1 927,7 миң сом;

2024-жылы – 16 739,5 миң сом.

**Бардыгы 33 671,5 миң сом.**

2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында БАЖПИИ тарабынан **жалпы 216 309,7 суммасындагы** каржаттар алынган.

**2.1.2. 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында Эл аралык финансылык уюмдар менен донор өлкөлөрдөн канча гранттык жардам келип түшкөн?**

2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында Эл аралык финансылык уюмдар менен донор өлкөлөрдөн **97 183,0 миң сом суммасында (44 521,1+52 661,9=97 183,0)** каражаттар келип түшкөн.

Жылдар боюнча келип түшкөн гранттык жардамдар, мин сомдо:

| Долбоордун аталышы | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|---|
| CAMON | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 81,4 |
| RIVER | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 192,9 |
| UNESCO GLOFCA | 0,0 | 929,9 | 11 153,4 | 1 479,1 |
| CROMO- ADAPT долбоору | 0,0 | 837,4 | 448,2 | 0,0 |
| GCO долбоору | 13 956,2 | 11 468,2 | 13 594,1 | 13 643,3 |
| CAWA долбоору | 2 564,8 | 3 740,4 | 2 462,0 | 1 396,9 |
| НАП ПРООН | 0,0 | 0,0 | 3 238,7 | 7 360,3 |
| WE-ACT долбоору | 0,0 | 0,0 | 7 737,3 | 0 |
| SBER | 207,9 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Өнүктүрүү каражаттары | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 465,6 |
| SCWAI | 224,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Бардыгы** | **16 953,7** | **16 975,9** | **38 633,8** | **24 619,6** |

Жогоруда көрсөтүлгөн долбоорлор боюнча чыгымдар **87 963,4 миң сом:**

| Долбоордун аталышы | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|---|
| SBER | **205,2** | **0,00** | **0,00** | **0,00** |
| Eba долбоору | 272,2 | 124,8 | 40,9 | 6,5 |
| GCO долбоору | 16 187,2 | 13 237,9 | 13 514,0 | 12 626,6 |
| MI-DAM долбоору | 4,3 | 4,3 | 4,3 | 0,00 |
| SCWAI долбоору | 177,9 | 2,5 | 2,5 | 2,5 |
| CAWa долбоору | 822,4 | 1 281,9 | 444,9 | 231,4 |
| UNESCO GLOFF долбоору | 0,00 | 920,5 | 5 792,7 | 4 420,1 |
| CROMO-ADAPT долбюоору | 0,00 | 740,1 | 434,8 | 683,0 |

**Корутундулар:**

**1**. 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында **97 183,0 миң сом суммасында** гранттык жардам алынган, чыгымдар **87 963,4 миң сомду** түзгөн.

**2.** Долбоорлорду ишке ашыруунун жүрүшүндө ПРООНдун макулдугу менен долбоордун аяктоо мөөнөтү 6 айга узартылган.

**3.** БАЖПИИнин 4-бөлүмүнүн кенже илимий кызматкери Н.Б. Сыдыкова кофе брейкти өткөрүү үчүн **43,5 миң сом суммасындагы** 50 % төлөмдү отчет берүүгө алган жана «МБанк» мобилдик тиркемеси аркылуу төлөгөн. Ал жерде, алуучунун телефон номеринен башка маалым даректери көрсөтүлгөн эмес.

**4.** 84,8 миң сом суммасындагы кеңсе товарларын сатып алуу боюнча Түшүндүрмө катта таратылбаган продукциянын 99 даана калдыгы Н.Б.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| WE-Act долбоору | 0,00 | 0,00 | 3 422,9 | 2 311,1 |
| НАП-ПРООН долбоору | 0,00 | 0,00 | 2 147,7 | 7 895,8 |
| **Барлдыгы** | **17 669,4** | **16 312,0** | **25 804,9** | **28 176,9** |

Тандалма аудитте төмөндөгү долбоорлор каралган:

1. БУУнун (ПРООН) Өнүгүү программасы менен БАЖПИИнин “Адаптациялоо орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү пландоо үчүн Улуттук адаптациялоо планын иштеп чыгуу процессин өнүктүрүүгө жардам берүү” программасынын ортосунда кызмат көрсөтүү боюнча контракт 2022-жылдын 17-ноябрында 122,6 миң АКШ долларында же 10 599,0 миң сом суммасында түзүлгөн.

БАЖПИИнин тең директордун 2023-жылдын 1-февралындагы № 11/4 – А буйругу менен, бул долбоор боюнча 122,6 миң АКШ доллары суммасында чыгымдар сметасы бекитилген жана 6 кызматкер аткаруучу болуп дайындалган.

Бул долбоор боюнча 2023-2024-жылдары төмөндөгүлөргө төмөндөгүдөй чыгымдар жүргүзүлгөн:

- эмгек акы - 2 973,3 миң сом;
- камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү – 514,3 миң сом;
- кызмат көрсөтүүлөргө төлөө – 445,7 миң сом;
- кеңсе жабдууларын сатып алуу – 20,0 миң сом;
- чийки заттарга жана материалдарга чыгымдар – 75,9 миң сом;
- коммуникацияларга чыгымдар – 40,7 миң сом;
- өкүлчүлүк чыгымдары – 2,6 миң сом;
- командировочкалык чыгымдар – 1,8 миң сом;
- банктын кызмат көрсөтүүлөрү - 1,4 миң сом;
- башка коштомо чыгымдары – 6,4 миң сом;
- тышкы эксперттердин кызматына төлөө – 3 480,5 миң сом;
- семинарларды жана тренингдерди өткөрүү – 2 365,8 миң сом;
- авиабилеттерди сатып алуу – 48,5 миң сом;
- залдардын ижара кызматтары – 28,8 миң сом;
- транспорттук кызматтар – 35,3 миң сом;
- дизайн кызматы – 1,8 миң сом.

2023-2024-жылдар ичинде жогоруда көрсөтүлгөн долбоор боюнча 38 семинар жана консультациялар өткөрүлгөн.

Сыдыковада № 309 кабинетте турат деп көрсөтүлгөн.

Көрсөтүлгөн кызматкер иштен бошоп кеткен, продукциянын **45,6 миң сом суммасындагы** калдыгы тастыкталган жок.

**5.** Семинардын программасына ылайык, бет ачарды Кыргыз Республикасы УИА ИВП С.А. Ерохин өткөрүшү керек эле. Бирок, каттоо барактарында баяндамачынын кол тамгасы жок, б.а. окутууну өткөрө турган кызматкер катышкан эмес.

**6.** Дарыянын жээгинде жайгашкан бардык айылдардын жана ала-Арча айылынын тургундары үчүн семинардын катышуучуларын каттоо барактары жок болгондуктан, **80,0 миң сом суммасындагы** семинардын факты жүзүндө өткөрүлгөнүн тастыктоого мүмкүн болгон жок.

7. Келишим түзбөстөн, патентти көрсөтпөстөн туруп, транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдү аткарагандыгы үчүн **120 миң сом** акча каражаттарын тил катка ылайык жаран Тилек

| | |
|---|---|
| Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 6 айга узартылган (долбоор 2023-жылдын июнунда аякташы керек эле).<br>Бул долбоор боюнча 2023-2024-жылдары бардыгы болуп, **10 043,5 миң сом** пайдаланылган.<br><br>**2.** ЮНЕСКО GLOFCAнын “Климаттын өзгөрүү шартында мөңгү көлөрүнүн жарылышынан Борбордук Азия регионундагы калктын коопсуздугун азайтуу” долбоорун ишке ашыруу алкагындагы № 4500488049 контракт.<br>Буюртмачы: Алматы шаарындагы ЮНЕСКОнун регионалдык кеңсеси.<br>Ишке ашыруу мезгили: 2023-2024-жылдар.<br>Контракттын суммасы: 142,7 миң АКШ доллары же 12 632,6 мин сом.<br>Долбоор боюнча чыгымдар жалпы 142,7 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, анын ичинен:<br>- эмгек акы - 56,4 миң АКШ доллары;<br>- чыгым материалдарын сатып алуу (аспаптар, талаа иштери үчүн жабдуулар) - 27,9 миң АКШ доллары;<br>- транспорттук чыгымдар - 16,5 миң АКШ доллары;<br>- командировкалык чыгымдар - 6,1 миң АКШ доллары;<br>- социологиялык сурамжылоону жүргүзүү - 16,6 миң АКШ доллары;<br>- станциялардагы нөмөттө тургандарга төлөө - 1,5 миң АКШ доллары;<br>- административдик чыгымдар (байланыш кызматы, банктык комиссия, кеңсе ижарасы ж.б.у.с) - 17,4 миң АКШ доллары.<br>Долбоордун каражаттарынын натыйжалуу пайдаланылышына тандалма аудит жүргүзүүдө төмөндөгүлөр аныкталган, 2023-жылдын ноябрынан декабрына чейин БАЖПИИде “Таш-Дөбө, Бирбулак, Заречное, Малиновка айылдарынын, Таш-Дөбө айыл өкмөтүнүн аймагына кирген ДП тургандары үчүн “Алар-Арча” дарыясы боюнча сел жүрүү коркунучу” темасында семинар өткөрүлгөн.<br>- Байтик айылында өткөрүлгөн семинар боюнча 87,0 миң сом суммасында кофе брейкти уюштуруу, семинардын катышуучуларынын болжолдуу саны 100 адам. Кофе брейкти уюштуруу боюнча келишим 14.12.2023-жылы түзүлгөн, аткаруучу ЖИ Керимкулова. Белгилей кетчү нерсе, БАЖПИИнин 4-бөлүмүнүн кенже илимий кызматкери | уулу Ислам негизисиз алган.<br><br>**8**. Ошентип, тандалма аудитте **289,1 миң сом** негизсиз төлөнгөнү аныкталган. |

| | |
|---|---|
| Н.Б. Сыдыкова кофе брейкти өткөрүүгө үчүн 43,5 миң сом суммасындагы 50 % төлөмдү отчет берүүгө алган жана «МБанк» мобилдик тиркемеси аркылуу төлөгөн. Ал жерде, алуучунун телефон номеринен башка маалым даректери көрсөтүлгөн эмес, номери көрүнбөй калган. Сумманын экинчи жарымы бухгалтерия тарабынан ЖИ Керимкулованын алыш-бериш эсебине төлөнгөн.<br>ЖИ Р.Д. Байгазиев менен басма кызмат көрсөтүүлөрүн даярдоо жөнүндө 07.12.2023-жылдагы келишим 84,8 миң сом суммасында түзүлгөн, анын ичинен: 200 даана папка - 27,0 миң сом; логотип менен ручкалар 200 даана - 27,0 миң сом; блокноттор 200 даана – 20,0 миң сом; 2 даана роллапа – 9,0 миң сом; дизайнды тариздөө – 1,8 миң сом.<br>84,8 миң сом суммасындагы 200 даана басма продукциясын эсептен чыгаруу актысы берилген. Түшүндүрмө катта таратылбаган продукциянын 99 даана калдыгы Н.Б. Сыдыковада № 309 кабинетте турат деп көрсөтүлгөн. Көрсөтүлгөн кызматкер иштен бошоп кеткен, продукциянын калдыгы 45,6 миң сомго тастыкталган жок.<br>Семинардын программасына ылайык, бет ачарды Кыргыз Республикасы УИА ИВП С.А. Ерохин өткөрүшү керек эле. Бирок, каттоо барактарында баяндамачынын кол тамгасы жок, б.а. окутууну өткөрө турган кызматкер катышкан эмес. 4-бөлүмдүн кенже илимий кызматкери Н.Б. Сыдыкова тарабынан 2023-жылдын 27-ноябрында 80,0 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаттарын отчет берүүгө алуу боюнча кызматтык кат киргизилген. Андан ары, көрсөтүлгөн кызматкер тарабынан кофе брейкти бергендиги жана дарыянын жээгинде жайгашкан бардык айылдардын жана ала-Арча айылынын тургундары үчүн семинарды уюштурууда транспорттук кызмат боюнча авансалык отчет берилген. Ошону менен бирге, семинардын факты жүзүндө өткөрүлгөндүгүн тастыктоого мүмкүн болгон жок. ЖИ Абадил уулу Бекболсун менен түзүлгөн 5,2 миң сом суммасындагы Транспорттук кызмат көрсөтүү жөнүндө 11.2023-жылдагы № 28 келишимде аткаруучунун кол тамгасы жок.<br>Жалпы суммасы 120,0 миң сом суммасында транспорттук кызмат көрсөтүү жөнүндө 15.11.2023-жылдагы № 15/11/22 келишим, аткаруучу Бактияр | |

| | |
|---|---|
| уулу Жеңишбекте такси кызматын көрсөтүү боюнча электрондук патент болгон.<br>Маршруттук баракка ылайык, транспорттук кызмат көрсөтүү боюнча милдеттенме аткаруучу Бактияр уулу Жеңишбек тарабынан толук аткарылган. Бирок, өндүрүштүк жаракат алгандыгы жөнүндө арыз алгандыгы жана башка жабдуучу тарабынан кызмат көрсөтүү жөнүндө арыз тиркелген, 120 миң сом акча каражаттарын тил катка ылайык башка жаран Тилек уулу Ислам алган (ал патентти жана башка документтерди көрсөткөн эмес). Көрсөтүлгөн датага карата семинардын катышуучуларын каттоо барактары жок болгондуктан, семинардын факты жүзүндө өткөрүлгөнүн тастыктоого мүмкүн болгон жок.<br>Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн долбоор боюнча тандалма аудитте **289,1 миң сом** негизсиз төлөнгөнү аныкталган. | |
| **2.2. Германиянын Потсдам шаарындагы Жерди изилдөө борбору (GFZ) тарабынан бөлүнгөн каражаттар чыгымдардын кайсы беренелерине пайдаланылган**<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Германиянын Потсдам шаарындагы Жерди изилдөө борбору (GFZ) менен түзүлгөн Кооперативдик макулдашуунун негизинде, немец тарабынан өнөктөш болуп, Потсдам шаарындагы Жерди изилдөө борбору жана Юстус Либиг атындагы Гиссен университетинин экологияны жана эл аралык өнүгүүнү изилдөө боюнча борбору эсептелет.<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген Уюштуруу келишиминин 9-параграфнына ылайык, “БАЖПИИ менен GFZ негизинен 3,7-параграфтын 2 жана 3-абзацында, ошондой эле ушул Келишимдин 8-параграфында кабыл алынган чечимдерди аткаруу менен, Кызматташуу жөнүндө келишимди түзөт”.<br>2021-2024-жылдар аралыгында Потсдам шаарындагы Жерди изилдөө борборунан GCO долбоору боюнча 52 661,9 миң сом келип түшкөн, бул мезгилге карата факты жүзүндөгү чыгымдар 55 565,8 миң сомду түзгөн. | **Корутундулар:**<br>1. 2021-2024-жылдар ичинде GFZ тарабынан БАЖПИИге 52 661,9 миң сом суммасындагы гранттык каражаттар бөлүнгөн. Факты жүзүндөгү 55 565,8 миң сом чыгымдар пайдаланылган.<br>**2**. Аудит мезгили ичинде материалдарды жана жабдууларды сатып алуу, кандайдыр бир жол-жоболорсуз эле 7 062,0 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, анын ичинен: 2021-жылы - 1 202,3 миң сом, 2022-жылы - 2 583,5 миң сом жана 2023-жылы - 1 566,8 миң сом, 2024-жылы - 1 709,4 миң сом.<br>**3.** Кызматтык автотранспорттордун |

Төмөндө 2021-2024-жылдар ичинде GCO долбоору боюнча чыгымдардын таблицасы келтирилген, мин сомдо:

| Чыгымдардын аталышы | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|---|
| Эмгек акы | 6 947,9 | 5 450,5 | 6 184,9 | 6 657,2 |
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 1 182,1 | 925.7 | 1 068,4 | 1 141,9 |
| Бащка материалдарды жана бадууларды сатып алуу | 1 057,2 | 578,5 | 392,3 | 759,1 |
| Командировкалык чыгымдар (жергиликтүү) | 504,3 | 509,2 | 563,6 | 604,5 |
| Командировкалык чыгымдар (эл аралык) | 0 | 0 | 1,0 | 0 |
| Байланыш кызматы | 463,9 | 464,9 | 447,0 | 382,5 |
| Коммуналдык кызматтарга төлөө | 385,8 | 353,4 | 655,1 | 166,4 |
| Башка жалпы жана административдик чыгымдар (чарбалык керектөөлөр) | 689,5 | 1 004,3 | 1 514,3 | 607,8 |
| Аудитордук жана башка кызматтарга төлөө | 590,9 | 678,1 | 835,3 | 1 082,7 |
| Курстук айырмадан чыгымдарды жана жабдууларды амортизациялоо боюнча чыгымдарды таануу | 4 365,6 | 3 273,2 | 1 852,0 | 1 224,2 |
| **Бардыгы** | **16 187,2** | **13 237,9** | **13 514,0** | **12 626,5** |

Таблицада көрүнүп тургандай, долбоор боюнча кызматкерлердин эмгек акысы 25 240,7 миң сомду же GCO долбоорунун бардык чыгымдарынын 45,4 %ын түзгөн. БАЖПИИде кызматкерлердин эмгек акысы республикалык бюджеттен, GCO долбоорунан жана башка долбоорлордон карыжлана тургандгын, белгилей кетүү керек.

01.01.2021-жылдан 31.12.2024-жылга чейинки мезгил аралыгында бардык үч булактан эмгек акы фонду 125 625,6 миң сомду же БАЖПИИнин жалпы чыгымдарынан 57,3 %ды түзгөн, анын ичинен: республикалык бюджеттен 69 734,6 миң сом (55,5 %), GCO долбоорунан - 25 240,6 миң сом (20,1 %), башка долбоорлордон (гранттар жана сервистик кызматтар) - 30 650,2 миң сом (24,4 %).

Эмгек акы түзүмү негизинен төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- МБК (минималдуу базалык коюм);

запастык бөлүктөрүн оңдоо жана алмаштыруу, дефект актысы жок эле жүргүзүлөт. Аудит мезгили ичинде запастык бөлүктөрдүн иштен чыкканы тастыкталбастан туруп, 1 086,7 миң сомго автомобилдин запастык бөлүктөрү сатылып алынган, анын ичинен: 2021-жылы - 633,3 миң сом, 2022-жылы - 128,6 миң сом, 2023-жылы - 255,5 миң сом жана 2024-жылы - 69,3 миң сом.

**4.** БАЖПИИнин тең директору тарабынан чет өлкөдө кызматтык иш сапарда жүргөндө жана эмгек өргүүсү учурунда буйруктарга кол коюлган. кадрлар бөлүмүнүн кызматкерлеринин түшүндүрмөсү боюнча, тең директор чет өлкөдө же эмгек өргүүсүндө болгон мезгилин эске албастан, буйруктар хронологиялык тартипте жүргүзүлөт.

**5.** Аудит мезгили ичинде айдоочулар тарабынан 6 488 литр КММ негизсиз эсептен чыгарылган, бул болсо, **454,1 миң сомду** түзгөн.

| | |
|---|---|
| - эселөө коэффициенти;<br>- кызматтык маянанын өлчөмү;<br>- иштеген жылдары;<br>- ченемге салынбаган иш режими үчүн айдоочуларга 25 % кошуп төлөө;<br>- зыяндуулук үчүн кошуп төлөө (техничкалар);<br>- окумуштуулук даражасы үчүн кошуп төлөө.<br>БАЖПИИ боюнча кызматтар бөлүгүндөгү эмгек акы түзүмү жөнүндө толук маалымат, 1 тиркемеде берилген.<br>БАЖПИИде товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жол-жоболорун регламенттеген жобонун жоктугун белгилей кетүү керек. Отчет берүүчү адамдар тарабынан материалдарды жана жабдууларды сатып алуу, сатып алуу жол-жоболорун жүргүзбөстөн жүргүзүлөт.<br>Аудит мезгили ичинде материалдарды жана жабдууларды сатып алуу, кандайдыр бир жол-жоболорсуз эле 7 062,0 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, анын ичинен: 2021-жылы - 1 202,3 миң сом, 2022-жылы - 2 583,5 миң сом, 2023-жылы - 1 566,8 миң сом, 2024-жылы - 1 709,4 миң сом.<br>Ошондой эле, кызматтык автотранспорттордун запастык бөлүктөрүн оңдоо жана алмаштыруу, дефект актысы жок эле жүргүзүлөт. Аудит мезгили ичинде запатсык бөлүктөрдүн иштен чыкканы тастыкталбастан туруп, 1 086,7 миң сомго автомобилдин запастык бөлүктөрү сатылып алынган, анын ичинен: 2021-жылы - 633,3 миң сом, 2022-жылы - 128,6 миң сом, 2023-жылы - 255,5 миң сом жана 2024-жылы - 69,3 миң сом.<br>БАЖПИИнин тен директору тарабынан чет өлкөдө кызматтык ишсапарда жүргөндө жана эмгек өргүүсү учурунда буйруктарга кол коюлган. Кадрлар бөлүмүнүн кызматкерлеринин түшүндүрмөсү боюнча, тең директор чет өлкөдө же эмгек өргүүсүндө болгон мезгилин эске албастан, буйруктардын датасы хронологиялык тартипте жүргүзүлөт.<br>Каражаттардын натыйжалуу чыгымдалышын талдоодо, аудит мезгили ичинде долбоордун каражаттарынан БАЖПИИнин автомобилдери үчүн жалпы 1 452,0 миң сом суммасында КММ сатылып алынган, анын ичинен: 2021-жылы - 407,6 миң сом; 2022-жылы - 344,8 миң сом; 2023-жылы - 328,1 миң | |

| | |
|---|---|
| сом; 2024-жылы - 371,5 миң сом. Бирок, кызматтык авто транспортунун айдоочулары толтурган жана бизге берилген жол баракчаларына ылайык, КММ айдоочулар эмгек өргүүдө, областтарда жана чет өлкөлөрдө кызматтык иш сапарда жүргөн мезгилде, БАЖПИИ тарабынан ишке ашырылган башка долбоорлордун эсебинен мезгил мезгили менен эсептен чыгарылган. Мисалы, айдоочу Т. Акматов 2021-жылдын 14-декабрынан 18-декабрына чейин башка долбоордун каражаттарынын эсебинен иш сапарда болгон. Бирок жол баракчасында айдоочу 2021-жылдын 13-декабрынан 17-декабрына чейин Бишкекте болгону көрсөтүлгөн жана 50 литр КММ эсептен чыгарылган; айдоочу Б. Ибраимов буйрукка ылайык 2021 жылдын 1-июлунан 28-июлуна чейин эмгек өргүүдө болгон, бирок жол баракчасына ылайык, көрсөтүлгөн мезгилге карата 130 литр КММ эсептен чыгарылган.<br>2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгына карата айдоочулар тарабынан **6 488 литр КММ** негизсиз эсептен чыгарылган, негизсиз эсептен чыгарылган каражаттардын болжол суммасы **454,1 миң сомду** (6488*70=454160) түзгөн. | |
| **3.1. Коммерциялык банктарда ачылган БАЖПИИнин кандай алыш-бериш эсептери бар?**<br>Учурда, «КИКБ» ЖАКында БАЖПИИнин алыш-бериш эсептери жана долбоорлорду ишке ашыруу үчүн «Айыл-Банк» ААКсында бир эсеби бар, бардыгы болуп 37 эсеп, алардын ичинен бирөө тосмолонгон. Анын ичинен: доллар валютасындагы эсеп – 6 эсеп; евродогу эсеп – 8 эсеп; фунт стерлинг валютасындагы эсеп - 1 эсеп; рубль валютасындагы эсеп - 1 эсеп; калган эсептер сом менен. | **Корутунду:**<br>**1.** Учурда, «КИКБ» ЖАКында БАЖПИИнин алыш-бериш эсептери жана долбоорлорду ишке ашыруу үчүн «Айыл-Банк» ААКсында бир эсеби бар, бардыгы болуп 37 эсеп, алардын ичинен бирөө тосмолонгон. Анын ичинен: доллар валютасындагы эсеп – 6 эсеп; евродогу эсеп – 8 эсеп; фунт стерлинг валютасындагы эсеп - 1 эсеп; рубль валютасындагы эсеп - 1 эсеп; калганы сомдо 21 эсептер. |

**3.2. 2021-жылдан 2024-жылдарга чейинки мезгил аралыгында “БАЖПИИнин өнүгүү каражаттары” чыгымдардын кайсы беренелерине пайдаланылган?**

“БАЖПИИни Уюштуруу Кеңешинин 2012-жылдын 28-августундагы 5-отурумунда ишти жана долбоорлорду убактылуу же жетишсиз каржылоо/кошо каржылоонун натыйжасында, институционалдык чыгымдарды кайтаруу максатында, БАЖПИИнин негизги өнүгүү жеке каражаттарын түзүү аркылуу, институттун ишин дайыма каржылоо механизмин бекитүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Бул “БАЖПИИнин өнүгүү каражаттары” ЭФУ жана донор өлкөлөр тарабынан карыжланган жана аягына чыгарылган долбоорлор боюнча каражаттардын калдыктарынан түзүлгөн.

“БАЖПИИнин өнүгүү каражаттары” 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында төмөндөгү чыгымдар беренелерине пайдаланылган:

(миң сомдо)

| Чыгымдар | 2021 год | 2022 год | 2023 год | 2024 год | бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Эмгек акы (материалдык жардам) | 492,20 | 7,00 | 20,00 | 200,60 | 719,80 |
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 83,20 | 1,20 | 0,00 | 34,60 | 119,00 |
| Китептерди сатып алуу | | 5,10 | 0,00 | | 5,10 |
| Товарларды сатып алуу | | | | 90,60 | 90,60 |
| Кызмат көрсөтүүлөргө төлөө | 149,50 | 5,70 | 30,90 | 981,60 | 1 167,70 |
| Өкүлчүлүк чыгымдары | 9,50 | 0,00 | 0,00 | | 9,50 |
| Транспорт салыгын төлөө | 2,90 | 2,50 | 2,50 | | 7,90 |
| Оплата коммунальных услуг | | 10,00 | 220,00 | | 230,00 |
| Чет өлкөгө командировкалык чыгымдар | 39,70 | 0,00 | 214,70 | 595,60 | 850,00 |
| Жергиликтүү командировкалык чыгымдаро | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 58,60 | 58,60 |
| Негизги каражаттарды амортизацияоону чегерүү | 502,00 | 486,30 | 465,50 | 293,60 | 1 747,40 |
| Административдик чыгымдар | 18,10 | 0,00 | 80,70 | 28,10 | 126,90 |
| Бажы боюнча айып пулдарды төлөө | | | | 5,03 | 5,03 |
| Операциялык курстук айырмалардан чыгым | 22,50 | | | 31,10 | 53,60 |

**Корутундулар:**

**1.** “БАЖПИИни Уюштуруу Кеңешинин 2012-жылдын 28 -августундагы 5-отурумунда ишти жана долбоорлорду убактылуу же жетишсиз каржылоо/кошо каржылоонун натыйжасында, институционалдык чыгымдарды кайтаруу максатында, БАЖПИИнин негизги өнүгүү жеке каражаттарын түзүү аркылуу, институттун ишин дайыма каржылоо механизмин бекитүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Бул “БАЖПИИнин өнүгүү каражаттары” ЭФУ жана донор өлкөлөр тарабынан карыжланган жана аягына чыгарылган долбоорлор боюнча каражаттардын калдыктарынан түзүлгөн.

**2.** 5-Байкоочу Кеңештин 2012-жылдын 28-августундагы чечимин бузуу менен, **2 999,3 миң сом** суммасындагы “БАЖПИИнин өнүгүү каражаттары” каралбаган чыгымдар беренелерине пайдаланылган.

**3.** Байкоочу Кеңештин 2012-жылдын 28-августундагы чечимин бузуу менен,

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Башка операциялык чыгымдар | | 284,10 | 218,30 | | 502,40 |
| Курстук айырмадан чыгымдар | 405,90 | 510,00 | -96,10 | | 819,80 |
| **Бардыгы** | **1 725,50** | **1 311,90** | **1 156,50** | **2 319,43** | **6 513,33** |

2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында БАЖПИИнин өнүгүү каражаттарынан” бардыгы болуп 6 513,5 миң сом пайдаланылган.

5-Байкоочу Кеңештин 2012-жылдын 5-августундагы чечимин бузуу менен, “БАЖПИИнин өнүгүү каражаттары” төмөндөгү чыгымдар беренелерине пайдаланылган: китептерди сатып алууга - 5,1 миң сом; өкүлчүлүк чыгымдарга - 9,5 миң сом; товарларды сатып алууга - 90,6 миң сом; коммуналдык кызматтарга - 230,0 миң сом; командировкалык (чет өлкөлүк жана жергиликтүү) - 908,6 миң сом; негизги каражаттарды амортизацияолоону чегерүүгө - 1 747,4 миң сом; транспорт салыгын төлөөгө - 8,0 миң сом.

**Бардыгы 2 999,3 миң сом суммасында.**

Ошондой эле, 5-Байкоочу Кеңештин 2012-жылдын 28-августундагы “БАЖПИИнин өнүгүү каражаттарын” пайдалануу боюнча чечимин бузуу менен, 2024-жылдын январында Потсдам шаарында өтүүчү Уюштуруу Кеңешинин отурумуна катышуу үчүн, БАЖПИИнин Байкоочу Кеңешинин 2 мүчөсүнө чыгымдар төлөнгөн. Алсак, эки мүчөгө 56,1 миң сом суммасындагы суткалык чыгымдар жана Бишкек-Стамбул-Берлин-Женева маршруту (Женева шаары Байкоочу Кеңештин отурумуна кирген эмес) боюнча 116,2 миң сом суммасында авиа билеттер, бардыгы болуп **172,3 миң сом суммасы** төлөнгөн.

Ошол эле учурда БАЖПИИнин ченемдик документтеринде Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн Уюштурууучулар кеңешинин жыйналыштарына катышууга кеткен чыгымдарын каржылоо жөнүндө жобо камтылган эмес.

2023-жылы “БАЖПИИнин өнүгүү каражаттарынан” чет өлкөлүк паспортторду алмаштырууга 2,9 миң сом суммасындагы жана Геологдор жана курчап турган чөйрө үчүн эл аралык ассоциацияга катышуу үчүн мүчөлүк төгүмдөрдү төлөөгө 3,0 миң сом суммасындагы чыгымдар төлөнгөн, булар мындай түрдөгү чыгымдарды төлөө үчүн каралган эмес (2022-жылы 3,8 миң сом суммасында).

“БАЖПИИнин өнүгүү каражаттарынын” эсебинен 2024-жылдын январында Потсдам шаарында өтүүчү Уюштуруу Кеңешинин отурумуна катышуу үчүн, БАЖПИИнин Байкоочу Кеңешинин 2 мүчөсүнө **172,3 миң сом суммасында (**56,1 миң сом суммасындагы суткалык чыгымдар жана авиабилеттерге 116,2 миң сом) чыгымдар төлөнгөн.

Бирок, БАЖПИИнин ченемдик документтеринде Уюштуруу Кеңешинин отурумдарына катышуу үчүн, Байкоочу Кеңештин мүчөлөрүнүн чыгымдарын каржылоо жөнүндө ченем жок.

**4.** 2022-2023-жылдары Өнүктүрүү фондунун каражаттарынан чыгаша статьяларында каралбаган чет элдик паспортту алмаштырууга жана мүчөлүк акыга 9,7 миң сом жумшалган.

| | |
|---|---|
| 2024-жылы “БАЖПИИнин өнүгүү каражаттарынан” 2 319,4 миң сом сумасындагы чыгымдар каржыланган. “Климат жумалыгы” демилгенин алкагында БАЖПИИнин 20 жылдыгына арналган “Борбордук Азияда прикладдык жерди изилдөөнүн өткөн жетишкендиктери жана келечектеги милдеттер” юбилейлик конференцияны жана семинарларды өткөрүүгө жана “2023-2027-жыдары тоо региондорун туруктуу өнүктүрүү максатында беш жылдык иш-аракеттер” иш-чаралар циклине 665,1 миң сом пайдаланылган.<br>БАЖПИИ тарабынан юблилейлик конференцияларга катышкандыгы үчүн 69,0 миң сом суммасындагы кирешелер алынган (юбилейлик конференцияларга катышкандыгы үчүн төгүмдөр). Бул каражаттар финансылык отчетто көрсөтүлгөн.<br>Казакстан Республикасындагы Нидерланд Королдугунун элчилигинин финансылык колдоосу менен, “ӨЭУ аялдар потенциалын жогорулатуу программасынын” долбоорунун алкагында 2024-жылы БАЖПИИ менен “Евразия Борбордук Азия фонду” корпоративдүү фондунун ортосунда **1 698 АКШ доллары (149,3 миң сом)** суммасында Кайрымдуулук жардамы жөнүндө келишим түзүлгөн. Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 2024-жылдын 14-мартынан 2024-жылдын 31-июлуна чейин. Бул долбоорду ишке ашыруу үчүн, БАЖПИИ тарабынан техникалык тапшырмаларды аткаруу максатында эки эксперт менен 2024-жылдын 14-мартында эмгек келишими түрүлгөн. Ошондой эле, алар үчүн КИСБ банкында алыш-бериш эсебин ачуу шарттардын бири болгон. Бул келишимдин алкагында 124,6 миң сом суммасында эмгек акы чыгымдары жүргүзүлгөн жана Социалдык фондун төгүмдөрүнө – 21,5 миң сом. Мында, бул долбоор боюнча аткарылган иштердин актылары жок.<br>БАЖПИИнин калган кызматкерлерине INCREASE долбоордун эсебинен 75,9 миң сом сый акы төлөнгөн, камсыздандыруу төгүмдөрү – 13,1 миң сом. Жалпысынан 2024-жылы «эмгек акы» беренеси боюнча 200,6 миң сом, камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү боюнча 34,6 миң сом пайдаланылган.<br>**2024-жылдын 7-октябрында** Байкоочу Кеңештин жана Уюштуруу Кеңешинин отуруму өткөрүлгөн. | |

| | |
|---|---|
| Бул иш-чараны өткөрүүгө чыгымдар 18,6 миң сомду түзгөн.<br>**2024-жылдын 25-октябрында** "Борбордук Азия боюнча Жер жөнүндө илим жаатында изилдөөлөрдүн практикалык жыйынтыктары" жөнүндө семинар өткөрүлгөн. Семинарды өткөрүү боюнча чыгымдар сметасы БАЖПИИнин тен директору тарабынан 15,6 миң сом (каражаттар сертификаттар үчүн алкактарды сатып алууга пайдаланылган - 3,6 жана продуктыларды сатып алууга - 11,7 миң сом) суммасында бекитилген. | |
| **3.3 БАЖПИИде илимий-изилдөө долбоорлору (ИИД) кайсы ЧУАга ылайык бекитилет?**<br>БАЖПИИнин Уставынын 10-параграфынын 1-пунктуна ылайык, Байкоочу кеңеш Кеңеш берүүчү комиссиянын корутундусун эске алуу менен БАЖПИИнин жалпы илимий-изилдөө максаттары жана маанилүү илимий жана финансы маселелери боюнча чечим кабыл алат.<br>БАЖПИИнин Уставынын 10-параграфынын 2-пунктуна ылайык, Байкоочу кеңеш Кеңеш берүүчү комиссиясынын сунушу бар БАЖПИИнин илимий-изилдөө программалары жөнүндө улуттук жана эл аралык мекемелер менен пландуу биргелешкен иштерди камтуу менен чечим кабыл алат. Байкоочу кеңеш Директорат берген Кеңеш берүүчү комиссиянын баасы бар илимий жылдык отчетту кабыл алат жана Уюштуруучулар кеңешине сунуш берет.<br>БАЖПИИнин Уставынын 13-параграфынын 1-пунктуна ылайык, Кеңеш берүүчү комиссия, кеңеш берүүчү орган катары Байкоочу кеңешке жана Директоратка изилдөөнүн жана өнүктүрүүнүн бардык жаатында кеңеш берет. Кеңеш берүү айрыкча:<br>а) изилдөө программаларына жана өнүктүрүү боюнча программаларга; б) жыйынтыктарды баалоого; в) улуттук жана эл аралык мекемелер менен кызматташууга.<br>**Илимий-изилдөө программалары (2020-2022-жылдарга ИИПтер)** Кеңеш берүүчү комиссиянын 10-отурумунун 2019-жылдын 16-сентябрындагы протоколу жана Байкоочу Кеңештин 12-отурумунун 2019-жылдын 30-сентябрындагы протоколу менен бекитилген. | **Корутундулар:**<br>2020-2022-жылдарга Илимий-изилдөө программалары Кеңеш берүүчү комиссиянын 10-отурумунун 2019-жылдын 16-сентябрындагы протоколу жана Байкоочу Кеңештин 12-отурумунун 2019-жылдын 30-сентябрындагы протоколу менен бекитилген.<br>2023-2025-жылдарга ИИПтер Кеңеш берүүчү комиссиянын 13-отурумунун 2022-жылдын 13-сентябрындагы протоколу жана Байкоочу Кеңештин 15-отурумунун 2022-жылдын 12-октябрындагы протоколу менен бекитилген. |

| | |
|---|---|
| **2023-2025-жылдарга ИИПтер** Кеңеш берүүчү комиссиянын 13-отурумунун 2022-жылдын 13-сентябрындагы протоколу жана Байкоочу Кеңештин 15-отурумунун 2022-жылдын 12-октябрындагы протоколу менен бекитилген. | |
| **3.4. Тиешелүү жылдарга (2020-2022-жылдарга) ИИПтер өз убагында аткарылганбы?**<br>Кеңеш берүүчү комиссиянын 2023-жылдын 2-сентябрындагы 14-отурумунда 2020-2022-жылдарга ИИП отчету бекитилген жана 2024-жылдын 24-майындагы 15-отурумунда 2023-жылга отчет бекитилген.<br>Байкоочу Кеңештин 30.09.2021-жылдагы 14-отурумунда 2020-2021-жылдарга ИИП отчету бекитилген.<br>Байкоочу Кеңештин 2024-жылдын 19-январындагы 16-отурумунда 2022-2023-жылдарга отчет бекитилген.<br>Байкоочу Кеңештин 2024-жылдын 7-октябрындагы 17-отурумунда 2023-2024-жылдарга отчет бекитилген.<br>2020-2022-жылдарга ИИП боюнча “Геодинамика жана гео тобокелдиктер” бөлүмү боюнча төмөндөгү темалар бекитилген:<br>Кыргызстандагы жер көчкүлөрүн изилдөө.<br>Памир-Тянь-Шань бириктирүү зонасында заманбап тектоникалык кыймылдарды изилдөө.<br>Кыргызстандын шаарларынын аймактары үчүн сейсмикалык кооптуулуктарды жана тобокелдиктерди баалоо.<br>Короно вирус инфекциясына (COVID-19) жана бир катар кызматкерлердин бошонгондугуна байланыштуу, пландалган темалардын алкагында коюлган максаттардын жана милдеттердин бардыгы эле аткарылган эмес.<br>Айрым темалар боюнча пландалган натыйжаларга жетишилбей калган. Алсак, 1.1-темасы боюнча Нарын областы+ бассейн Миң-Куш дарыясы боюнча каталог түзүлгөн, ал эми Ысык-Көл жана Чүй областтары боюнча – каражаттардын жетишпестигинен улам аткаруу процессинде турат; Нарын областынын Кызыл-Бел жер көчкүсүнүн үстүңкү кыртышынын сезондук жылышынын динамикасына узак мөөнөттүү мониторинг жүргүзүү тутуму боюнча жарым жартылай жетишкендик болгон (дрон съемкаларга мониторинг жана геофизикалык мониторинг жүргүзүү үчүн | **Корутундулар:**<br>**1.** “Геодинамика жана гео тобокелдиктер” бөлүмү боюнча 1.1.,1.2., 1.3.1-темалары боюнча 2020-2022-жылдарга ИИПтин пландалган натыйжаларына жарым-жартылай жетишилген.<br>1.3.2-темасы боюнча пландалган натыйжаларга жетишилген эмес.<br>ИИП боюнча “Потенциалды өнүктүрүү жана илимий кызматташуу” бөлүмү боюнча 2020-2022-жылдарга жана 2023-2025-жылдарга карата IV “Илимий-библиографиялык иш” темасы боюнча Китеп фондусу менен архивдин электрондук каталогун түзүү жана RFID тутумунун компоненттерин жайылтуу – 2-пункту боюнча иштер мөөнөтүндө аткарылган эмес. |

| | |
|---|---|
| репердик маркерлер орнотулган); MNTInSAR технологиясына негизделген SBAS деформациялык ыкмасы менен жай жылуунун аныктоо боюнча жарым жартылай жетишкендиктер, «Кызыл-Бел»жана «Кара-Кече» жер көчкүлөрү үчүн спутник сүрөттөрүн колдонуу менен SMI интеграциясында жана DInSAR боюнча жыйынтыктар алынган.<br>1.2-темасы боюнча активдүү жарылууларды жана деформацияларды локализациялоо аймактарын аныктоого байланыштуу, 2023-2025-жылдары ИИП боюнча иштер улантылган.<br>Ар кандай аянттар үчүн 30 метр тереңдиктеги Vs30 ылдамдыгын бөлүштүрүүнү типтештирүү картасына байланыштуу 1.3.1-темасы боюнча топографиялык рельефти эске алуу менен Бишкек шаары үчүн карта алынган.<br>Имараттардын туруктуулугун жана начарлыгын баалоо үчүн, “Кыртыш-Имараттын” титирешине көз карандуулук” 1.3.2-темасы боюнча пландалган натыйжаларга жетишилген эмес, анткени, кызматкерлердин иштен бошоп кеткендигине байланыштуу болгон.<br>ИИП боюнча “Потенциалды өнүктүрүү жана илимий кызматташуу” бөлүмү боюнча 2020-2022-жылдарга жана 2023-2025-жылдарга карата IV “Илимий-библиографиялык иш” темасы боюнча Китеп фондусу менен архивдин электрондук каталогун түзүү жана RFID тутумунун компоненттерин жайылтуу – 2-пункту боюнча иштин көлөмүнүн көптүгүнө байланыштуу иштер мөөнөтүндө аткарылган эмес. Учурда бул багыт боюнча иштер улантылууда.<br>№ 2 “Климат, суу жана геоэкология” жана “Маалыматтарды башкаруу жана мониторинг тутуму” бөлүмү боюнча бардык темалар мөөнөтүндө аткарылган. | |
| **3.5. Тиешелүү жылга ИИПтер жөнүндө отчеттор кайсы документтер менен жактырылган?**<br>Байкоочу Кеңештин 30.09.2021-жылдагы 14-отурумунда 2020-2021-жылдарга карата ИИП отчету бекитилген.<br>Байкоочу Кеңештин 2024-жылдын 24-майындагы 15-отурумунда 2023-жылга карата ИИП отчету бекитилген. | **Корутундулар:**<br>**1.** Байкоочу Кеңештин 30.09.2021-жылдагы 14-отурумунда 2020-2021-жылдарга карата ИИП отчету бекитилген.<br>Байкоочу Кеңештин 2024-жылдын 24-майындагы 15- |

| | |
|---|---|
| Байкоочу Кеңештин 2024-жылдын 19-январындагы 16-отурумунда 2022-2023-жылдарга карата ИИП отчету бекитилген.<br>Байкоочу Кеңештин 2024-жылдын 7-октябрындагы 17-отурумунда 2023-2024-жылдарга карата ИИП отчету бекитилген.<br>БАЖПИИде заманбап, методологиялык жана техникалык деңгээлде фундаменталдуу илимдин элементтери менен прикладдык мүнөздү илимий изидөө жүргүзүлүп жаткандыгын, белгилей кетүү керек.<br>Ошону менен бирге, тиешелүү жылдарга карата ИИП жөнүндө отчеттордо жана ИИПтерде “Күтүлгөн натыйжалар” бөлүмү жок.<br>Буга байланыштуу, тиешелүү жылдарга карата ИИП жөнүндө отчетторго жана ИИПтерге “Күтүлгөн натыйжалар” бөлүмүн киргизүү маселесин кароону сунуш кылабыз. | отурумунда 2023-жылга карата ИИП отчету бекитилген.<br>Байкоочу Кеңештин 2024-жылдын 19-январындагы 16-отурумунда 2022-2023-жылдарга карата ИИП отчету бекитилген.<br>Байкоочу Кеңештин 2024-жылдын 7-октябрындагы 17-отурумунда 2023-2024-жылдарга карата ИИП отчету бекитилген.<br>**2.** ИИП жөнүндө отчеттордо жана ИИПтерде “Күтүлгөн натыйжалар” бөлүмү жок. |
| **3.6. Тиешелүү жылга БАЖПИИни өнүктүрүү стратегиясы иштелип чыкканбы жана бекитилгенби?**<br>2023-2034-жылдарга БАЖПИИни өнүктүрүү стратегиясы Кеңеш берүүчү комиссиясынын 2022-жылдын 13-сентябрындагы 13-отурумунда каралган жана жактырылган, ал эми Байкоочу Кеңештин 2022-жылдын 12-октябрындагы 15-отурумунда бекитилген. | **Корутунду:**<br>**1.** 2023-2034-жылдарга БАЖПИИни өнүктүрүү стратегиясы Кеңеш берүүчү комиссиясынын 2022-жылдын 13-сентябрындагы 13-отурумунда каралган жана жактырылган, ал эми Байкоочу Кеңештин 2022-жылдын 12-октябрындагы 15-отурумунда бекитилген. |
| **4.1. Эл аралык таанылган басылмаларда (Web of Science, Core Collection, Scopus, Journal Citation Reports жана башка) БАЖПИИнин кызматкерлеринин жарыялоолорунун саны**<br>Уюштуруу келишиминин 7-параграфынын 3-пунктуна ылайык, “БАЖПИИ менен GFZ БАЖПИИнин ишинин алкагында келип чыккан натыйжаларды жарыялоо жөнүндө сүйлөшүшөт. Эреже катары, жыйынтыктар биргелешип жарыяланышы керек. Өзүнчө жарыяланган учурда, БАЖПИИ менен GFZ башка тараптын укуктуулугун эске алат. Башка атараптын | **Корутунду:**<br>**1.** 2021-2024-жылдары БАЖПИИ боюнча эл аралык таанылган журналдарда/басылма-ларда (Web of Science, Core collection, Scopus, Journal Citation Reports ж.б) 26 илимий иш жарыяланган. |

| | |
|---|---|
| жыйынтыктарын жарыялоо алдын ала макулдашылышы керек. Жарыялоолордо иштер биргелешип аткарылгандыгын жөнүндө шилтеме жасалышы керек”.<br>БАЖПИИнин Уставынын 2-параграфынын 3-пунктуна ылайык, БАЖПИИ алдына коюлган максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу үчүн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жарыялайт”.<br>2021-2024-жылдары БАЖПИИ боюнча эл аралык таанылган журналдарда/басылмаларда 26 илимий иш жарыяланган, анын ичинен: 2021-жылы - 6 илимий жарыялоо, 2022-жылы - 4 илимий жарыялоо, 2023-жылы - 5 илимий жарыялоо, 2024-жылы - 11 илимий жарыялоо. | |
| **4.2. Илимий иштерде Хирша индексинин көрсөткүчү кандай?**<br><br>2021-2024-жылдары БАЖПИИ боюнча цитата келтирилген иштин саны 121 жолду түзгөн, анын ичинен: 2021-жылы – 46 жолу, 2022-жылы – 49 жолу, 2023-жылы – 8 жолу, 2024-жылы – 18 жолу. | **Корутунду:**<br>**1.** 2021-2024-жылдары БАЖПИИ боюнча цитата келтирилген иштин саны 121 жолду түзгөн, анын ичинен: 2021-жылы – 46 жолу, 2022-жылы – 49 жолу, 2023-жылы – 8 жолу, 2024-жылы – 18 жолу. |
| **5.1. Сервистик/консультациялык кызматтарды көрсөтүү боюнча канча келишим/контракт түзүлгөн? 2021-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында кызмат көрсөтүүлөрдөн канча каражат келип түшкөн?**<br>Уюштуруу келишиминин 2-параграфынын 7-пунктуна ылайык, “Уюштуруучулар мамлекеттик уюмдар, эларалык уюмдар жана мамлекеттик органдар, коммерциялык ишканалар, юридикалык жана жеке жактар менен түзүлгөн келишимдин негизинде алынган каражаттарды, эки тараптуу жана көп кырдууу негизде эл аралык уюмдардын гранттарын жана кредиттерин, ошондой эле илимий өндүрүш, илимий билим берүү, басма жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка иш-аракеттерден алынган каражаттарды БАЖПИИ үчүн тартууга активдүү аракет кылышат”.<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген | **Корутундулар:**<br>**1**. 2021-2024 жылдарга чейинки мезгил аралыгында сервистик/консульта-циялык кызматтарды көрсөтүүгө 33 671,5 миң сом суммасындагы контракттар/келишим-дер түзүлгөн. Операциялык иштердин чыгымдары 32 812,6 миң сомду түзгөн.<br>**2**.Сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгымдар сметасына деталдаштырылган чыгымдары жок кызмат көрсөтүүлөр бекитилет. |

| | |
|---|---|
| БАЖПИИнин Уставынын 2-параграфынын 3, 4-пункттарына ылайык;<br>(3) БАЖПИИ алдына коюлган максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу үчүн иш-аракеттердин төмөндөгүдөй түрүн жүзөгө ашырат:<br>- Кыргыз Республикасынын, Германия Федеративдүү Республикасынын мекемелери, уюмдары жана чет өлкөлүк мекемелер жана өзгөчө келишим түзүү жолу аркылуу борбордук-азиялык мекемелер менен кызматташуу;<br>- коюлган максаттарга ылайык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген иш аракеттердин башка түрлөрүн жүргүзүү.<br>(4) БАЖПИИ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген тынчтык максаттарды гана көздөйт.<br>Коммерциялык эмес мүнөзү - 3- параграфтын 1, 2, 3- пункттары.<br>БАЖПИИ "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-статьясына ылайык экинчи параграфта көрсөтүлгөн коммерциялык эмес максаттарды көздөйт. Жер жөнүндөгү илимдер жаатында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана колдоо илимий изилдөөлөрдү аткарууга заказдар аркылуу жетишилүүгө тийиш.<br>Уставдык максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн БАЖПИИ ак ниет иш жүргүзөт, БАЖПИИ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чарбалык эсептеги ишти жүргүзө алат. Анын каражаттары Уставга ылайык келген максаттар үчүн гана колдонулушу мүмкүн. Эч бир жак ченемсиз жогору сыйлыктар менен сыйлана албайт.<br>Мүмкүн болгон кирешелер ушул Уставдын экинчи параграфында баяндалган милдеттер үчүн гана колдонулушу мүмкүн. Уюштуруучулар пайда албайт, ошондой эле уюштуруучулар болуп туруп БАЖПИИнин каражаттарынан башка пособиелерди да албайт.<br>01.01.2021-жылдан 31.12.2024-жылга чейинки мезгил аралыгында БАЖПИИ тарабынан сервистик/консультациялык кызматтарды көрсөтүүгө **33 671,5 миң сом** суммасындагы контракттар/келишимдер түзүлгөн. Жогоруда көрсөтүлгөн мезгил аралыгында сервис келишимдери | **3.** ICEM долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 токтомун бузуу менен, командировкалык чыгымдар 31,4 миң сомго уюлдук байланыш боюнча чыгымдарга жана 31 миң сом суммасында КММны төлөөгө киргизилген. Алар жогоруда көрсөтүлгөн токтомго ылайык чыгымдардын бул түрүнө кирбей тургандыгы аудит тарабынан белгиленген.<br>**4**. ICEM долбоору боюнча 20,0 миң сом суммасында өкүлчүлүк чыгымдары жүргүзүлгөн, алар чыгымдар сметасына кирген эмес, б.а. каражаттар негизсиз пайдаланылган.<br>**5.** “Кыргызстанда калыбына келтирүү мүмкүнчүлүктөрүн баалоо методологиясы (ROAM)” долбоору боюнча БАЖПИИ менен UNIQUE forestry and land use GmbH (Фрайбург, Германия) компаниясы менен 12,0 миң АКШ доллары суммасында консультациялык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө контрактка кол коюлган. Бул компания жогоруда көрсөтүлгөн долбоорго |

боюнча операциялык иштердин чыгымдары **32 812,6 миң сомду** түзгөн.

(миң сом)

| Долбоорлордун аталышы | Сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөр боюнча каражаттардын келип түшүүсү | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **2021-жыл** | **2022-жыл** | **2023-жыл** | **2024-жыл** |
| ICEM#20 | 3 975,3 | 2 680,1 | 146,3 | 0,00 |
| ICARDA | 1 030,9 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| ISOK - келишим | 0,00 | 55,3 | 831,0 | 0,00 |
| Келишим "Джер-Уй" | 367,2 | 474,0 | 474,0 | 955,0 |
| Кумтор 2 | 1 000,0 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| Токтой чарбасы ОРП жана УЛЭ | 1 222,7 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| Мерсико Кыргызстан | 20,9 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| Мерсико Кыргызстан-2 | 381,6 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| МИНҢ-КУШ (жер көчкүлөрү) | 0,00 | 494,9 | 0,00 | 449,3 |
| Жашыл Мурас долбоору | 0,00 | 1 630.2 | 0,00 | 0,00 |
| ARIS долбюоору | 210,2 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| UNIQUE долбоору | 481,7 | 0,00 | 0,00 | 564,3* |
| Кумтор сервис кызмат көрсөтүүлөрү | 508,8 | 470,6 | 476,4 | 0,00 |
| SCADA Каракол-Сууканал | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 12 232,3 |
| Жангарт долбоору | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 1 003,4 |
| ГИС Нарын шаары | 0,00 | 0,00 | 0,00 | |
| 4 жер көчкүсү Геоконсалт | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 976,8 |
| Өнүгүү каражаттары | 0 | 0 | 0 | 558,3** |
| **Бардыгы:** | **9 199,3** | **5 805,0** | **1 927,7** | **16 739,4** |

- UNIQUE долбоорунун карызы 564,3 миң сом суммасында

** “БАЖПИИ өнүгүү каражаттары” алыш-бериш эсебине 558,3 миң сомду кайтаруу

(миң сом)

| Долбоорлордун аталышы | Сервистик/консультациялык кызмат көсрөтүүлөр боюнча чыгымдар | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **2021-жыл** | **2022-жыл** | **2023-жыл** | **2024-жыл** |
| ICEM#20 | 3 903,4 | 2 700.7 | 123,0 | 0,00 |
| ICARDA | 1 034,3 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| ISOK - келишим | 0,00 | 55,2 | 829,7 | 0,00 |
| "Джер-Уй" келишими | 367,2 | 484,5 | 394,4 | 965,8 |
| Кумтор 2 | 988,2 | 16,0 | 0,00 | 0,00 |
| Токой чарбасы ОРП жана УЛЭ | 553,0 | 0,00 | 14,8 | 14,8 |
| Мерсико Кыргызстан | 20,8 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| Мерсико Кыргызстан-2 | 381,6 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| МИНҢ-КУШ (жер көчкүлөрү) | 0,00 | 137,3 | 357,6 | 448,9 |
| Жашыл Мурас долбоору | 0,00 | 1 542,2 | 88,0 | 0,03 |

изилдөө жүргүзүү үчүн Дүйнөлүк банк тарабынан жалданган. Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 2020-жылдын 1-декабрынан 2021-жылдын 31-декабрына чейин).

БАЖПИИ тарабынан көрсөтүлгөн мөөнөткө карата иштер аткарылган жана 2022-жылдын 14-мартында 6,3 миң АКШ доллары суммасында эсеп фактура берилген. Аткарылган кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө жыйынтык отчет UNIQUE компаниясы тарабынан 2022-жылдын февралында кабыл алынган

Бирок, каражаттар БАЖПИИге эмдигиче келип түшкөн эмес.

UNIQU компаниясынын карызы жөнүндө маселе, БАЖПИИнин Байкоочу Кеңешинин 2024-жылдын 19-январындагы отурумунда каралган, анын жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй чечим кабыл алынган:

а) UNIQU компаниясына карата БАЖПИИнин доосун расмий колдоо *(бул пункттун такталган котормосу - UNIQU компаниясына карата БАЖПИИнин доосу формалдуу түрдө күчүндө калат);* б) учурда Германияда эч

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ARIS долбоору | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| UNIQUE долбоору | 110,4 | 375,4 | 3,0 | 0,65 |
| Кумтор сервис кызмат көрсөтүүлөрү | 505,7 | 443,0 | 510,5 | 4,1 |
| SCADA Каракол-Сууканал | 0,00 | 0,00 | 435,2 | 11 100,9 |
| Жангарт долбоору | 0,00 | 0,00 | 148,3 | 975,1 |
| ГИС Нарын шаары | 747,4 | 0,00 | 4,1 | 4,1 |
| 4 жер көчкүсү Геоконсалт | 0,00 | 0,00 | 234,5 | 1 788,7 |
| Өнүгүү каражаттары | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Бардыгы:** | **8 612,0** | **5 754,3** | **3 143,1** | **15 303,2** |

Аудит тарабынан төмөндөгү келишимдер/контракттар каралган:

**1.** Азия өнүктүрүү банкы (мындан ары - АӨБ) Экологиялык менеджменттин эл аралык борбору (мындан ары - ICEM) менен жер көчкү тобокелдиктерин башкаруу боюнча техникалык-экономикалык негиздеме –инвестициялык долбоорду даярдоого Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине колдоо көрсөтүү жөнүндө келишим түзгөн.

2021-жылдын 16-июнунда БАЖПИИ менен Экологиялык менеджменттин эл аралык борборунун (ICEM) ортосунда 78,3 миң АКШ доллары суммасында локалдуу тутумду орнотуу үчүн 20 жер көчкү участкаларына геофизикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү жөнүндө суб-контракт түзүлгөн.

Контракттын мөөнөтү 2021-жылдын 18-июнунан 2021-жылдын 31-декабрына чейин (мөөнөтү 2022-жыдын мартынын аягына чейин узартылган).

“20 жер көчкү участкаларында геофизикалык изилдөөлөр” долбоору боюнча 27,9 миң АКШ доллары суммасында 11 адамдан турган штаттык жүгүртмө, жогоруда аталган долбоордун административдик персоналынын 4,2 миң АКШ доллары суммасында 6 адамдан турган штаттык жүгүртмөсү, ошондой эле жалпы 78,3 миң АКШ доллары суммасындагы чыгымдар сметасы БАЖПИИнин тең директордун 2021-жылдын 19-июлундагы № 67/3-А и № 67/2 – А буйругу менен бекитилген.

Чыгымдар сметасына эмгек акы, Социалдык фондго чегерүүлөр, командировкалык жана транспорттук чыгымдар, коштомо чыгымдар, байланыш,

кандай юридикалык аракеттер көрүлгөн эмес;
в) кардар катары Дүйнөлүк банк менен Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы бул маселе боюнча БАЖПИИ маалымат бериши керек;
г) Директорат бул маселе боюнча жоопкерчиликтен бошотулсун.

Мында, БАЖПИИ тарабынан Дүйнөлүк банкка жана Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасына кайрылуу жөнүндө БАЖПИИнин Байкоочу Кеңешинин 2024-жылдын 19-январындагы чечими, аудиттин жүрүшүндө 2024-жылдын декабрында жана 2025-жылдын февралында гана аткарылган.

Карыздын 6,2 миң АКШ доллары суммасын БАЖПИИ отчетунда эсепке алынган эмес, аудиттин жүрүшүндө гана эсепке алынган.

**6.** ISOK долборунун келишимине ылайык:
Жогоруда аталган долбоор боюнча семинарларды өткөрүүдө семинардын катышуучуларына каттоо барактары толтурулган эмес анын

| | |
|---|---|
| материалдар жана деталдаштырылган чыгымдары жок кызмат көрсөтүүлөр кирген.<br>Техникалык тапшырмада негизги курамдын эмгек акысы бекитилген сметага караганда төмөн көрсөтүлгөн (кызматкерлердин оозеки түшүндүрмөсү боюнча бул смета ICEM тарабынан жактырылган, бирок жазуу жүзүндө жактыруу жок). Ошондой эле, 31,7 миң АКШ доллары суммасында штаттык жүгүртмө бекитилген, анын ичинен, администрация - 4,1 миң АКШ доллары суммасында жана кызматкерлердин негизги курамы - 27,9 миң АКШ доллары суммасында, бардыгы 32,0 миң АКШ доллары, 0,3 миң АКШ долларына көп, бул болсо, бекитилгенге караганда (27 932+4 150 = 32 082; 32 082 - 31 700 = 382). Бул суб-контрактты ишке ашыруунун жүрүшүндө административдик курам боюнча аткаруучулардын саны 3 адамга, ал эми негизги курам боюнча 1 адамга кыскарган. Ошондой эле, административдик курам боюнча штаттык жүгүртмөнүн ичи 4 150 АКШ долларынан 4 343 АКШ долларына чейин көбөйтүлгөн (193,34 АКШ долларына көбөйтүлгөн).<br>Ошентип, долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө, контракттын жалпы суммасы өзгөрүлбөстөн, аткаруучулардын саны жана айрым кызматкрелердин эмгек акылары өзгөргөн. Мында, кызматкерлердин оозеки түшүндүрмөсү боюнча ICEM тарабынан жактырылган жана финалдык отчет бекитилген).<br>2021-жылдын 12-июлунда БАЖПИИнин № 1280026053514590 алыш-бериш эсебине 23,4 мин АКШ доллары же 1 986,6 миң сом, 2021-жылдын 1-январына – 23,4 мин АКШ доллары же 1 986,6 миң сом, 2021-жылдын 1-ноябрына – 23,4 мин АКШ доллары же 1 988,6 миң сом келип түшкөн. 2021-жылы 46,9 миң АКШ доллары же 3 975,2 миң сом келип түшкөн.<br>2022-жылдын 16-ноябрында БАЖПИИнин № 1280026053514590 алыш-бериш эсебине 31,3 миң АКШ доллары же 2 639,4 миң сом келип түшкөн.<br>2021-жылы бул суб-контракт боюнча 43,4 миң АКШ доллары же 3 975,1 миң сом суммасындагы каражаттар пайдаланылган. Анын ичинен: эмгек акыга - 651,8 миң сом, СФга чегерүүлөр – 112,4 миң сом, картриджлерди сатып алуу – 74,8 миң сом, телефондорду жана чыгым материалдарын сатып алуу | ичинен 2023-жылдын 24-апрелинде 20 катышуучу, 2023-жылдын 25-апрелинде 70 катышуучу, 2023-жылдын 28-апрелинде 40 катышуучу, буга байланыштуу 286,7 миң сомго семинар өткөрүүлгондугун ырастоого мүмкүн эмес. Белгилей кетсек, номери жана датасы жок Келишим көрсөтүлгөн.<br>Мындан тышкары, жооптуу адам өткөрүлгөн семинарлар боюнча аванстык отчетту 1 ай аралыкта тапшырган (31.05.2023), башкача айтканда 2024-жылдын 22-январында бекитилген № 1П Мамлекеттик башкаруу секторундагы уюмдар тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө жобонун 304-пункту бузулган.<br>Ошондой эле 73,3 миң сом (17,2 миң сом + 56,0 миң сом) өлчөмүндөгү чыгымдарынын сметасы бекитилген эмес.<br>**7.** Аудит тарабынан төмөндөгүлө белгиленген. Бардык долбоорлор боюнча деталдашкан эсептөөлөрү жок туруп, сервистик/консультация лык кызмат көрсөтүүгө сметалар бекитилген. |

| | |
|---|---|
| – 74,7 миң сом (амортизациялоо суммасы жок – 3,0 миң сом) кеңсе товарларын сатып алуу – 7,7 миң сом, транспорттук кызматтар – 1 049,5 миң сом, дрон ижара кызматы – 90,0 миң сом, жыгач конструкцияларын иштеп чыгуу кызматы – 123,2 миң сом, жылуулукту эсепке алуу тутумун демонтаждоо кызматы – 30,0 миң сом, дронду оңдоо үчүн чыгым материалдары – 18,8 миң сом, өкүлчүлүк чыгымдары – 20,0 миң сом, чыгым материалдары – 194,0 миң сом, электр энергиясы үчүн коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр – 12,9 миң сом, командировкалык чыгымдар – 1 505,1 миң сом, банк кызматы – 7,5 миң сом, курстук айырмадан чыгым – 2,5 миң сом.<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 токтомун бузуу менен, командировкалык чыгымдар **31,4 миң** сомго уюлдук байланыш боюнча чыгымдарга жана **31,0 миң сом** суммасында КММны төлөөгө киргизилген. Алар жогоруда көрсөтүлгөн токтомго ылайык чыгымдардын бул түрүнө кирбей тургандыгы аудит тарабынан белгиленген. **20,0 миң сом** суммасында өкүлчүлүк чыгымдары жүргүзүлгөн, б.а. каражаттар негизсиз пайдаланылган.<br>Бул долбоор боюнча 20,0 миң сом суммасындагы 2x1,09 өлчөмүндөгү географиялык карталар сатылып алынган, алар кийин үчүнчү жакка кайтарымсыз берилген (БАЖПИИнин теӊ директору тарабынан бекитилген 2021-жылдын 15-декабрындагы эсептен чыгаруу актысы).<br>01.01.2022-жылга карата № 1280026053514690 алыш-бериш эсебиндеги калдык 3,4 миң АКШ долларын (292,5 миң сом) түзгөн; № 1280026053514691 эсебиндеги калдык 4,9 миң сомду түзгөн.<br>2022-жылы бул суб-контракт (ICEM) боюнча эмгек акы (2 072,4 миң сом) жана эки кызматкерге сый акы (194,0 миң сом) бардыгы болуп 2 266,4 миң сом суммасында, Соцфондго чегерүүлөр – 390,9 миң сом, бардыгы болуп 2 657,7 миң сом төлөнгөн. Ошондой эле, 43,4 миң сом суммасында административдик чыгымдар жүргүзүлгөн. Алыш-бериш эсебиндеги каражаттардын калдыгы 01.01.2023-жылга карата 0 сомду түзгөн.<br>Бул суб-контракт боюнча аткарылган кызмат көрсөтүүлөрдүн актысына 2022-жылдын 13- | Сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруунун жүрүшүндө негизги аткаруучулар алмаштырылган.<br>Бардык сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөр боюнча конкреттүү аткаруучулардын штаттык жүгүртмөсү жок, төмөндөгү төрт долбоордон сырткары: “Мин-куш поселогундагы жер көчкү коркунучун жана тобокелдиктерин баалоо”, “Туюк-Суу жер көчкүсүн геофизикалык баалоо”, Маалыматтарды тейлөө жана талдоо метеостанциясынын орнотмосун которуу”, “20 кооптуу жер көчкү участкаларындагы геофизикалык изилдөө”.<br>Айрым долбоорлор боюнча конкреттүү аткаруучулар менен эмгек акы жылдын аягында бекитилет. Көпчүлүк долбоорлор боюнча аткарылган иштердин актылары, өткөрүлгөн иш-чаралар жөнүндө отчеттор (аралык отчеттор жана долбоордун аяктагандыгы жөнүндө финалдык отчеттор) жок. Белгилей кетчү нерсе, БАЖПИИде сервистик/консультация |

| | |
|---|---|
| декабрында БАЖПИИ менен ICEM ортосунда кол коюлган. Белгилей кетсек, долбоордук каражаттар көбүнчө кечирээк келет, ошондуктан долбоорлордун ортосунда убактылуу карыз алуу практикасы бар.<br>Акча каражаттарынын жетишсиздигинен улам, долбоорлор ортосунда өз ара карыз алышуу практикасы бар. Алсак, 2021-жылдын 12-ноябрында ICEM тарабынан “Өнүгүү каражаттары” зайымы 6,0 миң доллары же 508,8 миң сомдо берилген, ал ошол эле күнүн ICEMдин эсебине кайтарылган.<br>GCO алдында ICEM долбоорунун кредиттик карызы 01.01.2022-жылга карата 292,5 миң сомду түзгөн. 01.01.2023-жылга карата GCO алдындагы карыз төлөнгөн.<br>Жогоруда көрсөтүлгөн долбоор боюнча 2022-жылдын 20-июлунда кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы БАЖПИИ тарабынан КР ӨКМ ДИБине 4 бирдиктеги тышкы топтоо HDD (2 Tb) дисклери жана RedMi Note мобилдик телефону өткөрүлүп берилген.<br>**2.** 2020-жылдын декабрында БАЖПИИ UNIQUE forestry and land use GmbH (Фрайбург, Германия), компаниясы менен консультациялык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө контрактка кол коюлган. Ал, “Кыргызстанда калыбына келтирүү мүмкүнчүлүктөрүн баалоо методологиясы (ROAM)” долбоору боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн Дүйнөлүк банк тарабынан жалданган. Бул долбоор чет өлкөлүк өнөктөштөр менен бирге БАЖПИИнин адистери тарабынан ишке ашырылууда (контракттын суммасы 12,0 **миң** АКШ долларын түзгөн долбоордун мөөнөтү 2020-жылдын 1-декабрынан 2021-жылдын 31-декабрына чейин).<br>Изилдөө максаты болуп, ландшафты калыбына келтирүү жана улуттук деңгээлде Кыргыз Республикасындагы Токтогул суу сактагычында седименттердин агымын азайтуу максатында, суу топтоо аянтын башкаруу боюнча жүргүзүлгөн комплекстүүү чараларга талдоо жүргүзүү эсептелет.<br>Бул изилдөөнүн алкагында БАЖПИИ тарабынан Токтогул суу сактагычынын<br>Батиметрикалык сьемкасы, анын акваторунда седиментациялоо көлөмүн жана ылдамдыгын баалоо боюнча маалыматтар берилген. Спутник сүрөттөрүн алдоонун негизинде, мөңгүлөрдүн абалын жана | лык кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруу жана гранттык жардамдар жөнүндө ички ченемдик документтер жок (товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну жүргүзүү, ошондой эле төлөмдөр жөнүндө жоболор).<br>Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 **“**Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, БАЖПИИ республикалык бюджеттен каржыланганына карабастан, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестринн кирбейт.<br>Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 19-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн |

| | |
|---|---|
| Токтогул бассейнинде алардын көп жылдык өзгөрүүлөрүн баалоо жүргүзүлгөн, алардын эрозиондук жана едиментациялык процесстерде ролу аныкталган. Ошондой эле, эрозиялык процесстердин өнүгүү деңгээли, өсүмдүктөрдүн деградациясынын интенсивдүүлүгү жана терс процесстерди азайтуу боюнча алдын ала иштеп чыгууларды баалоо максатында, бир нече негизги участоктор изилденген.<br>Бул долбоорду ишке ашыруу үчүн, KICBде 2018-жылдын 29-июнунда сом менен алыш-бериш эсеби ачылган. 2023-жылдан тартып АКШ долларындагы алыш-бериш эсеби «WE-ACT» долбоору үчүн АКШ долларындагы операцияларды эсепке алуу үчүн пайдаланылат.<br>01.01.2021-жылдагы абал боюнча UNIQUE долбоорунун № 1280016049131305 алыш-бериш эсебинде акча болгон эмес; 01.01.2022-жылы – 0 сом; 01.01.2023-жылы – 4,9 миң сом; 01.01.2024-жылы – 0,8 миң сом.<br>01.01.2021-жылдагы абал боюнча № 1280010100379682 (АКШ долларындагы) алыш-бериш эсебинде АКШ доллары болгон эмес; 01.01.2022-жылы – 4,6 миң АКШ доллары; 01.01.2023-жылы – 47,15 АКШ доллары; 01.01.2024-жылы - 0,15 АКШ доллары.<br>2021-жылдын 17-ноябрында № 1280016049131305 алыш-бериш эсебине 2 АКШ доллары үчүн 84,80 сом курсу (481 7, миң сом) боюнча 5,6 миң АКШ доллары суммасындагы каражаттар келип түшкөн.<br>2021-жылы бул долбоор боюнча төмөндөгүдөй чыгымдар жүргүзүлгөн: коммуналдык кызматтарга (жылуулук энергиясы үчүн) – 54,8 миң сом; шкафтар үчүн стеллаждарды даярдоого – 9,0 миң сом; кеңсе товарларына – 8,8 миң сом; командировкалык чыгымдарга – 29,8 миң сом (мейманканада жашоого – 20,8 миң сом, суткалык чыгымдар – 9,0 миң сом); жыгач конструкцияларын иштеп чыгуу кызматына – 7,8 миң сом; курстук айырма – 0,08 миң сом, операциялык чыгымдарга – 0,03 миң сом. 2021-жылы бардык чыгымдар 110,3 миң сомду түзгөн.<br>2022-жылы эмгек акыга, Социалдык фондго чегерүүлөргө - 100,0 миң сом (85,3 миң сом +14,7 миң сом), КММга – 5,0 миң сом, коммуналдык кызматтарга – 265,7 миң сом (жылуулук энергиясы кызматына | реестрлерине ылайык кызмат көрсөтүүлөрдөн кирешелер түрүндө алынуучу каражаттар мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр болуп саналат.<br>БАЖПИИ республикалык бюджеттен каржыланганын эске алуу менен, сервистик/консультация лык кызмат көрсөтүү жөнүндө Жобону иштеп чыгышы, ошондой эле атайын эсепти ачуу маселесин бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашышы жана мамлекеттик кызматтардын реестрине киргизиши керек.<br>Мындан сырткары, чыгымдардын ар бир беренелери боюнча деталдуу эсептөөлөр, ошондой эле аларды ишке ашыруу боюнча бекитилген иш-чаралар планы менен сервистик/консультация лык кызмат көрсөтүү боюнча чыгымдар сметасын бекитүү керек деп эсептейбиз. |

| | |
|---|---|
| төлөө – 237,6 миң сом жана туумдарды эсептөө – 28,1 миң сом), кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга – 2,3 миң сом, операциялык курстук айырмадан чыгымдар – 2,4 миң сом. **2022-жылы бардык чыгымдар 375,4 миң сомду түзгөн.**<br>2023-жылы **3,0 миң** сом суммасында административдик чыгымдар жүргүзүлгөн. Ошентип, бул долбоор боюнча 01.01.2021-жылдан 31.12.2024-жылга чейинки мезгил аралыгында **488,8 миң сом** суммасындагы чыгымдар жүргүзүлгөн.<br>Аткарылган кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө жыйынтык отчет компания тарабынан 2022-жылдын февралында кабыл алынган. 2022-жылдын 14-мартында БАЖПИИ 6,3 миң АКШ доллары суммасында № 2 эсеп фактураны берген. 23-мартта UNIQU компаниясы 6,2 миң АКШ доллары (6 320 – 120 = 6 200) өлчөмүндө которгон, алар алуучу банктагы БАЖПИИнин банктык эсебине чегерилген. UNIQU компаниясы менен узакка созулган кат алышуудан кийин, компания БАЖПИИге “каражаттарды бөгөттөн чыгаруу үчүн АКШнын Чет элдик активдерди контролдоо боюнча башкармалыгына жаткырууга табыштама берүүгө туура келди” деп билдирген. БАЖПИИ 1,5 жыл ичинде компания менен каты алышкан, Кыргыз Республикасындагы ГФР элчисине – БАЖПИИнин Байкоочу Кеңешинин мүчөсүнө, ошондой эле Дүйнөлүк банктык кеңсесине кайрылган.<br>UNIQU компаниясынын карызы жөнүндө маселе, БАЖПИИнин Байкоочу Кеңешинин 2024-жылдын 19-январындагы отурумунда каралган, анын жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй чечим кабыл алынган: а) UNIQU компаниясына карата БАЖПИИнин доосун расмий колдоо *(бул пункттун такталган котормосу - UNIQU компаниясына карата БАЖПИИнин доосу формалдуу түрдө күчүндө калат);* б) учурда Германияда эч кандай юридикалык аракеттер көрүлгөн эмес; в) кардар катары Дүйнөлүк банк менен Кыргыз Республикасынын соода-өнөр жай палатасы бул маселе боюнча БАЖПИИ маалымат бериши керек; г) Директорат бул маселе боюнча жоопкерчиликтен бошотулсун.<br>Мында, Дүйнөлүк банк менен Кыргыз Республикасынын соода-өнөр жай палатасына кайрылуу жөнүндө БАЖПИИнин Байкоочу | |

| | |
|---|---|
| Кеңешинин 2024-жылдын 19-январындагы чечими, аудиттин жүрүшүндө 2024-жылдын декабрында жана 2025-жылдын февралында гана аткарылган. БАЖПИИ *UNIQUE компаниясы тарабынан* 6,2 миң АКШ доллары өлчөмүндө контракттын суммасын төлөбөгөндүгү боюнча кырдаал тууралуу Дүйнөлүк банкка 2024-жылдын 25-декабрында кат жөнөткөн. *Ага карата 2025-жылдын 27-январында жооп алынган, анда Дүйнөлүк банк* контракттын тарабы болуп эсептелбей тургандыгын жана Дүйнөлүк банктын жоопкерчилиги контракттын эки тарабынын ортосундагы өз ара мамилеге жайылтылбай тургандыгын билдирген. Ошондой эле, БАЖПИИ тарабынан Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасына UNIQUE менен түзүлгөн жагдай жөнүндө маалымат менен кат (26.02.2025-жылдагы (№ 23) жөнөтүлгөн. Ушул кезге чейин Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынан жооп келген эмес.<br>Карыздын бул суммасы БАЖПИИ балансы боюнча эсепке алынган эмес, *аудиттин жүрүшүндө гана эсепке алынган.* | |
| **3.** БАЖПИИнин № 1280026053514590 алыш-бериш эсебине 2023-жылдын 1-августунда долбоор боюнча маселелерди талкуулоого ICEM, ДБ жана БАЖПИИнин жумушчу жолугушуусуна катышуу үчүн, ICEMден 1,7 миң АКШ доллары же 146,3 миң сом келип түшкөн.<br>Бул долбоор боюнча чыгымдар төмөндөгүлөрдү түзгөн:<br>-авиа билеттерди сатып алуу – 31,7 миң сом;<br>- синхрондук которуу үчүн жабдууларды берүү боюнча кызмат көрсөтүүсү - 29,8 миң сом;<br>- командировкалык чыгымдар – 31,3 миң сом суммасында.<br>- негизги каражаттардын амортизациялык чыгашалары – 22,8 миң сом;<br>- коммуналдык чыгымдар – 4,9 миң сом;<br>- операциялык курстук айырмачылыктардан зыян – 2,5 миң сом.<br>**Жыйынтыгында чыгымдар 123,0 миң сомду түзгөн.**<br>31.12.2023-жылга карата № 1280026053514590 алыш-бериш эсебиндеги каражаттардын калдыгы - 643,0 | |

| | |
|---|---|
| АКШ долларын, № 1280026053514591 эсебинде - 333,64 сомду түзгөн.<br>**4. БАЖПИИ менен “Интернет коомунун кыргыз бөлүмү” коомдук бирикмесинин ортосунда түзүлгөн меморандум (мындан ары - ISOK келишими)** 2022-жылдын 1-октябрында 55,3 миң сом суммасында, 2023-жылы 831,0 миң сом суммасында түзүлгөн. Долбоордун максаты болуп, Кыргызстандын тоолуу райондорунда өзгөчө кырдаалды алдын алуу жана мониторинг жүргүзүү үчүн, LoRaWAN технологиясы боюнча интернет жамааттык тармагынын коопсуз жана ачык инфра түзүмүн түзүмүн түзүү болуп эсептелет. Бул долбоор боюнча келечектүү жана жаңы LoRaWAN технологиясы боюнча өзүнүн маалыматтарын берүүчү, курчап турган чөйрөнүн параметрлерин өлчөөнүн көптөгөн датчиктерин камтыган, 2 жаңы метеостанцияны орнотууга жана металл конструкцияларды даярдоого ISOK компаниясынын жардамы көрсөтүлгөн.<br>ISOK долбоору боюнча кирешелер 2022-жылы - 55,3 миң сомду, 2023-жылы - 831,0 миң сомду түзгөн (2022-жылдын 12-декабрында - 55,3 миң сом, 2023-жылдын 18-апрелинде - 218,8 миң сом, 2023-жылдын 24-апрелинде – 170,0 миң сом, 2023-жылдын 26-апрелинде – 442,2 миң сом). 2023 жылдын 1 январына банктагы эсепте калдык 5,2 миң сомду түзөт.<br>Долбоор боюнча чыгымдар сметасы 2023-жылдын 23-апрелинде тен директор тарабынан 831,0 миң сом суммасында бекитилген.<br>ISOK долбоору боюнча чыгымдар 2022-жылы 55,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен:<br>- эмгек акыга – 42,6 миң сом;<br>- камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүүгө – 7,4 миң сом;<br>- жылуулук энергиясы үчүн кызматка төлөөгө – 5,2 миң сом.<br>Долбоор боюнча чыгымдар 2023-жылы 829,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен:<br>- жергиликтүү командировкалык чыгымдарга - 27,2 миң сом (документи жок жашоо – 4,2 миң сом; суткалык чыгымдар – 14,5 миң сом; транспорттук чыгымдар – 8,5 миң сом);<br>- станцияны куруу үчүн материалдарды сатып алуу – 105,5 миң сом; | |

| | |
|---|---|
| - кызматтык авто үчүн КММ сатып алуу жана аны оңдоого – 18,6 миң сом;<br>- конференц-залдагыны ковролин алмаштыруу үчүн ковролин сатып алуу -59,5 миң сом;<br>- өкүлчүлүк чыгымдары – 56,0 миң сом;<br>- жана башка чыгымдары – 16,0 миң сом;<br>- семинарларды өткөрүүгө – 288,8 миң сом;<br>- долбоордун катышуучуларынын эмгек акысына - 220,0 миң сом жана камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү 37,9 миң сом.<br>Долбоор боюнча аткарылган иштердин актысына БАЖПИИ 2023-жылдын 1-августунда кол койгон.<br>Жылдын аягындагы каражаттардын калдыгы 1,9 миң сомду түзгөн.<br>ISOK долборунун келишимине ылайык:<br>Жогоруда аталган долбоор боюнча семинарларды өткөрүүдө семинардын катышуучуларына каттоо барактары толтурулган эмес анын ичинен 2023-жылдын 24-апрелинде 20 катышуучу, 2023-жылдын 25-апрелинде 70 катышуучу, 2023-жылдын 28-апрелинде 40 катышуучу, буга байланыштуу 286,7 миң сомго семинар өткөрүүлгөндүгүн ырастоого мүмкүн эмес. Белгилей кетсек, номери жана датасы жок Келишим көрсөтүлгөн.<br>Мындан тышкары, жооптуу адам. өткөрүлгөн семинарлар боюнча аванстык отчетту 1 ай аралыкта тапшырган (31.05.2023), башкача айтканда 2024-жылдын 22-январында бекитилген № 1П Мамлекеттик башкаруу секторундагы уюмдар тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө жобонун 304-пункту бузулган.<br>Ошондой эле 73,3 миң сом (17,2 миң сом + 56,0 миң сом) өлчөмүндөгү чыгымдарынын сметасы бекитилген эмес. | |
| **5. БАЖПИИ менен "Кумтор Оперейтинг Компани" ЖАКнын ортосунда түзүлгөн 2024-жылдын 15-августундагы № Т-КОК-0039 Подряд келишими боюнча,** Тоголок жана Жангарт кенинин концессиялык аянтындагы мөңгүлөргө **1 003,4 миң сом** суммасында изилдөө (мониторинг) жүргүзүү пландалган. Чыгымдар сметасы тең директордун 2024-жылдын 28-ноябрындагы № 141 – А буйругу менен 1 003,4 миң сом суммасында бекитилген. | |

| | |
|---|---|
| Иштер өзүнө чыгуу менен байкоолорду, талаа маалыматтарын топтоону жана талдоону, ошондой эле мөңгүлөрдүн абалы боюнча алынган маалыматты иштеп чыгууну камтыган. Жангарт дарыясынын бассейнинде изилдөөнүн жүрүшүндө мөңгү тутумдары, заманбап муз тоңууга таасир берген климаттык шарттар жана рельеф мүнөздөлгөн. № 204 мөңгүдө талаа жана рекогносцировалык иштер жүргүзүлгөн, БПЛА менен аэрофотосъемка тартылган, массанын балансын баалоо үчүн абляциялык рейкалар орнотулган. Келишимди аткаруунун жыйынтыгы боюнча БАЖПИИ Буюртма берүүчүгө илимий-техникалык отчетту берген.<br>2024-жылдын 28-августунда “Кумтор Оперейтинг Компани” ЖАКы БАЖПИИге 301,0 миң сом суммасындагы жана 2024-жылдын 21-ноябрында 702,3 миң сом суммасындагы авансты чегерген.<br>Бул келишим боюнча чыгымдар отчеттук жылы төмөндөгүлөрдү түзгөн:<br>- эмгек акыга жана камсыздандыруу төгүмдөрүнө – 578,6 миң сом жана 99,8 миң сом;<br>- командировкалык чыгымдарга – 175,8 миң сом;<br>- жүргүнчүлөрдү жана жүктү ташуу боюнча транспорт кызматына – 120,0 миң сом;<br>- банк кызматына – 0,9 миң сом.<br>**Чыгымдарын жыйынтыгы: 975,1 миң сом.**<br>Эсебиндеги каражаттардын калдыгы 0,9 миң сомду түзгөн.<br>Ишти өткөрүп берүү - кабыл алуу актысы (илимий-техникалык отчет) 2024-жылдын 25 октябрында жүргүзүлгөн.<br>**6. 2023-жылдын 13-июнунда БАЖПИИ менен “Каракол суу каналы” муниципалдык ишканасынын ортосунда 173,1 миң евро же кол коюлган кунге карата 16 165,1 миң сом суммасында келишим түзүлгөн.**<br>“Каракол суу каналы” муниципалдык ишканасы тарабынан 2022-жылы “Суу түтүктөр тармагын алмаштыруу жана кеңейтүү, суу ченегичтерди жана билинг системасын жеткирүү жана орнотуу жана сууга электр эсептегичтерин жана SCADA маалыматтарын топтоо жана диспетчердик контролдоо системасын коюу” долбоору боюнча тенедер жарыяланган. БАЖПИИ менен консорциум | |

| | |
|---|---|
| «ПМ Консалтинг» ЖЧКсы долбоор боюнча тендердик документтерди биргелешип даярдоо жана берүү үчүн консорциум түзүү жөнүндө сүйлөшүшкөн. Долбоор боюнча аткарылган иштер боюнча БАЖПИИ менен консорциум «ПМ Консалтинг» ЖЧКсынын ортосундагы Консорциум жөнүндө макулдашууга 2022-жылдын 21-сентябрында кол коюлган. Бул № 01/22 Макулдашууга 2022-жылдын 1-ноябрында кол коюлган.<br>№ 3 лот боюнча тендердин жыйынтыктары боюнча БАЖПИИ менен «ПМ Консалтинг» ЖЧКсынын консорциуму жеңип алган. "Каракол суу каналы" муниципалдык ишканасы, БАЖПИИ менен «ПМ Консалтинг» ЖЧКсынын консорциумунун ортосунда 173,1 миң евро суммасындагы контракт 2023-жылдын 13-июнунда түзүлгөн.<br>Долбоордун максаты болуп, Каракол шаарындагы "Суу канал" муниципалдык ишканасы үчүн SCADA-Каракол маалымат тутумун иштеп чыгуу болуп эсептелет.<br>Долбоордун милдети болуп, суу чыгымдарына датчиктерди орнотуу, борбордук серверге маалыматтары автоматтык түрдө берүүнү уюштуруу, маалыматтарды топтоо, көрсөтүү жана иштеп чыгуу программасын жана маалыматтар базасын иштеп чыгуу.<br>Банктын кепилдикти берүү жөнүндө № B1.4-01-K-01/86 келишими БАЖПИИ менен «КИКБ» ЖЧКсынын ортосунда 2023-жылдын 2-июнунда түзүлгөн. Бул Келишим боюнча банктык кепилдик 17,1 миң евро суммасында берилген. БАЖПИИге банктык кепилдик суу түтүктөр тармагын алмаштыруу жа кеңейтүү, суу эсептегичтери менен жабдуу, аларды жана эсепке алуу тутумун орнотуу үчүн берилген.<br>БАЖПИИ «ПМ Консалтинг» ЖЧКсы консорциуму менен SCADA тутуму иштелип чыккан, маалыматтарды автоматтык түрдө топтоо уюштурулган, ал үчүн маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу жана көрсөтүү программасы иштелип чыккан. Ошондой эле, Компоновщик, абоненттерди жана түтүктөрдү участкаларга кошуу, гидромоделдөө жана тармтактын үзгү-үлтүккө учурабашын текшерүү, Диспетчедик кызмат модулдарын камтуу менен, суу менен жабдуу жана суу бөлүштүрүү тутумунун | |

| | |
|---|---|
| картографиялык маалыматтарын киргизүү жана редакциялоо менен ГИС WSS-WebGIS тутумунун жаңы версиясы иштелип чыккан.<br>Аткарылган иштердин жыйынтык актысы 27.06.2024-жылы **146,5 миң евро.**<br>**БАЖПИИнин алыш-бериш эсебине 131,9 миң евро же 12 232,4 миң сом келип түшкөн.**<br>Бул долбоор боюнча 11 100,9 миң сом суммасында чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен:<br>- Долбоордун катышуучуларына эмгек акы жана камсыздандыруу төгүмдөрү тиешелүү түрдө 2 650,9 миң сом жана 457,2 миң сом;<br>- аткарылган иштердин актысы боюнча «ПМ Консалтинг» ЖЧКсына 7 009,3 миң сом чегерилген;<br>- абонентти кошуу боюнча аткарылган иштердин актысы боюнча 201,4 миң сом суммасында акча каражаттары чегерилген;<br>- жыл ичиндеги байланыш кызматы үчүн чыгымдар 168,8 миң сом суммасында таанылган;<br>- 237,6 миң сом суммасында жабдуулар сатылып алынган (кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы менен Каракол шаарындагы “Суу канал” муниципалдык ишканасына берилген);<br>- Программалык камсыздоону иштеп чыгууга төлөө боюнча 27,3 миң сом чыгымдар таанылган;<br>- видеомонтаж кызматына 38,0 миң сом чегерилген;<br>- операцияларды жүргүзүүдө банктын кызматы – 22,1 миң сомду;<br>- кызматкерлердин командировкалык чыгымдары – 210,2 миң сомду;<br>- Кызматтык автомобилдерди оңдоо - 4,0 миң сомду;<br>- Курстук айырмадан чыгым – 74,1 миң сомду түзгөн.<br>Аудит тарабынан төмөндөгүлөр белгиленген. Сервистик контракт боюнча деталдаштырылган эсептөөлөрсүз кызмат көрсөтүүгө карата сметалар түзүлгөн (мисалы, бир эле сап менен аткаруучуларды көрсөтпөстөн, төмөндөгүдөй чыгымдар беренелери бекитилген: эмгек акы, Социалдык фондго чегерүү, командировкалык чыгымдар жана коштомо чыгымдар). | |

| | |
|---|---|
| Сервистик/консультациялык кызматтарды ишке ашыруунун жүрүшүндө, негизги аткаруучулар алмаштырылат.<br>GCO, CAWA, НАП ПРООН, Кумтор - 1, UNIQUE, UNESCO, “Өнүгүү каражаттары, Жер үй долбоорлору боюнча операциялар кол менен 1С программасында аткарылган. Бирок, Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча” Жобонун 5-параграфынын 96-пунктуна ылайык, документтик тастыктоону тариздебестен ар кандай оңдоолорду маалыматтардын электрондук базаларына түздөн-түз киргизүүгө жол берилбейт”.<br>Аудиттин жүрүшүндө, көпчүлүк долбоорлор боюнча “Өкүлчүлүк чыгымдары” беренеси боюнча чыгымдар Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча” Жобонун ченемдери сакталбастан жүргүзүлгөнү (БАЖПИИ жетекчисинин буйругу чыкпастан, сметаларды, катышуучулардын тизмесин, актыларды, отчетторду бекитпестен) аныкталган.<br>Ошондой эле, Контракттын/Келишимдин суммасынан 20 % өлчөмүндө белгиленген “Коштомо чыгымдар” беренеси боюнча чыгымдар жүргүзүлгөн.<br>Бардык сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөр боюнча конкреттүү аткаруучулардын штаттык жүгүртмөсү жок, төмөндөгү төрт долбоордон сырткары, “Мин-Куш” поселкасындагы жер көчкү коркунучтарын жана тобокелдиктерин баалоо”, “Туюк-Суу жер көчкүсүн геофизикалык баалоо”, “Метеостанциясын орнотуу-которуу, тейлөө жана маалыматтарды талдоо”, “20 жер көчкү участкаларына геофизикалык изилдөө”.<br>Конкреттүү аткаруучулар менен эмгек акылар жылдын аягында бекитилет. Көпчүлүк долбоорлор боюнча аткарылган иштердин актылары, өткөрүлгөн иш-чаралар отчеттор жана финалдык отчеттор жок.<br>Белгилей кетчү нерсе, сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруу жана берилген гранттык жардамдар боюнча ички ченемдик документтер (товарларды, жумуштарды жана кызмат | |

| | |
|---|---|
| көрсөтүүлөрдү сатып алуу жол-жоболорун өткөрүү, ошондой эле төлөмдөр жөнүндө жоболор/колдонмолор.<br>Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, БАЖПИИ республикалык бюджеттен каржыланганына карабастан, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрине кирбейт.<br>Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 19-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлерине ылайык кызмат көрсөтүүлөрдөн кирешелер түрүндө алынуучу каражаттар мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр болуп саналат.<br>БАЖПИИ республикалык бюджеттен каржыланганын эске алуу менен, Сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө Жобону иштеп чыгууну, ошондой эле атайын эсепти ачуу жөнүндө маселени бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашууну жана мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестрине киргизүүнү сунуш кылабыз.<br>Мындан сырткары, ар бир чыгымдар беренеси боюнча деталдуу эсептөөлөр, ошондой эле алар боюнча иш-чаралар планы менен, сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгымдар сметасын бекитүү керек деп эсептейбиз. | |
| **6.1. 2021-жылдан 2024-жылга чейин БАЖПИИ канча илимий станцияларды, приборлорду, датчиктерди орноткон?** | **Корутундулар:**<br>**1**. 2021-жылдан 2024-жылга чейин БАЖПИИ тарабынан 3 станция жана бир фотокамера орнотулган.<br>**2.** 2021-2024-жылдар аралыгында БАЖПИИ тарабынан **2 270,0 миң сом** суммасында станцияларды орнотуу |

| | |
|---|---|
|  БАЖПИИ тарабынан «Альянс Алтын» ЖЧКСы менен 336,0 миң сом суммасында автоматтык метеорологиялык станцияларды орнотуу-которуу, тейлөө, техникалык абалын колдоо жана метеорологиялык параметрлерди (АМС -1) ай сайын статистикалык талдоого даярдоо боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө 2021-жылдын 4-августунда № 0721/16 келишим түзүлгөн.<br>Кийин, шамалдын ылдамдыгын байкоо үчүн мачталарды даярдоо жана орнотуу – кошумчаиштерди жүргүзүүгө байланыштуу, баштапкы наркты 31,2 миң сомго көбөйтүү менен, 2021-жылдын 4-августунда келишимге карата №1 Кошумча макулдашуу түзүлгөн (336,0+31,2=367,2). Кошумча иштерди эске алуу менен, Келишимдин жыйынтык суммасы 367,2 миң сомду түзгөн.<br>2021-жылдын 31-декабрында 2022-жылга ишти жүргүзүү максатында, 474,0 миң сом суммасында № 2 Кошумча макулдашууга кол коюлган.<br>2022-жылы БАЖПИИ менен осадкамераны орнотуу жана тууралоо боюнча № 2 Кошумча макулдашууга кол коюлган.<br>2022-жылдын 31-декабрында 2023-жылга ишти жүргүзүү максатында, 474,0 миң сом суммасында № 3/1 Кошумча макулдашууга кол коюлган.<br>2023-жылдын 31-декабрында 2024-жылга ишти жүргүзүү максатында, 76,0 миң сомго көбөйтүү менен, 550,0 миң сом суммасында № 4/1 Кошумча макулдашуу түзүлгөн.<br>2024-жылдын 1-июлунда БАЖПИИ тарабынан 405,0 миң сомго автоматтык метеорологиялык станцияларды орнотуу, тейлөө, техникалык абалын колдоо жана метеорологиялык параметрлерди (АМС - 1) ай сайын статистикалык талдоого даярдоо боюнча | боюнча сервистик кызматтар көрсөтүлгөн.<br>**3**. 2022-жылы Ысык-Көлдүн деңгээлин өлчөө үчүн, «Лагуна» көл станциясы орнотулган (бул жабдуу GFZ, ЦАИИЗ жана «Лагуна сити» пансионатынын өкүлдөрүнүн оозеки макулдашуусу менен пансионаттын аймагына бекер орнотулган). Мында, эч кандай актылар жана келишим жок. Бул жабдуу GFZ балансында турат. |

| | |
|---|---|
| кызмат көрсөтүү жөнүндө 2021-жылдын 4-августунда № 2024-АА-098 келишимге кол коюлган.<br>БАЖПИИ тейлеген эки автоматтык метеорологиялык станциялардын (АМС-1, АМС-2) жабдуусу «Альянс-Алтын». Компаниясынын менчигинде турат.<br>**Жыйынтыгында, 2021-2024-жылдар аралыгында сервистик кызмат көрсөтүү үчүн 2 270,0 миң сом суммасындагы каражат алынган.**<br>2. 2022-жылы Ысык-Көлдүн денгээлин өлчөө үчүн, «Лагуна» көл станциясы орнотулган (бул жабдуу GFZ, ЦАИИЗ жана «Лагуна сити» пансионатынын өкүлдөрүнүн оозеки макулдашуусу менен пансионаттын аймагына бекер орнотулган). Мында, эч кандай актылар жана келишим жок. Бул жабдуу GFZ балансында турат.<br>3. № 599 мөңгүдө (күнгөй Ала-Тоонун түштүк жантайма кырлары, Ысык-Көл ойдуңу) кар тилкесин байкоо үчүн фотокамера орнотулган.<br><br>Ошентип, 2021-жылдан 2024-жылга чейин 3 станция жана бир фотокамера орнотулган. | |
| **6.2. БАЖПИИ тарабынан иштелип чыккан жер титирөөнү алдын ала эскертүү тутуму өнөр жай пайдалануусуна киргизилгенби? Колдонуучу ким?**<br>БАЖПИИ өзүнүн ишинин бүткүл мезгилинде 92 мониторинг станциясын сатып алды жана орнотту, анын ичинде: Өзбекстан Республикасында 2 станция, Тажикстан Республикасында 3 станция жана Кыргыз Республикасында 87 байкоо станциясы жайгашкан.<br>Жер титирөөнү алдын ала эскертүү тутумун иштеп чыгуу БАЖПИИнин демилге долбоору болуп эсептелет, 2023-жылдын ортосунан бери иштеп чыгууда турат, өнөр жай пайдалануусуна бериле элек.<br>KSES кардар программасы КР ӨКМд ККББга жана өз ара келишимди тестирлөө үчүн, Өзбекстан Республикасынын ӨКМнин Сейсмо болжолдоо мониторинг борборуна орнотулган. | **Корутунду:**<br>**1.** Жер титирөөнү алдын ала эскертүү тутумун иштеп чыгуу БАЖПИИнин демилге долбоору болуп эсептелет, 2023-жылдын ортосунан бери иштеп чыгууда турат, өнөр жай пайдалануусуна бериле элек.<br>**2**. KSES кардар программасы КР ӨКМд ККББга жана өз ара келишимди тестирлөө үчүн, Өзбекстан Республикасынын ӨКМнин Сейсмо болжолдоо мониторинг борборуна орнотулган. |
| **6.3. 2021-жылдан 2024-жылга чейин мезгил аралыгында БАЖПИИ, СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсы жана КР ӨКМ илимий-изилдөө иштерин** | **Корутундулар:**<br>**1.** БАЖПИИ менен СКР “Ак-Сай Трэвел” |

| | |
|---|---|
| **жүргүзүү үчүн тик учакты берүү боюнча ким тарабынан жана кандай кызматтар көрсөтүлгөн?**<br>БАЖПИИ менен СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсынны ортосунда 2019-жылдын 30-апрелиндеги № 04/19, 2023-жылдын 3-июлундагы № 05/23/12, 2024-жылдын 2-августундагы № 06/24 түзүлгөн келишимерге ылайык, БАЖПИИ 2019-жылдын 1-июлунан 31-августуна чейинки мезгилар алыгына (2022, 2023, 2024-жж.) Түштүк Эңгилчек «Поляна» мөңгүсүндөгү Г. Мерцбахер атындагы бийик тоолуу геологиялык илимий станцияга убактылуу пайдалануу үчүн, СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсына жайларды жана жабдуу берет. Атап айтканда, немец конструкциясындагы эки тура күй, ашкана жайын, ашкана кампа жайын, генератордук жайды берген.<br>Жайларды жана жабдууну бергендиги үчүн, СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсы жылына бир жолу 5 кызматкерди жана 500 кг чейинки жүктү (илимий жабдууну) эки тарапка акысыз ташыйт.<br><br>СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсы жана КР ӨКМге караштуу “Авиациялык издөө-куткаруу кызматы” МИ менен түзүлгөн келишимге ылайык, БАЖПИИ төмөндөгүдөй иштердин алкагында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн тик учакты берүү боюнча кызмат көрсөтүүнү алган:<br>***<u>2022-жылдын 17, 20-августунда Эңилчек мөңгүсү</u>***<br>2022-жылдын 17-августунда «Каркыра – Поляна Мерцбахера - станция MRZ1» маршруту боюнча учкан.<br>2022-жылдын 20-августунда «Станция MRZ1 - Поляна – Кар-Кыр» маршруту боюнча учкан.<br>Мөңгүдө төмөндөгүдөй иштерди жүргүзгөн 5 кызматкер болгон:<br>- № 2 бөлүмдүн кызматкери осадкомерадан метеорологиялык маалыматтарды кол менен | ЖЧКсынны ортосунда 2019-жылдын 30-апрелиндеги № 04/19, 2023-жылдын 3-июлундагы № 05/23/12, 2024-жылдын 2-августундагы № 06/24 түзүлгөн келишимерге ылайык, БАЖПИИ 2019-жылдын 1-июлунан 31-августуна чейинки мезгилар алыгына (2022, 2023, 2024-жж.) Түштүк Эңгилчек «Поляна» мөңгүсүндөгү Г. Мерцбахер атындагы бийик тоолуу геологиялык илимий станцияга убактылуу пайдалануу үчүн, СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсына жайларды жана жабдуу берет. Атап айтканда, немец конструкциясындагы эки тура күй, ашкана жайын, ашкана кампа жайын, генератордук жайды берген.<br>Жайларды жана жабдууну бергендиги үчүн, СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсы жылына бир жолу 5 кызматкерди жана 500 кг чейинки жүктү (илимий жабдууну) эки тарапка акысыз ташыйт.<br>**2.** 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгына карата СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсы тик учакты берген кызмат көрсөтүү үчүн |

| | |
|---|---|
| чогулткан, обсерваториянын мүлкүнүн абалына баалоо жүргүзүлгөн;<br>- № 3 бөлүмдүн кызматкерлери жана администрация кызматкери тарабынан оңдоо иштери жүргүзүлгөн: MRZ1 станциясында сейсмостанция оңдогон, бункердин люгунун капкагы кабылына келтирилген, өнөр жай компьютери алмаштырылган, таш кулоонун натыйжасында температура жана абанын нымдуулугу датчигинин, шамалдын багыты жана ылдамдыгы датчигинин, осадкомеранын бузулганы аныкталган, MRZ3 станциясында роутер алмаштырылган, антенна бекемделген.<br>СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсы менен келишим боюнча Каркыра – Поляна – Каркыра маршруту боюнча 1 саат 35 мүнөт учуу акысыз болгон.<br>Төлөм кошумча учууга коюлган: 133,2 миң сом суммасында Поляна – станция MRZ1 – Поляна маршруту боюнча 20 мүнөт.<br>Төлөм CAWa долбоорунун каражаттарынан 133,2 миң сом суммасында 2022-жылдын 20-декабрында жүргүзүлгөн (2022-жылдын 1-декабрында БАЖПИИ тарабынан төлөм жүргүзүлгөн, бирок КИСБ төлөмдү 2022-жылдын 2-декабрында кайтарган).<br>2022-жылы станцияда белгисиз адамдар тарабынан үч кире бериш эшик бузулган жана сынган. СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсы менен келишим боюнча БАЖПИИ тарабынан чыгымдар сметасынан 50 % же CAWa долбоорунун каражаттарынан 72,3 миң сом төлөнгөн.<br>***2023-жылдын 17, 19-августунда Эңилчек мөңгүсү***<br>2023-жылдын 17-августунда «Каркыра – станция MRZ1» маршруту, 19-августта «Станция MRZ1 – Каркыра» маршруту боюнча учкан.<br>Мөңгүдө төмөндөгүдөй иштерди жүргүзгөн 3 кызматкер болгон<br>- № 3 бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан MRZ1 станциясын ондоо иштери жүргүзүлгөн: температура жана абанын нымдуулугунун жаңы датчиги, шамалдын багыты жана ылдамдыгы датчиги, осадкомера орнотулган жана SeisComp программасынын жаңы версиясы тууралангaн. | **133,2 миң сом** жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу АПСС мамлекеттик ишканасына **493,8 миң сомду** түздү. **Жалпы суммасы: 627,0 миң сом.**<br>**3.** 2024-жылдын 22-январындагы № 1-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча” Жобонун 312-пунктун бузуу менен, 13.12.2022-жылы №13 келишимге ылайык, «CAWa» долбоорунун каражаттарынан 464,5 миң сом же 100 % алдын ала төлөм жүргүзүлгөн. |

| | |
|---|---|
| Каркыра - MRZ1 - Каркыра маршруту СКР “Ак-Сай Трэвел” ЖЧКсы менен келишим боюнча 1 саат 32 мүнөт учуу акысыз болгон.<br>***<u>2024-жылдын 4 - 6 июну, Абрамов мөңгүсү</u>***<br>2024-жылдын 4-июнунда «Бишкек-Ош», 2024-жылдын 5-июнунда «Ош - Дароот-Коргон - ледник Абрамова - Дароот-Коргон - ледник Абрамова - Дароот-Коргон», 2024-жылдын 6-июнунда «Дароот-Коргон-Бишкек» маршруту боюнча учуулар болгон.<br>Абрамов мөңгүсүндө № 3 бөлүмдүн кызматкерлери жана администрация кызматкери тарабынан ар бири 72 гг болгон 6 аккумулятор алмаштырылган жана PC104 тууралаңган. Жалпы учуу 8 саат 49 мүнөттү түзгөн.<br>Адегенде, 2023-жылдын башында Ош шаарынан Абрамов мөңгүсүнө жана андан кайра артка тик учак менен учуу болжолдонгон. Ошондуктан, КР ӨКМге караштуу “АИКК” МИ менен 13.12.2022-жылы № 13 келишим түзүлгөн жана 14.12.2022-жылдагы № 13 эсепке ылайык, «CAWa» долбоорунун каражаттарынан **464,5 миң сом же 100 %** алдын ала төлөм жүргүзүлгөн. Бирок, 2024-жылдын 22-январындагы № 1-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча” Жобонун 312-пунктуна ылайык, жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансалык төлөмдөрдүн өлчөмү контракттын (келишимдин) суммасынан 10 пайызга чейин белгиленет.<br>БАЖПИИ маалыматы боюнча Ош шаарында “АИКК” МИнин тик учагынын жоктугунан улам, 2023-жылдын ичинде учуу болгон эмес.<br>БАЖПИИ менен «CromoAdapt» долбоорунун жетекчилигинин оозеки келишими боюнча «Бишкек-Ош-Бишкек» маршруту боюнча тик учак менен учууга төлөм макулдашылган, анын негизинде факты жүзүндөгү учууга төлөө менен, 03.06.2024-жылдагы № 17 Кошумча келишим түзүлгөн.<br>Бардык иштер жүргүзүлгөндөн кийин БАЖПИИ 1 390,1 миң сом суммасында 10.06.2024-жылдагы № 17 төлөм боюнча эсепти алган.<br>“АИКК” МИ № 1280016057619730 (сомдо) алыш-бериш эсебине «CromoAdapt» түздөн түз долбооруна 925,5 миң сом суммасында төлөм боюнча эсепти берген. МИ алыш-бериш эсебин сомдо | |

| | |
|---|---|
| көрсөткөндүктөн, долбоордон чегерилген акча каражаттары КИКБ банкы тарабынан артка кайтарылган. Ката аныкталгандан кийин, № 1280016057619932 (мультивалюталык эсеп) алыш-бериш эсебине эсеп жөнөтүлгөн.<br>Мурда төлөнгөн аванса суммасын алып салууну эске алуу менен, «CromoAdapt» долбоору 925,5 миң сом ордуна 896,2 миң сомду "АИКК" МИге түз төлөгөн.<br>Банктык кошумча чыгымдардан улам, «CromoAdapt» долбоорунан "АИКК" МИнин алыш-бериш эсебине сумманы которгондугу үчүн, 10.06.2024-жылдагы төлөмдүн кошумча эсебине ылайык, «CAWa-Green» долбоорунун каражаттарынан БАЖПИИ тарабынан АИКК" МИге 29,3 миң сом төлөнгөн.<br>Ошол эле учурда БАЖПИИде CromoAdapt долбоору боюнча төлөнгөн 896,2 миң сомдук документтер табылган жок.<br>Жыйынтыгында, 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгына карата тик учакты берген кызмат көрсөтүү үчүн, БАЖПИИ тарабынан **627,0 миң сом төлөнгөн.** | |
| **7.1. Илим жаатында БАЖПИИнин ищин координациялоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги (КР БИМ) менен өз ара аракеттенишүү барбы?**<br>БАЖПИИ КР БИМ менен **ө**з ара аракеттенишүү төмөндөгү багыттар боюнча жүрөт:<br>- БАЖПИИ тарабынан 2013-жылы "Кыргызстанда жакырчылыкка карата балдардын аялуу катмарын азайтуу" долбоорунун алкагында КР БИМ үчүн, "Кыргыз Республикасынын мектептеринин жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын коопсуздугу" маалыматтык тутуму иштелип чыккан;<br>- БАЖПИИ КРСУ, Манас, КГУСТА, БГУ, КГТУ, МУИТ сыяктуу ЖОЖдор менен студенттер окуу практикасын өтүү жөнүндө келишимдери/макулдашууларды түзгөн;<br>- КР БИМ негизги маселелерди, анын ичинен пландалган жылга карата илимий-изилдөө программаларын, алардын аткарылышы боюнча | **Корутунду:**<br>**1**. КР БИМ тарабынан компетенциясына мамлекеттик тапшырыктын алкагында ишке ашырылуучу илимий, илимий-техникалык программалардын жана фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн долбоорлорунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баа берүү жүргүзүлгөн эмес. |

| | |
|---|---|
| отчетторду караган БАЖПИИнин Байкоочу Кеңешинин мүчөсү болуп эсептелет.<br>Аудит белгилеп кеткендей, "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине ылайык, КР БИМдин компетенциясына мамлекеттик тапшырыктын алкагында ишке ашырылуучу илимий, илимий-техникалык программалардын жана фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн долбоорлорунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баа берүү кирет.<br>Аудиттин жүрүшүндө илим жаатында БАЖПИИнин ишин координациялоо бөлүгүндө, БАЖПИИ менен КР БИМдин өз ара аракеттенүүсү маселесин тактоо боюнча КР БИМ өкүлдөрү менен жолугушуу өттү. Анда, учурда бул маселе КР БИМ иштерди жүргүзүп жатканыдыгы боюнча жооп алдынды. | |
| **7.2. "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, БАЖПИИде илимий кызматкерлерге аттестация өткөрүлгөнбү?**<br>"Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 4-пунктуна ылайык, илимий кызматкерлер 5 жылда бирден кем эмес жолу аттестациядан өтүшөт. Илимий кызматкерлерди аттестациялоодон өткөрүүнүн тартиби илимий жана илимий-техникалык уюм тарабынан өз алдынча аныкталат.<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2023-жылдын 28-сентябрында № 511 токтому менен бекитилген, Илимий жана илимий техникалык уюмдар жөнүндө типтүү жобонун 7-пунктуна ылайык, илимий уюмдардын иши илим чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурларда жана тартипте аттестациядан/аккредитациядан өтүүгө тийиш.<br>КР БИМдин 02.04.2024-жылдагы № 506/1 буйругу менен, Мамлекеттик илимий жана илимий техникалык уюмдарын мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобо бекитилген, ал "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык иштелип чыккан. Бул жобонун 6-пунктуна ылайык, илимий жана илимий техникалык уюмдарын мамлекеттик аттестациясы илимий чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен | **Корутунду:**<br>**1.** КР БИМдин 02.04.2024-жылдагы № 506/1 буйругу менен, Мамлекеттик илимий жана илимий техникалык уюмдарын мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобо бекитилген, ал "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык иштелип чыккан. Бул жобонун 6-пунктуна ылайык, илимий жана илимий техникалык уюмдарын мамлекеттик аттестациясы илимий чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен графикке ылайык, менчик же ведомстволук укугуна карабастан беш жылда бир жолу өткөрүлөт. |

| | |
|---|---|
| графикке ылайык, менчик же ведомстволук укугуна карабастан беш жылда бир жолу өткөрүлөт.<br>КР БИМ аттестациянын мөөнөттөрү жөнүндө айткан жок.<br>Ошентип, 2024-жылы БАЖПИИде аттестация өткөн эмес. | 2024-жылы БАЖПИИде аттестация өткөн эмес. |
| **8.1. Илим чөйрөсүндө БАЖПИИ ишин координациялоо бөлүгүндө КР ӨКМ, КР Жаратылыш министрлиги жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенишүү болобу? БАЖПИИнин илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын кызыкдар тараптар пайдаланабы?**<br>БАЖПИИнин № 3 “Маалыматтарга мониторинг жүргүзүү жана башкаруу тутуму” бөлүмү тарабынан төмөндөгүлөр жүргүзүлгөн:<br>- КР ӨКМгө караштуу Токой чарбасы үчүн токтой экосистемаларын башкаруу тутумун коштоо. Көптөгөн жеткире иштеп чыгуулар болгон, Токой чарбасында жайгаштырылган серверге тутумду которуу жүргүзүлгөн;<br>- КР ӨКМгө караштуу Токой чарбасы үчүн Жашыл мурас маалыматтык тутумун коштоо - тутумду техникалык колдоо аткарылууда;<br>- БАЖПИИде жайгаштырылган КР ӨКМгө караштуу Токой чарбасынын серверин колдоо аткарылууда;<br>- БАЖПИИ гидрометеостанциялар тутумун коштоо жүрүүдө, маалыматтырды автоматтык топтоо уюштурулган, станциялар районунда гидро жана метеопараметрлер боюнча маалыматтардын абдан көп саны менен сенсордук маалыматтарды сактоо тутумун коштоо жүрүүдө. Маалыматтык камсыздоону жеткире иштеп чыгуу аткарылган. Маалыматтар ачык түрдө акысыз жетүү мүмкүнчүлүгүндө турат. Тутум колдонуу үчүн, Президенттин Администрациясында анын бет ачары болгон;<br>- БАЖПИИнин күчтү станциялар тармагын коштоо жүрүүдө. Жер титирөөлөр жөнүндө эрте эскертүү тутуму иштелип чыккан, тесттик режимде иштейт. Кардардык программа КР ӨКМдө орнотулган. Өзбекстандын ӨКМи менен сейсмикалык маалыматтарды алмашуу уюштурулган. Анын эсебинен Кыргызстандын түштүгүнүн тармак жыштыгы жана ага чектеш аймактар эки эсе көбөйгөн. | **Корутунду:**<br>**1.** Гидрометеостанцялар-дын тармагын, Жашыл мурас маалыматтык тутумун, токой эко тутумдарын башкаруу тутумун коштоо бөлүгүндө БАЖПИИнин өз ара аракеттенүүсү КР ӨКМ, КР ӨКМге караштуу Токой кызматы менен жүргүзүлүшү керек, Каракол шаарын суу менен жабдуу жана суу бөлүштүрүү боюнча жаңы Гео маалымат тутуму иштелип чыккан (Суу канал серверине орнотулган). |

| | |
|---|---|
| Күчтүү жүрүүлөрдүн 18 станциясы 2014-жылы КР ӨКМ менен Германиянын Потсдам шаарындагы Жерди изилдөө борборунун (GFZ) ортосунда түзүлгөн келишим боюнча КР ӨКМ дин Өрткө каршы кызматынын өрт өчүрүүчү бөлүктөрүндө орнотулган.<br>Жер титирөөлөр жөнүндө эрте эскертүү тутуму үчүн SES\KSES программасын иштеп чыгуу, БАЖПИИнин демилге долбоору болуп эсептелет, 2023-жылдын ортосунда иштеп чыгылышы керек эле. Программа өнөр жай пайдалануусуна берилген эмес. KSES кардардык программасынын биринчи версиясы КР ӨКМ ККББга жана ӨР ӨКМдин Сейсмопрогноз мониторинг борборуна тестирлөө үчүн орнотулган.<br>Каракол шаарынын Суу канал ишканасы үчүн, магистралдык суу түтүктөрүндө суунун чыгымы боюнча маалыматтарды чогултуу үчүн SCADA тутумунан сырткары, шаарды суу менен жабдуу жана суу бөлүштүрүү боюнча Геомаалыматтын жаңы тутум иштелип чыккан. Суу канал сервери орнотулган.<br>Жер үй кенинде 2 метеостанцияны колдоо аткарылууда. Кен чыккан райондогу метеорологиялык кырдаал жөнүндөгү отчеттор квартал сайын «Альянс Алтын» ЖЧКсына берилет.<br>Кыргыз Республикасынын аймагы үчүн иштелип чыккан индекстик маалыматтардын топтому жана космикалык сүрөттөрдү камтыган кыргыз ачык маалыматтарын техникалык колдоо аткарылууда. Кээ бир министрликтерде адистерди окутуу өткөрүлгөн.<br>Ысык-Көлдө 5 гидрологиялык станцияларды техникалык колдоо аткарылууда ( көлдөгү суунун температурасы жөнүндө маалыматта БАЖПИИнин сайтына жалпыга жеткиликтүү болушу үчүн квазиреалдык режиминде коюлат).<br>БАЖПИИнин эсептөө ресурстары Кыргыз Республикасы МВРСХиППнын почталык серверинин хостинги үчүн берилген.<br>Кара-Кече жер көчкүсүн изилдөө жүргүзүлгөн, материалдар “Кыргыз Көмүр” МИге берилген.<br>№ 1 бөлүм тарабынан Өзгөчө кырдаалга мониторинг жүргүзүү жана болжолдоо департаментине төмөндөгүлөр берилген:<br>- “Мин-Куш поселогундагы жер көчкүлөрдүн кооптуулугун жана тоболкелдигин жана анын | |

| | |
|---|---|
| агломерациясын баалоо” отчету корутундулары жана сунуштары менен, 2022-жыл;<br>- “Мин-Куш поселогундагы Туюк-Суу жер көчкүсүн геофизикалык баалоо” отчету корутундулары жана сунуштары менен, 2024-жыл;<br>№ 2 “Климат, суу жана геоэкология” бөлүмү:<br>Кыргызгидрометтин 29.08.2024-жылдагы № 149 Методикалык көрсөтмөнү бекитүү жөнүндө буйругу менен методикалык көрсөтмө бекитилген.<br>Өзгөчө кырдаалга мониторинг жүргүзүү жана болжолдоо департаментине:<br>2029-2040-жылдары Фергана өрөөнүнүн түштүк бөлүгүндөгү дарыянын агымын баалоо (мисалы, Араван-Сай, Исфайрам-Сай жана Шахимардан). Алардын чек арадан өзгөрүүсүн жана климаттын өзгөрүү шарттарында массанын балансын аныктоо аркылуу Кыргызстандын мөңгүлөрүн изилдөө берилген. | |
| **9.1. БАЖПИИде илимий кызматкерлердин саны канча?**<br>2021-жылы 40 илимий кызматкер иштеген (№ 1 – 10 адам, № 2 – 10 адам, № 3 – 14 адам, № 4 – 6 адам), бирок штаттык бирдикке ылайык, илимий кызматкерлердин саны 46 бирдикте бекитилген;<br>2022-жылы 39 илимий кызматкер иштеген (№ 1 – 8 адам, № 2 – 10 адам, № 3 – 13 адам, № 4 – 8 адам) бирок штаттык бирдикке ылайык, илимий кызматкерлердин саны 44 бирдикте бекитилген;<br>2023-жылы 41 илимий кызматкер иштеген (№ 1 – 12 адам, № 2 – 11 адам, № 3 – 12 адам, № 4 – 6 адам), бирок штаттык бирдикке ылайык, илимий кызматкерлердин саны 48 бирдикте бекитилген;<br>2024-жылы 42 илимий кызматкер иштеген (№ 1 – 11 адам, № 2 – 12 адам, № 3 – 14 адам, № 4 – 5 адам), бирок штаттык бирдикке ылайык, илимий кызматкерлердин саны 48 бирдикте бекитилген | **Корутунду:**<br>**1.** 2021-жылы 47 илимий кызматкер;<br>2022-жылы 39 илимий кызматкер;<br>2023-жылы 38 илимий кызматкер;<br>2024-жылы 44 илимий кызматкер иштеген. |
| **9.2. 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында канча кызматкердин илимий даражасы болгон жана канчасы окумуштуулук даражасын алган?**<br><br>Учурда 11 кызматкер илимий даражага ээ, анын ичинен: 2 геология-минералогия илимдеринин жана техника илимдеринин доктору, 9 илимдин кандидаты. | **Корутунду:**<br>**1.** Учурда БАЖПИИде 11 кызматкер окумуштуу даражасына ээ, анын ичинен: геолоиялык-минерадык илимдердин |

| | |
|---|---|
| 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында 5 кызматкер окумуштуулук даражасын алган. | доктору – 2, илимдер кандидаты – 9.<br>**2.** 2006-жылдан 2024-жылга чейин 5 кызматкер илимий даражага ээ болгон. |
| **9.3. 630100 “Прикладдык геология” багытында даярдоо боюнча магистратура жана адис программасы боюнча университеттин Гидрогеология, инженердик геология, нефти жана газ кафедрасыын филиалы барбы?**<br>БАЖПИИ Академик У. Асаналиев атындагы КМТУ менен кызматташуу жөнүндө 2021-жылдын 14-майындагы келишимге кол койгон (магистранттарды даярдоо үчүн “Суу, нефтегаз ресурстары жана гео тобокелдиктер” кафедрасынын филиалы үчүн базаны түзүү). Даярдоо багыты: 630110 «Прикладдык геология», багыттоо программасы: “Гео тобокелдиктер”, окуу түрү: бюджет, контракт, окуу мөөнөтү: 2 жыл.<br>Магистранттарды кабыл алуу 2021-жылдын 1-сентябрында башталат. Биринчи бүтүрүү – 7 магистрант, өтүү жана бүтүрүү жылы 2021-2023-жж.; Экинчи бүтүрүү – 5 магистрант, өтүү жана бүтүрүү жылы 2022-2024-жж.; Үчүнчү кабыл алуу – 7 магистрант, өтүү жана бүтүрүү жылы 2023-2025 жж.; Төртүнчү кабыл алуу – 7 магистрант, өтүү жана бүтүрүү жылы 2024-2026-жж. Окуу БАЖПИИде жумасына 1-2 жолу жүргүзүлөт, жумасын 6 пар, саат 16:30дан 19:20га чейин. | **Корутунду:**<br>**1**. И. Раззаков атындагы КМТУ менен БАЖПИИ ортосунда 2021-жылдын 14-майындагы кол коюлган Кызматташуу жөнүндө келишимге ылайык, БАЖПИИ базасында 630100 «Прикладдык геология» багытын даярдоо боюнча магистрдик программа жүзөгө ашырылууда.<br>**2**. 2021-2024-жылдар мезгил аралыгында 19 магистр даярдалган. Учурда 7 магистр окуп жатат, окуунун аяктоо мөөнөтү 2026-жыл. |
| **9.4. Илимий потенциалды өнүктүрүү бөлүгүндө Кызматташуу жөнүндө кандай келишимдер түзүлгөн?**<br>1. 2023-жылдын 4-майында БАЖПИИ менен КР ӨКМдин Гидрометеорологиялык кызматынын ортосунда Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум.<br>2. 2023-жылдын 7-сенитябрында БАЖПИИ менен Сейсмо туруктуу курулуш боюнча эл аралык эксперттер ассоциациясынын ортосунда Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум.<br>3. 21.02.2022-жылдагы БАЖПИИ менен КР ӨКМдин Гидрометеорологиялык кызматынын, Берлиндеги Гумбольдт университетинин Географиялык факультетинин Климаттык-географиялык | **Корутунду:**<br>**1.** 2021-2024-жылдар мезгил аралыгында илимий потенциалды өнүктүрүү бөлүгүндө 11 Меморандум/макулдашуу/ Келишим түзүлгөн. |

| | |
|---|---|
| лабораториясынын ортосунда Кызматташуу жөнүндө меморандум.<br>4. 2023-жылдын 17-мартындагы Өзбекстан Республикасынын Тоо-кен өнөр жайы жана геология министрлигине караштуу Геологиялык илимдер университетинин алдындагы Х.М. Абдуллаев атындагы Геология жана геофизика институту, Өзбекстан Республикасынын Жаратылыш ресурстары министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызмат агенттиги, Түркмөнстандын Курчап турган чөйрөнү коргоо жана АЧМ гидрометеорология боюнча кызматы, "Тажикстан Республикасынын Улуттук илимдер академиясына караштуу "Мөңгүлөрдү изилдөө борбору" мамлекеттик илимий мекемеси, КР БАЖПИИ, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Суу көйгөйлөрү жана гидроэнергетика институтунун алдындагы Тянь-Шань бийик тоолуу илимий борбору, КР ӨКМдин Гидрометеорологиялык кызматы, ЮНЕСКОнун алдындагы 2-категориядагы Борбордук Азия регионалдык Гляциологиялык борборунун (Казакстан Республикасы) ортосунда Кызматташуу жана өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум.<br>5. 2023-жылдын 7-сентябрындагы Инновациялык технологиялар эл аралык университети менен БАЖПИИнин ортосундагы Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум.<br>6. 2022-жылдын 12-маындагы КР УИА Э. Гареев атындагы Ботаникалык бак ИИИ менен БАЖПИИнин ортосунда Кызматташуу жөнүндө меморандум.<br>7. 2019-жылдагы 2019-2020-жылдары Кыргыз Республикасында аралык гео мейкиндик чечимдерин жайылтуу боюнча БАЖПИИ *менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы* мамлекеттик агенттигинин алдындагы «Кыргызлесоохотустройство» ортосундагы Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум.<br>8. 2021-жылдагы БАЖПИИ менен КР УИАнын Суу көйгөйлөрү жана гидроэнергетика институтунун ортосундагы Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум.<br>9. 2021-жылдын 9-апрелиндеги БАЖПИИ менен Бишкек шаарындагы «Айылмаалымат» маалыматтык маркетинг борбору" МИ, Кыргыз Республикасын | |

| | |
|---|---|
| өнүктүрүү жана АСЧМ ортосундагы Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум.<br>10. 2019-жылдагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токтой чарбасы мамлекеттик агенттиги менен БАЖПИИ ортосундагы Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум.<br>11. 2020-жылдын 30-октябрындагы Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян Университетинин жогорку кесиптик билим берүү адистерди даярдоо боюнча кызматташуу жөнүндө келишим. | |

Ошентип, 2021-2024-жылдар үчүн БАЖПИИде бюджеттик жана башка каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча аудитордук топ төмөнкүлөрдү белгилейт.

БАЖПИИ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 14-ноябрындагы № 720 токтому менен бекитилген Кооперативдик келишимге, Уюштуруу келишимине жана Уставга ылайык түзүлгөн.

Бул мезгилде заманбап илимий-техникалык база түзүлүп, чектеш аймак менен имараттар камсыздалып, эки имараттын ремонту кыргыз жана герман тарабынан биргелешип жүргүзүлдү, GFZ тарабынан илимий станциялар үчүн жабдууларды сатып алынды, мониторинг түйүнү түзүлдү, чет өлкөлөрдө илимий потенциал жогорулатылууда.

БАЖПИИ Кыргызстанга ЕБден, Фольксваген Фондунан, Германиянын Билим берүү жана илим министрлигинен, Германиянын Айлана-чөйрөнү коргоо министрлигинен, GIZден, Швейцариялык өнүктүрүү жана кызматташтык агенттигинен инвестициялык долбоорлорду тартат, ошондой эле табигый кырсыктарды, суу ресурстарын, геоэкологияны изилдөө боюнча АБР, Дүйнөлүк банк, ЕРӨБ жана башка фонддор тарабынан каржыланган долбоорлорду ишке ашырат.

БАЖПИИ илимий изилдөөлөр заманбап методологиялык жана техникалык деңгээлде, аралык ыкмасы жана геомаалымат системаларын колдонуу менен жүргүзүлөт.

Изилдөөнүн натыйжалары эл аралык коомчулук тарабынан таанылган абройлуу журналдарда, ошондой эле көптөгөн башка окуу куралдарында, окуу китептеринде жана монографияларда жарыяланган. БАЖПИИ маалыматтарын эл аралык жана улуттук эксперттер колдонушат, алар бул мезгилде 121 жолу цитата катары келтирилген.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Кыргызгидромет, Токой чарбасы, Жаратылыш ресурстары министрлиги, Суу ресурстары айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай

министрлиги сыяктуу уюмдар тарабынан БАЖПИИ илимий изилдөөлөрүнүн жарым-жартылай практикалык колдонулушу белгиленет.

Ушуга байланыштуу министриликтер жана ведомстволор менен тыгыз координациялоону жана илимий изилдеелердун натыйжаларын кызыккан тараптардын пайдалануусун көбейтууну сунуш кылууну зарыл деп эсептейбиз.

## *5. СУНУШТАМАЛАР*

**Кыргыз Республикасынын Министлер Кабинетине:**

1. Төмөнкүлөр боюнча маселелерди кароо:

- кызыкдар министрликтер жана ведомстволор тарабынан жер титирөөлөрдүн, жер көчкүлөрдүн жана бийик тоолуу көлдөрдүн жарылуу коркунучун алдын ала эскертүү маселелери боюнча БАЖПИИ илимий изилдөөлөрүн колдонууну кеңейтүү;

- Уюштуруучулар кеңешинин жана Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн БАЖПИИнин пландаштырылган жыйналыштарына катышуусуна көмөк көрсөтүү.

**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине:**

1. БАЖПИИнин ишмердүүлүгүнө, ошондой эле илимий-изилдөө программалардын натыйжалуулугуна баа берүү жана мониторинг жүргүзүү.

2. БАЖПИИни илимий мекемелердин маалыматтар базасына киргизү маселесин карап чыгуу.

**Кыргыз Республикасынын финансы министрлигине:**

1. КИКБ коммерциялык банктагы БАЖПИИнин ачык эсептерге Кыргыз Республисынын мыйзамдарына ылайык келешине талдоо жүргүзүү.

2. БАЖПИИ менен бирдикте сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүү үчүн атайын эсеп ачуу маселесин карoo.

**Борбордук Азиялык Жерди прикладдык изилдөө институтуна:**

1. Тиешелүү жылдарга карата ИИПке жана ИИП отчетторуна «Күтүлгөн натыйжалар» бөлүмүн киргизүү маселесин карoo.

2. Калыбына келтирүү:

- 6 488 литр көлөмдөгү болжолдо 454,1 миң сом суммасындагы негизсиз эсептен чыгарылган күйүүчү-майлоочу материалдарды;

- 289,1 миң сом суммасында жоопкерчиликтүү жактарга төлөнгөн каражаттары.

3. Төмөнкүлөр боюнча чаралар кабыл алынсын:

- Байкоочу кеңеште БАЖПИИ Уставынын 10-параграфынын 3 б) пунктуна ылайык, “Геодинамика жана геотобокелдиктер” маанилүү бөлүмүнүн жетекчилик кызматына бекитүү боюнча;

- тийиштүү жылдарга карата Илимий-изилдөө программаларын мөөнөтүндө аткаруу боюнча;

- 1 086,7 миң сом суммасындагы автоунаа запастык тетиктерин дефект актысы жок эсептен чыгарууга жол берген кызматкерлерге;

- БАЖПИИ Тен-Директору жок учурунда буйрук чыгарууга жол берген кызматкерлерге.

4. **Жоболорду иштеп чыгуу:**

- эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржыланган товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жол-жоболору боюнча;
- төлөмдөр жана гранттык жардамды эсепке алуу боюнча;
- бир нече долбоорлордо иштегендиги үчүн дифференцияланган кошумчаларды белгилөө менен эмгек акы төлөө жөнүндө;
- сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүлөр боюнча.

5. Сервистик/консультациялык кызмат көрсөтүүдө чыгымдардын сметасын чыгымдар беренелери боюнча деталдуу бөлүштүрүү менен, так аткаруучуларды жана аларды ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планын бекитүү.

6. Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын пайдалануу, ошондой эле зарыл маалыматтарды алуу жаатында кызыкдар министрликтер жана ведомстволор менен өз ара аракеттенүү жана биргелешкен иштерди жүргүзүү.

7. 2024-жылдын 22-январындагы № 1-П Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө жобонун 312-пунктун сакталышы менен Келишимдерди түзүү.

8. Кеңешинин жыйындарында Уюштуруучулар кеңешинин жана Байкоочу кеңештин мүчөлөрүн каржылоо маселесин кароо.

**Аудитор** **П. С. Батиров**